458
459

Аң-сезим
# Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, робиул-аввал, робиус-сани, 1446-х. – октябрь-ноябрь, 2024-м.

Ал-Ваъй сөзү

Расулуллах ﷺдын туулган күнү бизден мурункулардын үрп-адаттарына амал кыла турган майрам эмес ал илахий окуяны эскерүү

Иран режиминин Ислам Умматына душмандыгы 32

Эл аралык мыйзамдын кулашы... «Эрежелерге негизделген эл аралык тартиб» Американын айла-амалы болуп эсептелет 37

«Акса ташкыны»... Келечек муун үчүн алмашу жана өзгөрүүлөр 13

Байтул Макдис чечүүчү согуш менен убада кылынган Халифалыктын ортосунда 20

Ислам Умматы Исламий шариятка амал кылуу менен эл аралык жана феминистик уюмдарды ээрчүү ортосунда 51

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

الوعي

458
459

Робиул-аввал, Робиус-сани. 1446-х.
октябрь-ноябрь. 2024м

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Расулуллах ﷺдын туулган күнү бизден мурункулардын үрп-адаттарына амал кыла турган майрам эмес, ал илахий окуяны эскерүү .................... 3

– «Акса ташкыны»... Келечек муун үчүн алмашу жана өзгөрүүлөр.....................13

– Байтул Макдис чечүүчү согуш менен убада кылынган Халифалыктын ортосунда ................................................20

– Газаны ойрон кылган яхудийлер жана саткын акимерге кыйроо болот.............27

– Иран режиминин Ислам Умматына душмандыгы ....................................32

– Эл аралык мыйзамдын кулашы жана ага таянган дүйнөнүн үмүтсүздүккө түшүүшү «Эрежелерге негизделген эл аралык тартиб» Американын айла-амалы болуп эсептелет ................................37

– Ислам Умматы Исламий шариятка амал кылуу менен эл аралык жана феминистик уюмдарды ээрчүү ортосунда.........................................51

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***....63

– ***Куръани Карим сабагында***.................67

– ***Бейиш бактары:*** «Түнү адамдар уктап жатканда намаз окугула, ошондо жаннатка кадыржам киресиңер»............................77

– ***Соңку сөз:*** Баскынчы (израиль) жаш балдарды уурдап, алардын үстүнөн тажрыйба өткөргөн..............................83

– Адам укуктары боюнча отчёт баскынчынын камактарындагы ырайымсыз кыйноолорду ачыктады .......................84

## НУСКА БААСЫ

| | |
|---|---|
| Ливан | 1000 лира |
| Яман | 30 риял |
| Түркия | 1 доллар |
| Пакистан | 1 доллар |
| Австралия | 2,5 доллар |
| Америка | 2,5 доллар |
| Канада | 2,5 доллар |
| Германия | 2,5 евро |
| Швеция | 15 крон |
| Бельгия | 1 евро |
| Британия | 1 евро |
| Швейцария | 2 франк |
| Австрия | 1 евро |
| Дания | 15 крон |

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

# РАСУЛУЛЛАХ ﷺДЫН ТУУЛГАН КҮНҮ БИЗДЕН МУРУНКУЛАРДЫН ҮРП-АДАТТАРЫНА АМАЛ КЫЛА ТУРГАН МАЙРАМ ЭМЕС, АЛ ИЛАХИЙ ОКУЯНЫ ЭСКЕРҮҮ

Аллах Мухаммад ﷺды расул жана набий кылып жөнөткөндөн баштап, ал затты бардык анбиялардын, рисаласын бардык рисалалардын акыркысы кылды:

﴿مَّا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَآ أَحَدٍ مِّن رِّجَالِكُمْ وَلَٰكِن رَّسُولَ ٱللَّهِ وَخَاتَمَ ٱلنَّبِيِّـۧنَ ۗ وَكَانَ ٱللَّهُ بِكُلِّ شَىْءٍ عَلِيمًا﴾

***«Мухаммад силердин араңардан бирээр кишинин атасы эмес, тескерисинче, ал Аллахтын Расулу жана пайгамбарлардын акыркысы. Аллах бардык нерсени билүүчү»*** [33:40]

Аллах Расулуллах ﷺды ак, кара, кызыл, сары түстүү бардык адамдарга пайгамбар кылып, ал кишинин рисалатын кыямат күнүнө чейин бүткүл дүйнөлүк рисала кылды. Аллах Таала айтты:

﴿وَمَآ أَرْسَلْنَٰكَ إِلَّا كَآفَّةً لِّلنَّاسِ بَشِيرًا وَنَذِيرًا﴾

***«****(Эй, Мухаммад)****, Биз сени шек-күмөнсүз, бардык адамдарга: кушкабар жеткирүүчү, эскертүүчү расул кылып жибердик»*** [34:28]

Бул дин кемчиликсиз жетик, турмуштун бардык шитерин өз ичине алган, жаркын аклий акыйдага негизделген абалда келди. Бул акыйда жаркын, күндүзгү күндөн да тунук, адашкан адамдар гана андан тайылат.

Мусулмандардын бардык турмуштук иштери туурасында шаръий мыйзамдар келген, алар бул жааттагы диний таалимдерге моюн сунууга буйрулушкан. Биринчи мусулмандан баштап кыяматка чейинки мусулман ага келген пайгамбар жана расулдан үлгү алуу, ал затты имам-жетекчи кылып, ал заттын сөздөрүн, амалдарын, ал тургай сүкүтүн үлгү кылуусу важиб. Алардын эң жакшысы – Расулуллах ﷺ анын ар бир турмуштук ишинде жана ар дайым аны менен бирге

жашаганы. Себеби, ал зат нурдуу чырак, эскертүүчү жана кушкабар берүүчү о.э. Роббисинен келген акыйкат менен умматтар үчүн күбөлүк берүүчү Пайгамбар. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ إِنَّآ أَرۡسَلۡنَٰكَ شَٰهِدٗا وَمُبَشِّرٗا وَنَذِيرٗا ۞ وَدَاعِيًا إِلَى ٱللَّهِ بِإِذۡنِهِۦ وَسِرَاجٗا مُّنِيرٗا﴾

***«Эй, Пайгамбар, чындыгында, Биз сени** (кыямат күнүндө бардык умматтар үстүндө) **күбөлүк берүүчү,** (момундарга бейиш тууралуу) **сүйүнчү кабар жеткирүүчү жана** (кафирлерди тозок азабынан) **эскертүүчү о.э. Аллахтын ызны-каалоосу менен Ал Затка даъват кылуучу жана** (Акыйкат Жолду көрсөтүүчү) **нурлуу чырак кылып жибергенбиз»*** [33:45-46]

Мусулмандар Расулуллах ﷺдын акыркы рисала үстүндөгү аманаткөйү, күбөлөрү жана халифалары болушу керек. Аллах Таала айтат:

﴿وَكَذَٰلِكَ جَعَلۡنَٰكُمۡ أُمَّةٗ وَسَطٗا لِّتَكُونُواْ شُهَدَآءَ عَلَى ٱلنَّاسِ وَيَكُونَ ٱلرَّسُولُ عَلَيۡكُمۡ شَهِيدٗاۗ﴾

***«Ушул сыяктуу силерди башка адамдар үстүндө күбө болушуңар жана Расулуллах силердин үстүңөрдө күбө болушу үчүн орто** (адилеттүү) **Уммат кылдык»*** [2:143]

Аллах Таала Умматты Расулуллах ﷺга моюн сунууга буйруп, укканда кулактарга жаккан, окуганда жана ой жүгүрткөндө жүрөктөрдү эргиткен ушул балагаттуу аяттарында баян кылды:

﴿وَمَآ أَرۡسَلۡنَا مِن رَّسُولٍ إِلَّا لِيُطَاعَ بِإِذۡنِ ٱللَّهِۚ﴾

***«Биз кайсы пайгамбарды жиберген болсок, Жалгыз Аллахтын уруксат-каалоосу менен ага моюн сунулсун!»*** [4:64]

﴿وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ﴾

***«**(Эй, момундар) **Расулуллах силерге тартуу кылган нерсени алгыла, ал зат силерди кайтарган нерседен кайткыла!»*** [59:7]

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤۡمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيۡنَهُمۡ ثُمَّ لَا يَجِدُواْ فِيٓ أَنفُسِهِمۡ حَرَجٗا مِّمَّا قَضَيۡتَ وَيُسَلِّمُواْ تَسۡلِيمٗا﴾

***«Жок, Роббиңе ант, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпестиктерде сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча жана сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча эч качан момун боло алышпайт»*** [4:65]

﴿وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلَا مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥٓ أَمْرًا أَن يَكُونَ لَهُمُ ٱلْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ ۗ وَمَن يَعْصِ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَٰلًا مُّبِينًا﴾

***«Аллах жана Анын пайгамбары бир ишти буюрган убакта бирер мумин жана мумина үчүн*** *(Аллахтын хукмун коюп)* ***өз иштеринде ыхтыяр кылуулары жаиз эмес, ким Аллах жана Расулуна күнөөкөр болсо, демек, ал анык адашуу менен адашыптыр»*** [33:36]

﴿وَٱلْمُؤْمِنُونَ وَٱلْمُؤْمِنَٰتُ بَعْضُهُمْ أَوْلِيَآءُ بَعْضٍ ۚ يَأْمُرُونَ بِٱلْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ ٱلْمُنكَرِ وَيُقِيمُونَ ٱلصَّلَوٰةَ وَيُؤْتُونَ ٱلزَّكَوٰةَ وَيُطِيعُونَ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥٓ ۚ أُو۟لَٰٓئِكَ سَيَرْحَمُهُمُ ٱللَّهُ ۗ إِنَّ ٱللَّهَ عَزِيزٌ حَكِيمٌ﴾

***«Момун эркек жана момун аялдар бир-бирине дос. Алар*** *(бири-бирин)* ***жакшылыкка чакырышат, жамандыктан кайтарышат, намазды толук аткарышат, зекетти беришет. Аллах жана Анын Расулуна моюн сунушат. Дал ошолорго Аллах ырайым кылат. Албетте Аллах кудуреттүү, даанышман»*** [9:71]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ ٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ وَقُولُوا۟ قَوْلًا سَدِيدًا ۝ يُصْلِحْ لَكُمْ أَعْمَٰلَكُمْ وَيَغْفِرْ لَكُمْ ذُنُوبَكُمْ ۗ وَمَن يُطِعِ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ فَقَدْ فَازَ فَوْزًا عَظِيمًا﴾

***«Эй, момундар, Аллахтан корккула жана туура сөздү сүйлөгүлө!*** *(Ошондо Аллах)* ***ишиңерди оңдойт жана күнөөңөрдү кечирет. Ким Аллахка жана Анын Расулуна моюн сунса, анда, ал улуу-чоң бактыга жетишет»*** [33:70-71]

﴿وَمَن يُطِعِ ٱللَّهَ وَٱلرَّسُولَ فَأُو۟لَٰٓئِكَ مَعَ ٱلَّذِينَ أَنْعَمَ ٱللَّهُ عَلَيْهِم مِّنَ ٱلنَّبِيِّـۧنَ وَٱلصِّدِّيقِينَ وَٱلشُّهَدَآءِ وَٱلصَّٰلِحِينَ ۚ وَحَسُنَ أُو۟لَٰٓئِكَ رَفِيقًا﴾

***«Кимде-ким Аллахка жана пайгамбарга итаат кылса, дал ошолор Аллахтын сыйлыктарына татыктуулар: пайгамбарлар, чыныгы ыйман ээлери, шахиддер жана жакшы амалдар менен өткөн кишилер менен бирге болушат. Алар эң жакшы шериктер»*** [4:69]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓا۟ أَطِيعُوا۟ ٱللَّهَ وَأَطِيعُوا۟ ٱلرَّسُولَ وَلَا تُبْطِلُوٓا۟ أَعْمَٰلَكُمْ﴾

***«Эй, момундар, Аллахка моюн сунгула! Пайгамбарга моюн сунгула! Жана иштериңерди бекер-бейпайда кылып койбогула!»*** [47:33]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِي ٱلۡأَمۡرِ مِنكُمۡۖ فَإِن تَنَٰزَعۡتُمۡ فِي شَيۡءٖ فَرُدُّوهُ إِلَى ٱللَّهِ وَٱلرَّسُولِ إِن كُنتُمۡ تُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِۚ ذَٰلِكَ خَيۡرٞ وَأَحۡسَنُ تَأۡوِيلًا﴾

***«Эй, момундар, Аллахка итаат кылгыла жана Расулга, өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***иш ээлерине итаат кылгыла! Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар — эгер чынында эле Аллахка жана акырет күнүнө ишенсеңер — ал нерсени Аллахка жана пайгамбарына кайтаргыла! Мына ушул жакшыраак жана көркөмүрөөк чечим»*** [4:59]

Расулуллах алып келген рисала – мусулмандар амал кылышы шарт болгон ар кандай амал зикр кылынган мукаммал рисала. Бул рисалада кимдир бирөө бирер жаңылык жаратышы харам болуп эсептелет. Расулуллах ﷺ:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ فَهُوَ رَدٌّ»

**«Ким биздин бул ишибизде анда болбогон бир жаңылык жаратса, анын амалы кабыл алынбайт»,** деген. Мусулмандар жашоодо жаңылык болсо, аны Исламга салып, хак-туура болуп чыкканын алышы керек. Алардын катарында Расулуллах ﷺды сүйүп, ал заттын фазлы-даражасын моюнга алып, мавлудун ар жылы белгилене турган майрам кылуу да Исламга салуу шарт болгон маселе.

Расулуллах ﷺдын туулган күнүн ар жылы майрамдоо Исламга жат. Себеби, Расулуллах ﷺ мусулмандарга эки майрамды: орозо жана курман айт майрамдарын айтты, ушул экөөсүнөн башкасын айткан жок, өзү да жашоосунда туулган күнүн майрамдабады. Расулуллах ﷺдан кийин эң жакшы кылым: сахабалар, табеиндер жана табаа тобеиндер кылымы келди. Алар да Расулуллах ﷺдын тууганын күнүн майрамдашкан жок, негизи, Расулуллах ﷺды ээрчүүдө эң алдыңкылар жана Расулуллах ﷺдын күбөлүгүнө ылайык ал заттан кийин эң жакшы кишилер ушулар эле. Себеби, алар динди ээрчүүгө умтулушту, динде жаңылыкты, сиратул мустакимден кымындай четке чыгууну кабыл алышпады. Эгер Расулуллах ﷺдын туулганын күнүн майрамдоо динде болгондо, дин ушуга буюрмак жана амал кылууга эң ылайыктуу, кылымдардын эң жакшысы болгон ошол мусулмандар ага амал кылышмак.

Расулуллах ﷺдын туулган күнүн майрамдоо христиандарды ээрчүүдөн жана таклид кылуудан келип чыккан. Христиандар

Ийса ﷺдын туулган күнүн майрамдашкан, мына ошондо кыйроо кылымындагы мусулмандарда да аларды таклид пайда болуп, Пайгамбар ﷺдын туулган күнүн майрамдоону көңүлдөрү каалады...

Ким муну кудум ушундай өлчөө менен алса, харам амалды кылган болот. Себеби, ал бул ишти кафирлерди ээрчип кылды. Расулуллах ﷺдын суннати мутаххарасында кафирлерди ээрчүүдөн кайтарган көптөгөн нусустар келген. Расулуллах ﷺ айтат:

«لَيْسَ مِنَّا مَنْ تَشَبَّهَ بِغَيْرِنَا»

**«Ким өзүн бизден башкаларга окшотсо, анда, ал бизден эмес».** (Тирмизий риваяты).

«وَمَنْ تَشَبَّهَ بِقَوْمٍ فَهُوَ مِنْهُمْ»

**«Ким өзүн бир коомго окшотсо, анда, ал ошолордон».** (Абу Давуд жана Ахмад риваяты). Яхудийлер Расулуллах жөнүндө «бул киши биздин эч бир нерсебизди калтырбай, албетте ага тескери иш кылат», дешкен. Абу Давуд Умму Саламадан риваят кылат, Расулуллах ﷺ ишемби жана жекшемби күнү орозо кармап, мындай деген:

«إِنَّـهُمَا يَوْمَا عِيدِ الْكُفَّارِ وَأَنَا أُحِبُّ أَنْ أُخَالِفَهُمْ»

**«Бул эки күн кафирлердин майрамы, мен аларга тескери амал кылууну каалаймын»**.

Бүгүнкү күндө мусулмандардын амалдары, алардын катарында майрамдоо, көчөлөрдү жарнактар жана ураандар менен кооздоо, музыкалык топтордун коштоосунда марштарды өткөрүү, майрамга таандык чырактар жагуу, көчөлөргө, үйлөргө жана жумуш жайларына декоративдүү плакаттарды илүү, мечит жана көчөлөрдө мавлуд окуу, ырларды ойлоп чыгарып, домбура чалып аларды ырдоо сыктуулар шариятта келбеген амалдар болуп эсептелет. Бул амалдарды акыйда кабылдабайт, тескерисинче, булар – Расулуллах ﷺдын ушул хадисинде келгендей – мурунку өткөндөрдү изме-из, кулачма-кулач ээрчүү:

«لَتَتَّبِعَنَّ سُنَنَ مَنْ كَانَ قَبْلَكُمْ شِبْرًا بِشِبْرٍ وَذِرَاعًا بِذِرَاعٍ، حَتَّى لَوْ دَخَلُوا جُحْرَ ضَبٍّ لَدَخَلْتُمُوهُ، قَالُوا: مَنْ يَا رَسُولَ اللهِ، الْيَهُودُ وَالنَّصَارَى؟ قَالَ: فَمَنْ؟»

**«Албетте силер өзүңөрдөн мурункулардын жолун сөөмгө-сөөм, кулачма-кулач ээрчийсиңер, ал тургай, алар**

**кескелдириктин ийинине киришсе, силер да ага киресиңер.** Сахабалар айтышты: “Я Расулуллах, алар кимдер, яхудийлер жана христиандарбы?”. Расулуллах ﷺ**: “Ким болмок”,** деп жооп берди**».**

Эгер биз бүгүнкү күндө Набий ﷺды урматтоону каалайсак, ал зат бизге суннат кылып берген жолдо жүрүшүбүз, бидъат жаратууга да, кафирлерге окшоого да өтпөшүбүз керек. Ко-ош, бизге Аллах Субханаху шариятта адамдардын саййиди жана анбиялардын акыркысы Мухаммад ﷺды урматтоону кантип белгилеген? Ал Расулуллах ﷺды урматтоо, ал затка ээрчүү менен болот жана буга Аллах Тааланын ушул аяттары далил:

﴿قُلۡ إِن كُنتُمۡ تُحِبُّونَ ٱللَّهَ فَٱتَّبِعُونِي يُحۡبِبۡكُمُ ٱللَّهُ﴾

***«****(Эй, Мухаммад)* ***айткын****:* ***«Эгер Аллахты жакшы көрсөңөр, мени ээрчигиле. Ошондо Аллах силерди жакшы көрөт»»*** [3:31]

﴿لَّقَدۡ كَانَ لَكُمۡ فِي رَسُولِ ٱللَّهِ أُسۡوَةٌ حَسَنَةٞ﴾

***«****(Эй, момундар)****, силер үчүн Аллахтын Расулунда чырайлуу үлгү бар»*** [33:21]

Ал затты урматтоо ал зат алып келген динге амал акылуу менен болот. Бул жөнүндө Расулуллах ﷺ айтты:

«تـَرَكْتُ فِيكُمْ مَا إِنْ تَـمَسَّكْتُمْ بِهِ لَنْ تَضِلُّوا بَعْدِي أَبَدًا: كِتَابَ اللهِ وَسُنَّتِي»

**«Мен силерге эгер аларды бекем кармасаңар менден кийин эч качан адашпай турган эки нерсеи калтырдым: Аллахтын Китеби жана Сүннөтүм».**

Мавлуд күнү келгенде, биз өзүбүздөн сурайлы: биз чынында эле Расулуллах ﷺдын манхажы боюнча бара жатабызбы, биз чынында эле сиратул мустакимдебизби же адаштыкпы? Андыктан, эгер ушул мавлуд ээсинин рисаласына кайдыгерлик кылган болсок, мавлуддун эч кандай кыйматы калбайт.

Мавлуд күнү келгенде, биз мойнубузда Мухаммад عليه السلامдын рисаласына ээрчишибиз жана бүткүл дүйнөнү жарык кылуу үчүн алып келген нурду ээрчишибиз зарылдыгын унутпайлы. Бул рисала ушул максаттарда келгенин билели:

– Рисала ар кандай заман жана мекендеги бардык адамдар үчүн келди:

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنِّي رَسُولُ ٱللَّهِ إِلَيۡكُمۡ جَمِيعًا﴾

***«Айткын*** *(эй, Мухаммад)****: «Эй адамдар, албетте мен силердин баарыңарга Аллах*** *(жиберген)* ***элчимин»*** [7:158]

– Бул рисала мурунку бардык шарияттарды бекер кылды:

﴿ٱلَّذِينَ يَتَّبِعُونَ ٱلرَّسُولَ ٱلنَّبِيَّ ٱلْأُمِّيَّ ٱلَّذِي يَجِدُونَهُۥ مَكْتُوبًا عِندَهُمْ فِي ٱلتَّوْرَىٰةِ وَٱلْإِنجِيلِ﴾

***«Алар ушундай наамын өз алдыларында Тауротто жана Инжилде жазылган абалда таба турган уммий пайгамбарды – элчибизди ээрчиген кишилер»*** [7:157]

– Бул рисала бардык нерселердин корутундусу:

﴿مَّا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَآ أَحَدٍ مِّن رِّجَالِكُمْ وَلَٰكِن رَّسُولَ ٱللَّهِ وَخَاتَمَ ٱلنَّبِيِّـۧنَ﴾

***«Мухаммад силердин араңардан бирээр кишинин атасы эмес, тескерисинче, ал Аллахтын расулу жана пайгамбарлардын акыркысы»*** [33:40]

– Мухаммад ﷺдын пайгамбарлыгынан кийин ал затка ыйман келтирүү фарз, ыйман келтирбөө тозокко алып баруучу куфр болду. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَن لَّمْ يُؤْمِنۢ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ فَإِنَّآ أَعْتَدْنَا لِلْكَٰفِرِينَ سَعِيرًا﴾

***«Ким Аллахка жана Анын Расулуна ыйман келтирбесе, анда албетте Биз андай кафирлер үчүн тозокту даярдап койгонбуз»*** [48:13]

О.э. адамдар, ар кандай адам кыямат күнүнө чейин ушул рисаланы ээрчүүгө буйрулду.

– Бул дүйнөдөгү бактысыздыктан ушул рисаланы ээрчүү менен кутулуу мүмкүн, аны ээрчибей коюу болсо, бул дүйнө жана ахырет бактысыздыгына алып барат. Аллах Таала айтат:

﴿فَمَنِ ٱتَّبَعَ هُدَايَ فَلَا يَضِلُّ وَلَا يَشْقَىٰ ۝ وَمَنْ أَعْرَضَ عَن ذِكْرِي فَإِنَّ لَهُۥ مَعِيشَةً ضَنكًا وَنَحْشُرُهُۥ يَوْمَ ٱلْقِيَٰمَةِ أَعْمَىٰ ۝ قَالَ رَبِّ لِمَ حَشَرْتَنِيٓ أَعْمَىٰ وَقَدْ كُنتُ بَصِيرًا ۝ قَالَ كَذَٰلِكَ أَتَتْكَ ءَايَٰتُنَا فَنَسِيتَهَا ۖ وَكَذَٰلِكَ ٱلْيَوْمَ تُنسَىٰ﴾

***«Анан, силерге Мен тараптан хидаят келгенде ким Менин хидаятымды ээрчисе, жолдон адашпайт жана бактысыз болбойт. Ким Менин эскертмемден баш тартса, анда, албетте ал үчүн тар-бактысыз турмуш болот жана Биз аны Кыямат күнүндө сокур абалда тирилтебиз». Ал: «Роббим, эмнеге мени көр кылып тирилттиң, мурун мен көрчү элем го», деди.*** (Аллах) ***айтты: «Ошондой. Сага Биздин аят-муъжизаларыбыз келгенде аларды унуттуң. Бүгүн сен да ошондой «унутуласың»»*** [20:123-126]

Расулуллах ﷺ айтат:

«تَرَكْتُ فِيكُمْ مَا إِنْ تَمَسَّكْتُمْ بِهِ لَنْ تَضِلُّوا بَعْدِي أَبَدًا: كِتَابَ اللهِ وَسُنَّتِي»

**«Мен силерге эгер аларды бекем кармасаңар менден кийин эч качан адашпай турган эки нерсени калтырдым: Аллахтын Китеби жана Суннатым».**

– Биз Расулуллах ﷺды Аллах Тааланын ушул аятына амал кылуу менен ээрчишибиз керек:

﴿قُلۡ إِن كُنتُمۡ تُحِبُّونَ ٱللَّهَ فَٱتَّبِعُونِي يُحۡبِبۡكُمُ ٱللَّهُ وَيَغۡفِرۡ لَكُمۡ ذُنُوبَكُمۡ﴾

***«Айткын** (эй, Мухаммад): **«Эгер Аллахты жакшы көрсөңөр, мени ээрчигиле. Ошондо Аллах силерди жакшы көрөт жана күнөөңөрдү магфират кылат»*** [3:31]

Мубарек мавлудду эскерүү күнү келгенде биз өзүбүзгө суроо берели: Уммат мавлуд набийден илхамданып, пайгамбарлардын саййиди алып келген нерселерге амал кылуу күч-кудурет жана улуулук ээлерине ыйлоо жана ырдоо менен эмес, ал зат алып келген нерселерди бекем кармоо менен болушун түшүнүшүнүн убагы келбедиби?! Уммат:

﴿كُنتُمۡ خَيۡرَ أُمَّةٍ أُخۡرِجَتۡ لِلنَّاسِ تَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَتَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَتُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ﴾

*«(Эй, Мухаммад умматы), **адамдар үчүн чыгарылган умматтардын эң жакшысы болдуңар. Анткени, силер маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер»*** [3:110]

деген аят ал жөнүндө экенин, Аллах алдында бүткүл дүйнөгө жооптуу экенин түшүнүп жетүүсүнүн убагы келбедиби?! Аллах Умматты орточо-адилеттүү Уммат кылды, Уммат адамдарга Исламды жеткиргенине күбөлүк берсин. Бул жөнүндө Аллах Тааланын ушул аяты бар:

﴿وَكَذَٰلِكَ جَعَلۡنَٰكُمۡ أُمَّةً وَسَطًا لِّتَكُونُواْ شُهَدَآءَ عَلَى ٱلنَّاسِ﴾

***«Ушул сыяктуу силерди башка адамдар үстүндө күбө болушуңар үчүн орто** (адилеттүү) **Уммат кылдык»*** [2:143]

Ошондуктан, Уммат дүйнөдөгү ушул жетекчилик деңгээлинен түшсө, ушул күбөлүккө кудуреттүү боло албайт. Ислам Умматы Мухаммад ﷺдын Умматына нусрат берген Зат учурда да нусрат берүүчү экенин түшүнүшүнүн убагы эчак келди. Аллах ушундай Зат, демек, Андан жардам сурагыла, албетте жардам берет, туура жол сурагыла, албетте туура жолго жетектейт, рушд-хидаят сурагыла, албетте аны көрсөтөт, себеби, Расулуллах ﷺдын жолу дагы эле ачык-айкын белгилүү.

Мусулмандардан Расулу акрам ﷺга ушундай мамиле кылуу талап кылынган т.а. ал заттын мавлудун ар дайым ибадаткулдук эскерүү катары күтүп алуу жана ахли китептердин жолуна ылайык майрам кылып албоо талап кылынат. Муну менен мавлуд кылуучу кишилерге акыйкат ачылат, күмөн ачыкталат.

Тарыхтагы окуяларды билүү, бул маселени Куръани Карим жана Суннати Набавийден үйрөнүп чыгуу мусулмандардын адатынан. Куръан бул жөнүндө Муса عليه السلامдын пайгамбар кылынышы жөнүндөгү аятта баян кылган:

﴿وَلَقَدْ أَرْسَلْنَا مُوسَىٰ بِآيَاتِنَا أَنْ أَخْرِجْ قَوْمَكَ مِنَ الظُّلُمَاتِ إِلَى النُّورِ وَذَكِّرْهُم بِأَيَّامِ اللَّهِ ۚ إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَآيَاتٍ لِّكُلِّ صَبَّارٍ شَكُورٍ﴾

***«Чынында эле, Биз Мусаны Өз аяттарыбыз менен жиберип** (ага мындай дедик): **Коумуңду** (куфр) **караңгылыгынан** (ыйман) **нуруна алып чыккын жана аларга Аллахтын ниъматтарын эстеткин! Албетте, мында ар кандай сабыр-канааттуу, шүгүр кылуучу адам үчүн аят-үлгүлөр бар»*** [14:5]

Расулуллах ﷺ мына ушундай позицияда турган. Расулуллах ﷺ ар дүйшөмбү күнү орозо кармаган, мунун себебин сурашканда:

«ذَاكَ يَوْمٌ وُلِدْتُ فِيهِ وَبُعِثْتُ فِيهِ»

**«Ал мен төрөлгөн жана мен Пайгамбар болгон күн»,** деп жооп берген (Муслим риваяты). Демек, Расулуллах ﷺдын мавлудун жана рисаласын орозо кармоо, эскерүү, Аллахка итаат кылуу жана шүгүр кылуу менен тосушубуз керек. Мына саййидибиз Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه хижраттын жана Мадинада Дарул Ислам тикеленишинин маанисин жеткендиктен хижрий таквимди хижраттан т.а. Ислам мамлекети тикеленип, Ислам мамлекети дүйнөгө жайыла баштаган жылдан белгиледи.

Булардан көрүнүп тургандай, Расулуллах ﷺдын мавлудун, пайгамбарлыгын, хижратын жана дүйнөдөн өтүшүн эскерүү Ислам шариятында талап кылынган. Бирок, бул шариятта көрсөтүлгөндөй аткарылышы керек т.а. эскерүү майрамдоо, Аллах эч кандай хужжат түшүрбөгөн адаттарды ойлоп табуу жана дин иштеринде ахли китептердин жолун кармануу эмес, ибадат кылуу, Аллах жана Расулуна итаат кылууга убада-шерт кылуу, Расулуллах ﷺдан үлгү алып, жолунда болуу менен аткарылат.

Берешен, кудурети чексиз Аллах Өзүнүн улуулугу менен, мусулмандарды Ага гана ыйман келтирүүнү буюрду. Куръанда айтылгандай Аллах жалгыз, бир жана эч кимге муктаж эмес, туубаган жана туулбаган, эч ким Ага тең болбогон. Ал мусулмандарды Расулуллах ﷺга – мусулмандар жалгыз ал кишиге итаат кылууга, жалгыз ал кишиден үлгү алууга о.э. Аллах ал кишини пайгамбар кылып жиберген жана маъсум кылган, ошондуктан, ага жиберилген рисаланы гана аткарат деп – ыйман келтирүүгө да буйруду. Куръан ал затка итаат кылууну бейиш жана улуу бакыт, итаатсыздыкты болсо тозок, ачык адашуу, амалдарды текке кетирүү деп баян кылды. Момундардын энеси Аиша رضي الله عنها Расулуллах ﷺды «Кулк-мүнөзү Куръан эле» деп сыфаттаган, кудум ушундай эле бардык турмуштук иштерде мусулмандардын да кулк-мүнөзү Куръан болушу керек. ❑

# «АКСА ТАШКЫНЫ»... КЕЛЕЧЕК МУУН ҮЧҮН АЛМАШУ ЖАНА ӨЗГӨРҮҮЛӨР

**Наср Файяз Абу Ибрахим**
**Мубарек Фалестин жери**

«Акса ташкыны», Газа жана Фалестин калкына кол салуу адамдарды катуу силкинтти, ой-сезимдерине ташкын пайда кылды, ташкын жүрөктүн түпкүрүнө жетип, көптөгөн өзгөрүүлөрдү жасады. Бул өзгөрүүлөрдүн таасири келечек муунга чейин жетет. Байкоочуну гана эмес, ар кандай акыл жүргүзгөн киши бул алмашуу жана өзгөрүүлөрдү көрүүдө. Ал тургай, өзгөрүүлөрдү Батыштын көз-кулагы болгон элчиликтери да байкашты. Элчиликтер өзгөрүүлөрдүн таасири бүткүл Уммат жаштарына т.а. Батыш батышташтыруу, бузуу жана мусулман шахсынын кадырын түшүрүү максатында бутага алган урпак-муундарга чейин жетип барышын камсыздоодо. Ушул себептен улам, АКШ жана Франциянын региондогу (мисалы, Оман, Мисир жана Иорданиядагы) элчиликтери ушул маселеде эскертүү жана кабатырларды билдире башташты. «CNN» кабар бергендей, АКШ президенти Жо Байден араб мамлекеттериндеги америкалык дипломаттардан Газа секторун ойрон кылып жаткан (израиль) согушун Вашингтон катуу колдоп-кубаттап жаткандыгы «араб калктарынын бүтүндөй бир муунуу Американы колдобой коюшуна алып келет» деген эскертүү алды. («Ал-Жазира», 2023-жыл, 10-ноябрь).

Ушундай эскертүү жана сигнал он француз элчисинен Франция президентине ички нота катары берилди. Мазмуну ачыкталбаган бул нотада элчилер Франция региондогу таасирин жоготуп жатканынан эскертип, нааразылык билдиришкен. Бул жагдай региондо жүз берип жаткан түпкү өзгөрүүлөрдөн кабар берип жаткандай. Биз бул алмашуу жана өзгрүүлөрдү ушул маселелер аркылуу карап чыгабыз: «Яхудий мамлекетине байланыштуу кризистер жана ыдыроо, дүйнөлүк даражада пайда кылган өзгөрүүлөр, Умматта пайда кылган өзгөрүүлөр.

**Яхудий вужудундагы стратегиялык кризис жана ыдыроо:**

1 – Бул вужуддун начарлыгы ачыкка чыкты жана 7-октябрдагы «алдын ала эскертүүгө, кайтарууга жана кескиндикке» негизделген коопсуздук стратегиясы кыйрап,

Газадагы мужахиддердин бекемдиги алдында анын аскерий жана коопсуздук үстөмдүгү кыйрады.

2 – 7-октябрдагы чабуул жана анын артынан бул маселени согуштук жол менен чечүү үчүн жарыяланган согуштун өз максатына жетпегени саясий жана экономикалык туруксуздукту күчөттү.

Бул көбүрөөк даражада яхудий мамлекетине терс таасирин тийгизип, яхудий армиясы туткундарды куткарууга да, түндүктөгү яхудий турак жайларынан көчүп кеткен яхудийлерди кайра алып келүүгө да кудуреттүү эмес деген фикир пайда болду о.э. мамлекет жана армияга ишенимсиздик пайда болду. Өз кезегинде, бул миллион же андан көбүрөөк яхудий калкын чет элге чыгып кетүү жана Батыш мамлекеттеринде жашоо үчүн паспорт алуусуна себеп болду. Мисалы, беш миң яхудий калкы паспорт алуу үчүн Германияга арыз тапшырган.

Башка тараптан, яхудий мамлекети ичинде карама-каршылык жана бөлүнүүлөр пайда болду. Аллах Таала айтат:

﴿وَأَلْقَيْنَا بَيْنَهُمُ ٱلْعَدَٰوَةَ وَٱلْبَغْضَآءَ إِلَىٰ يَوْمِ ٱلْقِيَٰمَةِ ۚ كُلَّمَآ أَوْقَدُوا۟ نَارًا لِّلْحَرْبِ أَطْفَأَهَا ٱللَّهُ ۚ وَيَسْعَوْنَ فِى ٱلْأَرْضِ فَسَادًا ۚ وَٱللَّهُ لَا يُحِبُّ ٱلْمُفْسِدِينَ﴾

***«Алардын араларына тээ кыямат күнүнө чейин жете турган кек-душмандыкты таштап койгонбуз. Алар** (сага каршы) **согуш жагышса, Аллах аны өчүрөт. Алар жерде бузукулук кылып жүрүшөт. Аллах бузуку адамдарды сүйбөйт»*** [5:64]

﴿لَا يُقَٰتِلُونَكُمْ جَمِيعًا إِلَّا فِى قُرًى مُّحَصَّنَةٍ أَوْ مِن وَرَآءِ جُدُرٍۭ ۚ بَأْسُهُم بَيْنَهُمْ شَدِيدٌ ۚ تَحْسَبُهُمْ جَمِيعًا وَقُلُوبُهُمْ شَتَّىٰ ۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَّا يَعْقِلُونَ﴾

***«Алар** (мунафык жана яхудийлер) **биргелешкен абалда, силер менен жалгыз калаа-коргондуу кыштактар ичинде** (бекинип) **же дубалдар артында гана согуша алышат. Алар өз араларында** (гана) **күчтүү-кубаттуу, аларды биримдиктүү деп эсептейсиң,** (бирок) **жүрөктөрү ар түрдүү. Буга себеп, алардын акылсыз коум экендиктери»*** [59:14]

3 – Яхудийлерде өз мамлекетинин чындыгын түшүнүштү. Т.а. яхудий мамлекети өзүн-өзү коргой албайт, бир тараптан малай араб мамлекеттеринен турган региондогу колдоочулардан, башка тараптан Батыш жана анын найзасы болгон АКШ сыяктуу эл аралык колдоочулардан күч албаганга чарасы жок, бул вужуд Батыштын Ислам дүйнөсүнүн

борборунда Батыштын пайдасына роль ойноп жаткан долбоор деген ишеним бекемделди. Бул жагдай яхудийлерди дүйнөдөгү башка мамлекеттердин жарандыгын алуу үчүн аракет кылууга үндөдү.

4 – Яхудий мамлекети ал Жакынкы Чыгыш регионундагы жалгыз демократиялык мамлекет экендигине, чар тарабын душмандар курчап алып, эл аралык колдоого муктаждыгына эми эч кимди ишендире албай калды. Тескерисинче, ал өзү четке кагылган жана мыйзам бузуучу мамлекетке айланып, жасап жаткан кылмышы жана геноциддери үчүн эл аралык соттор тарабынан куугунтукталууда.

**«Акса ташкыны» пайда кылган дүйнөлүк өзгөрүү:**

1 – Батышты да, эл аралык уюмдарды да, дүйнөлүк тартибти да, капиталисттик баалуулуктардын адам адам укуктары, балдар укугу, аялдар укугу сыяктуу мыйзам жана түзүмүн да, бардыгынын шермендеси чыкты. Булардын бардыгы курулай ураандар болуп, түпкүлүгүндө Батыш өзү зордукчул жана колонизатор экендиги ачыкка чыкты. Чынында Батыштын жалганы кыйрады, ахлак, баалуулук жана идеологияга тиешелүү борборун жоготту, алар суроо жана сындоолор астында калды. Ал тургай, айрымдар Батыш мамлекеттеринин яхудий вужудунун кылмыштарына жана геноцидине толук жардам берип жатканын көрүп, ага күмөн менен карап калышты.

2 – Бул Батыштын Украина менен Газа согушуна карата мамилесинде көрүнгөн мунафыктык жана эки жүздүүлүк стандарттар. Батыш мамлекеттери Газаны бүтүндөй ойрон болууга кептешти, яхудий вужудун болсо берилип коргошту, анын геноцид, кыргын жана башка бардык жырткыч аракеттерине көз жумуп, курал-жарак менен камсыздашты. Бул болсо, Батыш коомунда жана ал жердеги коомдук пикирде, ал тургай, дүйнөлүк коомдук пикирде, айрыкча, батыштык жаш муун арасында өзгөрүү пайда кылды. Коомдук пикирдеги өзгөрүү социалдык байланыш тармактарында, АКШ, Батыш жана дүйнө университеттеринде ачык-айкын көрүндү. Фалестин маселеси жана яхудий мамлекети жөнүндөгү жаштардын көз карашы өзгөрүп, яхудий мамлекети баскынчы жана текчил мамлекет, Газа калкын геноцид кылып жатат, Фалестин калкы болсо акыйкат ээлери жана басып алынган өз жеринин ээлери деген фикир жүзөгө келди. Бул нерсе жаштардын яхудий мамлекети жөнүндө жомокторду таратып

жаткан Батыштын маалымат каражаттарына ишенимдин жоголушуна себеп болду. Муну менен бирге, яхудийлер вужудун геноцид согушта колдоп-кубаттап жаткан батыштык расмийлер да ишенимин жоготушту. Бул ушундай бир чечүүчү өзгөрүш, анын жүзөгө келишине студенттер жана башка мусулмандардын сезимдери кошулган. О.э. бул – Аллахтын урухсаты менен – жакын келечекте, айрыкча, Ислам мамлекети тикеленгенде таяна турган өзгөрүү.

**Ислам Умматындагы, өзгөчө, жаш муундагы өзгөрүүлөр жана алмашуулар:**

1 – Акимдер кулады, аларды жаман көрүү жана жек көрүү күчөдү. Уммат Ислам урaанын көтөрүп чыгып жаткандарга да, өздөрүн “каршылык огу” деп жаткандарга да алданбай калды, себеби, алар согуштун биринчи күнү эле кулашкан.

Мурунку АКШ адмиистрациясынын Жакынкы Чыгыштагы тынчтык жараяны боюнча атайын өкүлү Дэннис Росс 2023-жылы 17-октябрда «Нью-Йорк Таймс» гезитине мындай деди: «Жалгыз (израиль) өзү Хамасты жеңишине ишеним жок. Акыркы эки апта ичинде мен региондогу көптөн бери тааныган араб расмийлери менен жолугуштум. Мага алардын баары Хамасты жок кылуу керектигин айтышты. Алар баса белгилегендей, эгер Хамас согушта жеңип чыкса, бул нерсе алар чакырып жаткан (израилди) таанытбоо идеясына кызмат кылат жана Иран менен анын шериктештерин колдоп-кубаттайт, региондогу режимдерди коргонуу абалына өткөрөт». («Кудсул Арабий», 2023-жыл, 30-октябрь).

Араб мамлекеттеринин акимдеринин жана расмийлеринин мындай шерменде позициясы араб саммиттеринде жана мусулман өлкөлөрүнүн конференцияларында ачыкталды. Бул конференцияларда исламий дүйнөнүн акимдери Уммат душмандарынын сабында турушканы ачыкка чыкты жана кресттүү яхудий согушу үстүндө ачыктан-ачык тил бириктиришкени, саясий демилге көрсөтүшкөнү ачыкталды. Бул саясий демилге яхудийлер согушта кыла албай жаткан ишти кылып берүүдө. Анын үстүнө бул демилге яхудийлерге кылмыштары үчүн сыйлык болууда. Демилгенин ээлери яхудий вужуд менен кайра мамилелерди нормалдаштыруу келишимин түзүүгө, толук экономикалык кызматташтык орнотуп, анын коопсуздугун камсыздоого жана регион мамлекеттеринин бирине айлантууга ар дайым даяр турушат.

2 – «Акса ташкыны» баскынчы вужуд менен бирге жашоого ыраазы болуу үчүн ондогон жылдардан бери тыгыштырылып жаткан фикирлерге жана түшүнүктөргө наразылык күчөттү жана бекемдеди. Алар яхудийлер менен тынч-бейпил кызматташып жашоо, регион мамлекеттерин ибрахимий дини менен байлоого чакыруу о.э. Батыштын илманий баалуулуктарынан келип чыккан гумандуу баалуулуктарга үгүттөө сыяктуу фикирлер жана түшүнүктөр кирет. Адамдар жана калктар арасында бул фикирлер жана түшүнүктөрдү үгүттөп жаткандар Батышка караштуу эл аралык жана жергиликтүү уюмдар болгон. «Акса ташкыны» себептүү ушул фикирлерге үгүттөгөндөр четке кагылган саткын жана малайга айланды.

3 – «Акса ташкыны» менен Газа согушу үмүтсүздүк жана түшкүндүк таасирин жок кылды. Кафирлер жасаган жана мунафыктар өнүктүргөн бул нерселер Умматтын көптөгөн уландарына таасир кылган. Бирок, бир топ эр жүрөк согушкерлер алдында армиянын кулашы мусулмандардагы яхудий мамлекетинин коргонуусу күчтүү деген ойду жокко чыгарды. Яхудийлер мусулман армиясы менен боло турган чыныгы согушка туруштук бере алышпайт, ошончо курал-жарактары аларга жакындашып келе жаткан азаттык армиясы менен кагылышкан согушта пайда бербейт деген ишенимди дагы да бекемдеди. Аллах Таала айтат:

﴿لَن يَضُرُّوكُمۡ إِلَّآ أَذٗىۖ وَإِن يُقَٰتِلُوكُمۡ يُوَلُّوكُمُ ٱلۡأَدۡبَارَ ثُمَّ لَا يُنصَرُونَ﴾

***«Алар силерге азар берүүдөн башка эч кандай зыян жеткире алышпайт. Эгер, силер менен согушса артына карап качышат. Кийин аларга*** *(эч ким тараптан)* ***жардам берилбейт»*** [3:111]

Бул шерменде кулоо акыркы он жылдыкта Ирак, Афганистан жана башка өлкөлөрүбүздөгү мусулмандардын каармандыктарынын эске салды жана Умматтын өзүнө ишенимин күчөттү о.э. душмандарга, карамүртөз күчтөргө, АКШ, Батыш жана башка кафир мамлекеттерге – куралдары канчалык күчтүү болушуна карабастан – каршы туруга кудуреттүү экендигине, Аллахтын тавфики жана жардамы менен нусратка жетишип, жер жүзүнүн чыгышынан батышына чейин кайра фатхтар башташына дагы да катуу ишенип баштады.

4 – Газа согушу Умматтын маңызын жана чыныгы күчүн көрсөттү. Газадагы окуялар бардык адамдарга жүрөктөрдө

орношкон ыйманды, ыйман талап кылган ал-вала вал-бараны (кимди дос тутуу жана кимди душман тутууну), жихад жана шахиддикке ашыгууну, Аллах Субханахуга тобокел кылып, жалгыз Андан жардам суроону, каза жана кадарга ыраазылык менен моюн сунууну, берешен, кудурети улуу Аллахтан ажр үмүт кылып, бекем-эрдик менен туруууну жана башка фикир жана түшүнүктөрдү Умматта аскадай бекем орношконун көрсөттү.

Ооба, ыйман өзүнүн тынчтыгы, түпкү көрүнүшү жана ишеничтүүлүгү менен кайгы жана капалык учурдагы абалы ушундай болгон Умматта таң калтыра турган көрүнүшдө көрүндү. Бул кысса жана жомоктордо гана учурайт. Өз кезегинде, бул көптөгөн батыштыктарды жүрөккө ушундай ыйманды жайгаштырган булакты табуу үчүн Куръанды үйрөнүүгө үндөдү.

Кафирлер Умматтагы жихад отун өчүрүүгө ушунча аракет кылышканына карабастан, дагы эле ал добулдап турат, мужахиддерди жок кылууга жана бул абалга чекит коюуга каратылган жырткыч согушка карабай, анын оту эч качан өчпөйт. Муслим риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ акыйкат айтты:

«لَنْ يَبْرَحَ هَذَا الدِّينُ قَائِمًا يُقَاتِلُ عَلَيْهِ عِصَابَةٌ مِنَ الْمُسْلِمِينَ حَتَّى تَقُومَ السَّاعَةُ»

**«Бул дин кыяматка чейин болот, ал үчүн ар дайым бир топ мусулмандар согушат»**. Имран ибн Хусайн Расулуллах ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«لاَ تَزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي يُقَاتِلُونَ عَلَى الْحَقِّ ظَاهِرِينَ عَلَى مَنْ نَاوَأَهُمْ حَتَّى يُقَاتِلَ آخِرَهُمُ الْمَسِيحَ الدَّجَّالَ»

**«Умматымдан бир топ акыйкатты коргоп согушат жана аларга каршы чыккандарды жеңишет, алардан акыркысы Масих Дажжалга каршы согушат».** (Абу Давуд сахих иснад менен риваят кылган).

Тыянактап айтканда, бул жана башка өзгөрүүлөр Уммат өз башынан өткөрүп жаткан үмүтсүздүк жана кыйроо абалын токтотууга түрткү болушу керек. Уммат, өзгөчө анын армиялары динге нусрат берүү жана жер жүзүндө Аллахтын өкүмүн тикелөө, мубарек жерге жана ал жердеги бечараларга жардам берип, алар үчүн өч алып, мубарек Акса мечитин азат кылуу сыяктуу өз милдетин аткаруу үчүн болгон күчү менен аракет кылуусу зарыл.

Яхудий мамлекетинин мынчалык кыйроо түшүп, геноцид жасап жатканы жана бул нерсе бүткүл дүйнөгө көрүнүп жатканы, шексиз, аны эл аралык масштабда жекелеп койду. Бул Уммат азаттыкка карап аракетке келгенде адамдар яхудий вужуду менен мамилени толук үзүшүнө себеп болот.

Яхудийлердин бул даражада бузгунчулук кылып жатканы, Аллах Өз алдынан аларды эң жаман азапка сала турган жана тамыры менен кулатып жок кыла турган пенделерен жиберишинен кабар берүүдө. Аллах Таала айтат:

﴿إِنۡ أَحۡسَنتُمۡ أَحۡسَنتُمۡ لِأَنفُسِكُمۡۖ وَإِنۡ أَسَأۡتُمۡ فَلَهَاۚ فَإِذَا جَآءَ وَعۡدُ ٱلۡأٓخِرَةِ لِيَسُـࣳۡٔوا۟ وُجُوهَكُمۡ وَلِيَدۡخُلُوا۟ ٱلۡمَسۡجِدَ كَمَا دَخَلُوهُ أَوَّلَ مَرَّةٖ وَلِيُتَبِّرُوا۟ مَا عَلَوۡا۟ تَتۡبِيرًا﴾

***«Эгер жакшы иштерди жасасаңар – өзүңөргө жакшылык кылган болосуңар, эгер жаман күнө иштерди жасасаңар да өзүңөр үчүн. Качан кийинки*** *(бузукулуктун)* ***убакыт сааты келгенде,*** *(алар дагы)* ***жүздөрүңөрдү кара кылуулары, абалкы ирет киргендери сыяктуу Масжидул*** *(Акса)****га кирип,*** *(аны тебелеп-тепсөөлөрү)* ***үчүн о.э. ээлеп алган*** *(бардык)* ***жерлерди ойрон кылуулары үчүн*** *(дагы душмандарыңарды силердин үстүңөргө жиберебиз)****»*** [17:7]

﴿وَإِنۡ عُدتُّمۡ عُدۡنَاۚ وَجَعَلۡنَا جَهَنَّمَ لِلۡكَٰفِرِينَ حَصِيرًا﴾

***«Эгер*** *(дагы бузукулукка)* ***кайтсаңар, биз да*** *(силерди жок кылууга)* ***кайтабыз. Биз кафирлер үчүн тозокту зындан кылып койгонбуз»*** [17:8]

Уммат, айрыкча жаштар өзгөрүү үчүн албетте козголушу, дарбазаларды ачып же сындырып, мойнуна жүктөлгөн фарзды аткарышына жол бербей жаткан тоскоолдукту жок кылышы керек, Аллах аны менен бирге жана ага нусрат берет. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓا۟ إِن تَنصُرُوا۟ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ﴾

***«Эй, момундар, эгер Аллахка*** *(Исламга)* ***жардам берсеңер, Ал да силерге нусрат-жардам берет жана*** *(согуш майданында)* ***кадамыңарды бекем кылат»*** [47:7] ❑

## БАЙТУЛ МАКДИС ЧЕЧҮҮЧҮ СОГУШ МЕНЕН УБАДА КЫЛЫНГАН ХАЛИФАЛЫКТЫН ОРТОСУНДА

**Рамзий Ражих**
**Яман вилаяты**

Аллах Субханаху ва Таала махлукатты жаратты, Өзү каалаган нерсесин каалаган кишилерине абзел кылып берди. Жер жүзүн жаратып, Байтул Макдис жана анын айланасын берекелүү жер кылып, Өз анбияларына жана салих пенделерине тартуу кылды. Байтул Макдис бүткүл тарыхта анбия عليه السلام дардын жашоосунда ыйманий борбор жана акыйкат үстүндө сабыр сыйлыгы болуп келди. Пайгамбарыбыз عليه السلام, ал зат менен бирге болгон садикиндер жана алардан кийинкилер үчүн да кудум ушундай абалда калды.

Хак Субханаху ва Таала Бани Исраилдин сабыры жана Муса عليه السلام аларга алып келген илахий аят-далилдерге ишенимдери үчүн аларды Байтул Макдиске жайгаруу менен сыйлады. Аллах Таала айтат:

﴿وَأَوۡرَثۡنَا ٱلۡقَوۡمَ ٱلَّذِينَ كَانُواْ يُسۡتَضۡعَفُونَ مَشَٰرِقَ ٱلۡأَرۡضِ وَمَغَٰرِبَهَا ٱلَّتِي بَٰرَكۡنَا فِيهَاۖ وَتَمَّتۡ كَلِمَتُ رَبِّكَ ٱلۡحُسۡنَىٰ عَلَىٰ بَنِيٓ إِسۡرَٰٓءِيلَ بِمَا صَبَرُواْۖ وَدَمَّرۡنَا مَا كَانَ يَصۡنَعُ فِرۡعَوۡنُ وَقَوۡمُهُۥ وَمَا كَانُواْ يَعۡرِشُونَ﴾

***«Бул жердин Өзүбүз берекелүү кылган чыгыш жана батыштарына бечара коумду*** *(Бани Исраилди)* ***мураскор кылдык. Сабыр кылгандыктары себептүү Бани Исраилге Роббиңдин көркөм сөздөрү толук болду. Фиръавн жана анын коуму куруп алган имараттарды жана бийик кылып көтөргөн хакн сарайларды болсо кыйраттык»*** [7:137]

Лут عليه السلام менен Ибрахим عليه السلام акыйкат жана ыйманда бекем тургандыгы үчүн аларды Байтул Макдиске жайгаруу менен сыйлады. Аллах Таала айтат:

﴿قُلۡنَا يَٰنَارُ كُونِي بَرۡدٗا وَسَلَٰمًا عَلَىٰٓ إِبۡرَٰهِيمَ ۝ وَأَرَادُواْ بِهِۦ كَيۡدٗا فَجَعَلۡنَٰهُمُ ٱلۡأَخۡسَرِينَ ۝ وَنَجَّيۡنَٰهُ وَلُوطًا إِلَى ٱلۡأَرۡضِ ٱلَّتِي بَٰرَكۡنَا فِيهَا لِلۡعَٰلَمِينَ﴾

***«Биз айттык: Эй, от, сен Ибрахим үчүн салкын жана аман бол!». Алар*** *(Ибрахимге)* ***айла кылмакчы болушту*** *(аны өрттөп жибермекчи болушту).* ***Биз болсо алардын өздөрүн көбүрөөк зыян көрүүчү кылып койдук. Дагы аны, ошондой эле Лутту куткарып*** *(аларды)* ***Биз бардык адамдар үчүн мубарек кылган жергесине*** *(жибердик)»* [21:70-71]

Ислам рисаласы келгенден кийин Хак Субханаху ва Таала саййидибиз Мухаммад ﷺды Куддус Шарифке исра-сейил кылдырып, ал жердеги мубарек Акса мечитинен бийик асманга миъраж кылдыруу менен сый көрсөттү. Мына ошондо Байтул Макдис Расулуллах ﷺ үчүн Роббисинин улуу аят-далилдерин көргөн ыйманий борбор жана мурунку жахилият күрөштөрү алдында сабыр-кайраты үчүн сыйлыкка айланды. Аллах Таала айтат:

﴿سُبۡحَٰنَ ٱلَّذِيٓ أَسۡرَىٰ بِعَبۡدِهِۦ لَيۡلٗا مِّنَ ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡحَرَامِ إِلَى ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡأَقۡصَا ٱلَّذِي بَٰرَكۡنَا حَوۡلَهُۥ لِنُرِيَهُۥ مِنۡ ءَايَٰتِنَآۚ إِنَّهُۥ هُوَ ٱلسَّمِيعُ ٱلۡبَصِيرُ﴾

***«****(Аллах)* ***бир түнү, Өз пендесин*** *(Мухаммад)****ды — ага аят-мужизаларынан көрсөтүү үчүн Масжидул Харамдан Биз айланасын берекелүү кылып койгон Масжидул Аксага сейил кылдырган*** *(бардык айып-кемчиликтен)* ***аруу Зат. Чындыгында, Ал угуучу, көрүүчү»*** [17:1]

Андан кийин Аллах Таала мусулмандарды Расулуллах ﷺдын сахабаларынан болгон рошид халифалар заманында Байтул Макдисти жана анын айланасын фатх кылуу менен сыйлады. Бул аларга акыйкат үстүндө бекем турушканы, Роббинин динине калыс амал кылып, Анын жолунда жихад кылып, Аллах үчүн жемелөөчүнүн жемесинен коркпогону үчүн сыйлык болду. Мына ошондо алар Аллахтын ыйык жеринде бекем туруунун сыйлыгын кабыл алууга татыктуу болушту.

Аллах Табарака ва Таала замандын акырында Байтул Макдис калыс момундар үчүн сыйлык болушун жана бул Байтул Макдисте тикелене турган, убада кылынган Халифалык мамлекети менен ишке ашышын кабар берди. Бул Хузайфа ибн Ямандын Расулуллах ﷺдан риваят кылган:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

**«Кийин Пайгамбарлык минхажы негизинде Халифалык болот»,** деген хадисинде келди. Дагы бир хадисте Халифалык түшүрүлө турган жер да белгилеп берилди: Расулуллах ﷺ айтат:

«يَا ابْنَ حَوَالَةَ، إِذَا رَأَيْتَ الْخِلَافَةَ قَدْ نَزَلَتْ الْأَرْضَ الْمُقَدَّسَةَ فَقَدْ دَنَتْ الزَّلَازِلُ وَالْبَلَايَا وَالْأُمُورُ الْعِظَامُ، وَالسَّاعَةُ يَوْمَئِذٍ أَقْرَبُ إِلَى النَّاسِ مِنْ يَدَيَّ هَذِهِ مِنْ رَأْسِكَ»

**«Эй, Ибн Хавала, эгер Халифалык Ыйык Жерге түшкөнүн көрсөң, анда, зилзалалар, балээ-сыноолор жана**

**үлкөн иштер жакындашкан болот, ал күндө кыямат күнү адамдарга бул колумдун башыңарга жакындыгынан да жакын болот».** (Ахмад муснадында риваят кылган).

Ибн Асакир тарыхында Набий ﷺдан риваят кылган хадисте ал зат айтты:

**«هَذَا الْأَمْرُ كَائِنٌ بِالْمَدِينَةِ، ثُمّ بِالشّامِ، ثُمّ بِالْجَزِيرَةِ، ثُمّ بِالْعِرَاقِ، ثُمّ بِالْمَدِينَةِ، ثُمّ بِبَيْتِ الْمَقْدِسِ، فَإِذَا كَانَتْ بِبَيْتِ الْمَقْدِسِ فَثَمّ عُقْرُ دَارِهَا، وَلَا يَخْرُجُ مِنْ قَوْمٍ فَيَعُودُ إِلَيْهِمْ»**

**«Бул иш албетте Мадинада болот, кийин Шамда, кийин Араб жарым аралында, кийин Иракта, кийин мадина-шаарда, кийин Байтул Макдисте болот. Качан Байтул Макдисте болсо, андан кийин анын борборуна келип, ушул коумдон ары өтпөйт, аларга кайтат».** Хадистеги мадина Константинополь болуп, Расулуллах ﷺдын бул хадисине таандык: Кайсы шаар биринчи фатх болот; Константинополбу же Румбу? деп сурашты. Расулуллах ﷺ айтты:

**«مَدِينَةُ هِرَقْلَ تُفْتَحُ أَوَّلًا، يَعْنِي قُسْطَنْطِينِيَّةَ»**

**«Ираклий шаары биринчи фатх болот т.а. Константинополь».** (Имам Ахмад риваяты).

Исра сүрөсүнүн аяттарында келген ушул башараттарды бүгүн Хашим Газасында көзүбүз менен көрүп жатабыз. Бул башараттар бизге яхудийлер Байтул Макдисте жок болору, момундар Расулуллахтын сахабаларынан алгачкы рошид Халифалык заманында болгондой, дагы Акса мечитине кириши жөнүндө күбөлүк берүүдө. Аллах Таала айтат:

﴿إِنْ أَحْسَنتُمْ أَحْسَنتُمْ لِأَنفُسِكُمْ ۖ وَإِنْ أَسَأْتُمْ فَلَهَا ۚ فَإِذَا جَاءَ وَعْدُ الْآخِرَةِ لِيَسُوءُوا وُجُوهَكُمْ وَلِيَدْخُلُوا الْمَسْجِدَ كَمَا دَخَلُوهُ أَوَّلَ مَرَّةٍ وَلِيُتَبِّرُوا مَا عَلَوْا تَتْبِيرًا﴾

*«**Эгер** (ошондон кийин) **жакшы иштерди жасасаңар – өзүңөргө жакшылык кылган болосуңар, эгер жаман күнө иштерди жасасаңар да өзүңөр үчүн. Качан кийинки** (бузукулуктун) **убакыт сааты келгенде,** (алар дагы) **жүздөрүңөрдү кара кылуулары, абалкы ирет киргендери сыяктуу Масжидул** (Акса)**га кирип,** (аны тебелеп-тепсөөлөрү) **үчүн о.э. ээлеп алган** (бардык) **жерлерди ойрон кылуулары үчүн** (дагы душмандарыңарды силердин үстүңөргө жиберебиз)**»*** [17:7]

Бул аят азыркы замандагы момундардын сыйлыгы болгон экинчи рошид Халифалык Байтул Макдиске түшүшүнө көз ачып жумганчалык же андан да азыраак убакыт калганынын

кушкабарын берүүдө. Чечүүчү согуш менен убада кылынган ушул Халифалык мамлекетинин ортосунда болгону бир позиция калды, ал да болсо, күч-кубат колдорунда болгон токтом ээлеринин башкаруу байъатынын позициясын карманышы. Пайгамбарлык минхажына негизделген Халифалык көлөкөсүндөгү бир күн бардык азап-кыйынчылыктардын заматта жок болушу үчүн жетиштүү.

Баса белгилеп айтсак, убада кылынган рошид Халифалык сунуш хукмусуз убаданын өзү эмес! Ал улуу фарз жана фарздардын таажысы о.э. мусулмандардын жогорку вазыйпаларынын биринчи кезекте турган тагдырий маселеси!

Душмандарыбыз Халифалык мусулмандар үчүн канчалык маанилүү экендигин тарых тажрыйбаларынан жакшы билишет. Ошондуктан алар Халифалык мамлекетин кулатууга болгон күчтөрүн жана ыплас ыкмаларын жумшашты жана 1924-жылы 3-мартта аны кулатышты. Эгер арабдар жана түрктөрдүн саткындыгы о.э. Уммат миладий XVIII кылым ортолорунан баштап туш болгон фикирий сенектик болбогондо, душмандар мындай кыла алышпайт эле. Өз кезегинде, бул нерсе малай акимдерге Умматтын сезимдери менен ойношууга чөйрө даярдады жана фикирий сенектик акыбетинде туйгусуздук узак убакыт созулду. Анткени, фикирий сенектик себептүү Уммат перзенттеринен болгон адамдар жана топтор начар фикирлеп калды. Малай акимдер жана жалданган режимдердин начар фикирлешин айтпаса да болот, себеби, кафир кожоюндарына моюн сунуп, Умматты адаштырууда негизги роль ойногондор ушул өкүмдарлар болот!

Аллах Таала айтат:

﴿يُرِيدُونَ لِيُطۡفِـُٔواْ نُورَ ٱللَّهِ بِأَفۡوَٰهِهِمۡ وَٱللَّهُ مُتِمُّ نُورِهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***«Алар Аллахтын нурун*** *(Исламды)* ***ооздору менен өчүрмөкчү болушат, Аллах болсо,*** *(кафирлер)* ***каалашпаса да, Өз нурун толук жаюучу»*** [61:8]

Ооба, Расулуллах ﷺ курган долбоорду өчүрүү таптакыр мүмкүн эмес дегенге акылуубуз! Силер Халифалык мамлекети тикелөөдө дал Расулуллах ﷺдын жолун бекем карманып, анын долбоорун даярдаган Хизб-ут-Тахрирди билсеңер керек? Алгачкы ирет 1953-жылы мубарек Фалестин жериндеги Байтул Макдисте түзүлгөн ушул мужаддид-жаңылоочу Хизб жөнүндө кабарыңар бар?! Ал дагы эле өз даъватын ачык алып барып, идеологиясында аң-сезимдүү,

тарыйкатын жакшы билген жана маселесин өздөштүрүп алган хизб болуп, түзүлгөн күндөн бери туйгуга берилбей, бекем аракет кылып келүүдө. Мабдасы Ислам, аракети саясат болгон бул хизбдин максаты Исламий Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу исламий жашоону кайрадан баштоо болуп, өз фикирлеринде, раъйларында, өкүмдөрүндө жана позицияларында Исламдан азыктанат. Хизб-ут-Тахрир өз максатына жетүү үчүн исламий жашоо жана Исламий Халифалык мамлекети жөнүндө мыкты жана жетик элести пайда кылды. Алар Хизбдин сакафатында жана баракчаларында бар, Исламда экономика түзүмү, Исламда ижтима түзүмү, Исламда башкаруу түзүмү китептеринен о.э. Исламда таалим саясаты, мамлекет формасы жана анын ички-тышкы саясий жихазы темаларынан жана башка толук Ислам жашоосун тикелөө үчүн зарыл болгон көптөгөн темаларынан табуу мүмкүн.

Хизб өзү жаратмакчы болуп жаткан вакиъликти мына ушундай өтө тунук элестетиши менен эң улуу Исламий долбоордун элесин сунуштап жатат. Мындай долбоор майданда аракет кылып жаткан башка исламий жамааттарда, кыймылдарда жана хизбдерде жок, себеби, аларда мындай тафаккур жок. Алар фикраты саяз, тарыйкаты импровизация болгон ураандар о.э. заманбап вакиъликтен таасирленген түшүнүктөрдөн башка нерсе сунуштай алышпаган, бири-бири ортосунда карама-каршылыктар көрүнгөн. Алардан айырмаланып Хизб-ут-Тахрир Китеп жана Сүннөттөн о.э. алар далалат кылган сахабалар ижмасы жана шаръий кыяс аркылуу исламий жашоо жана Ислам мамлекети туурасында толук элести пайда кылды.

Акыйкатты айтканда, бүгүнкү күндө Умматтын жолу Хизб-ут-Тахрирдин жолу болуп турат, себеби, ал Умматка Роббисинин долбоору менен жетекчилик кылууда. Бул Расулуллах ﷺ тикелеген имараттын устундарына негизделди. Ушул устундар ар кандай фикирдин фикирий эрежеси болгон акыйда, Ислам системасын колдонуу үчүн жалгыз тарыйкат болгон Ислам мамлекети о.э. Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө алып чыгуунун жалгыз шаръий жолу болгон жихад.

Ушул үч устун: акыйда, халифалык жана жихад, бул Хизбдин Уммат арасындагы долбоору бышып жетилүү жараянынын жемиши.

Хизб-ут-Тахрир ушундай узун жолду басып өттү, Уммат бул жолдо кайра мактоого ылайыктуу болду. Ушул узун жолдо Уммат катуу силкинүүнү башынан өткөрдү жана жүз берген окуялар малай акимдердин чыныгы жүзүнө каршы Умматтын аклий туйгусун ойготту. Мисалы, «Акса ташкыны» окуясы аркылуу мусулмандар улуттук чегараларды бузуу жана өкүмдар режимдерди кулатуу өтө маанилүү экенин, себеби, Уммат Хашим Газадагы жана жалпысынан Фалестиндеги калкка нусрат берүү милдетин аткарууга тоскоолдук кылып жаткандар ушул акимдер экенин түшүнүп жетти. Ушул жерде Уммат Байтул Макдиске түшүшү убада кылынган рошид Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу Исламды үстөм кылуу үчүн өз армияларындагы калыс адамдардан нусрат талап кылуу үчүн Хизб менен байланыша баштады. Мусулмандардын даярдыгы жана Исламий Халифалык үчүн аракет кылып жаткандар толкунданып, алардын айланасында биригүү болуп көрбөгөндөй күчөдү. Себеби, алар акимдердин жалганына алданышпай калды.

О.э. аларга Ислам Умматына өзгөрүү жана ойгонуу жолунда ашыкча жүк болуп жаткан партиялардын фикирлери да жардам бербеди. Себеби, бул партиялардын фикирлери Умматтын азыркы вакиълигине туура келбей, шамалга учуп жок болду. Негизи, бул партиялардын Умматка таасирин жоготушу табигый эле, себеби, алардын идеясы кыйраган, долбоорлору жараксыз болуп, түпкүлүгүндө аларда исламий долбоор бүтүндөй жок!

Биз Хизб-ут-Тахрирди ээрчип, анын жакшы жетекчи экенине күбө болдук жана бизге тартуу кылган сунуштары туура жана бекем экенине толук канааттандык. Биз эми бүткүл мубарек Фалестин жеринде Хашим Газанын эр-жүрөк баатырларынын жетекчилигиндеги чечүүчү согушту акырын чыгаруу үчүн Уммат армияларын аракетке келтирүү үчүн Уммат перзенттерин Хизбди өз кучагына алуусуна жана аны менен биргеликте Пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи рошид Халифалык мамлекетин тикелөөгө бүткүл

Уммат перзенттерин чакырып жатабыз. Ушул мамлекет жогоруда:

«فَثَمّ عُقْرُ دَارِهَا، وَلَا يَخْرُجُ مِنْ قَوْمٍ فَيَعُودُ إِلَيْهِمْ»

**«... Качан Байтул Макдисте болсо, андан кийин анын борборуна келип, ушул коумдон ары өтпөйт, аларга кайтат»,** деп келгендей убада кылынган мамлекет болуп, акыр заманда Рахман Роббибиздин бере турган сыйлыгы. Андыктан, ушул фазилет жана сыймыкка ылайыктуу болгула, оо, Ислам Умматынын асыл адамдары! ❑

# ГАЗАНЫ ОЙРОН КЫЛГАН ЯХУДИЙЛЕР ЖАНА САТКЫН АКИМЕРГЕ КЫЙРОО БОЛОТ

**Абдулхаким Усман**
**Хизб-ут-Тахрирдин Малайзиядагы расмий сүйлөөчүсү**

Мусулмандар Рамазан жана Айтты Халифалык мамлекетисиз белгилешкенине бул жылы жүз жыл болду. Ушул эки мубарек майрамды Ислам Умматы, айрыкча мубарек жерде жашаган мусулмандар капалык менен өткөрүштү. Рамазан рухий ай болушу менен бирге, шексиз мусулмандар үчүн нусраттар айы дагы. Исламий тарых 13 кылымдан ашуун убакыт ушул Умматтын согуш жана хазарат тармагында көптөгөн ийгиликтерге жетишкенин алтын тамгалар менен жазып калтырган о.э. бул ийгиликтердин көпчүлүгү Рамазан айында болгон.

Бул жылдагы Рамазан айы Газа мусулмандарынын канкор яхудийлер тарабынан кыргын кылынганына, исламий өлкөлөрдүн акимдери аларга жардам бербегенине күбө болду. Кудум «өлүктөргө» айланышкан бул акимдер ал тургай Исламдын ыйык айда да кыймылдабай, армияларын казармаларында кармап турушту.

Уммат жүз жыл мурун өз калканынан айрылгандан тартып коргоосуз жашады, болуп көрбөгөн ар түрдүү азап-кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. Халифалык кулатылган күндөн баштап бүгүнкү абалга чейин Фалестин көптөгөн кыргындарды башынан өткөрдү.

Яхудийлер Газада ушунча кыргын кылышканына карабастан – Аллахтын урухсаты менен – жеңишке жете алышпады. Туура, алар Газа тарыхында кыйроолордун эң чоңун кылышты, бирок, Ислам жана анын калкын ойрон кыла алышпады. Курал-жараксыз, башбаанексиз, жетиштүү азык-түлүксүз Газа калкы дагы эле кайраттуу турушат, яхудийлер болсо максатына жете албай жатышат.

Түпкүлүгүндө, яхудийлер алсыз жана коркок, инша Аллах, жеңишке жете алышпайт. Алар Газаны талкаласак, максатыбызга жетебиз деп ойлошту, бирок вакиъликте жеңилишүүдө. Алар жасап жаткан кылмыштар, жырткычтык жана кыргындар – Аллахтын урухсаты менен – аларды бүтүндөй кыйроого алып бара жатат.

Яхудийлер Газадагы мусулмандарды кыргын кылууда башка мамлекеттерден жана куфр калктарынан колдоо алабыз деп

ишеништи. Айрым карамүртөз акимдер аларды колдоп жатышкан болсо да, бирок акыркы жети ай ичинде кайрыисламий өлкөлөр жана жетекчилер Газа жана анын калкын колдоп-кубаттагына күбө болдук. Дүйнө жүзүндөгү кайрымусулман калктар демонстрацияларды уюштурушуп, Фалестинди колдорун билдиришти. Мурун мындай таптакыр болбогон.

Эң таң калычтуусу, тарыхта яхудий мамлекетин колдоп келген мамлекеттер ага далын салып, экиленбестен жана коркпостон Фалестинди жана анын калкын колдоп-кубаттады. Кайрыисламий өлкөлөрдө, ал тургай Америкада өтө көптөгөн адамдардын Фалестинди колдогону, яхудийлерди каралаганы мурун таптакыр болбогон. Бул кандай да ажайып муъжиза!

Ошол эле учурда, кайрымусулман кишилер, алардын катарында белгилүү адамдар да канкор яхудийлер Газа калкынын үй-бүлөлөрүн кыргын кылып, үй-жайларын ойрон кылганына карабастан алар чырайлуу ыйманда бекем турушканынан илхамданып, өз ишенимдерин Ислам ишенимине өзгөртүштү. Бул окуяны Аллах Субханаху ва Тааланын ушул аяты сүрөттөп турат:

﴿وَيَمۡكُرُ ٱللَّهُۖ وَٱللَّهُ خَيۡرُ ٱلۡمَٰكِرِينَ﴾

*«(Яхудийлер)* ***айла-амал кылышты, Аллах да «айла-амал» кылды, Аллах «айлакерирээк»»*** [3:54]

Ооба, яхудий вужуду Газа калкына каршы жасаган кыргындар жана ойрондулуктар алар эң үрөй учурган кылмыш жасашканын көрсөттү, муну менен бирге алар абдан коркок жана жырткыч экендиги, андайлар тарыхта болбогону да белгилүү болду.

Яхудийлердин болгон күчү менен чабуулдарды улантышына, Кошмо Штаттардан түрдүү курал-жарактар менен жардам алышына карабастан, Газадагы мусулмандар куралсыз жана алсыз болуп туруп Аллахтын каалоосу менен нажат таап, күчтүү абалда калышты. Субханаллах, деги, бул, яхудийлердин Газада эч качан жеңишке жете албасына далил эмеспи?!

Түпкүлүгүндө, көптөгөн отчётторго ылайык, миңдеген яхудий аскерлери Газадагы чабуулдар себептүү оор стресс жана рухий оорудан азап тартышууда. Көпчүлүгү аскерий кызматты таштап, жарандык жашоого кайтып жатышат. Белгилүү болгондой, алардын бир бөлүгү согуш себептүү стресске кабылып уйкусуздукка туш болушкан.

2024-жылдын апрель айынын баштарында дүйнө миңдеген яхудийлер Тель-Авивде демонстрация уюштурушуп, согушта ийгиликсиздикке учураганы үчүн Беньямин Нетаняхунун отставкасын талап кылышканына күбө болду. Яхудий вужуду ички да, тышкы да басымга учурап жатканы анык.

Яхудийлер Газаны ойрон кылуу үчүн болгон нерселерин жумшап, жетишкен натыйжасы мына ушундай кордук жана өкүнүч болду. Ахиретте болсо мындан да жаман акыбетке учурашат:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ يُنفِقُونَ أَمْوَٰلَهُمْ لِيَصُدُّواْ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِۚ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيْهِمْ حَسْرَةً ثُمَّ يُغْلَبُونَۗ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ إِلَىٰ جَهَنَّمَ يُحْشَرُونَ﴾

***«Албетте, кафирлер байлыктарын Аллахтын жолунан тосуу үчүн иштетишет. Анан, аны сарпташат го, кийин ошол** (байлыктары) **өздөрүнө өкүнүч болот, кийин жеңилишет. Кафирлер жаханнамга топтолушат»*** [8:36]

Алардын Газадагы чабуулу эбак эле тескери натыйжа бергени жана үрөй учурган түшкө айланганы анык. Мунун баары Аллах Субханаху ва Тааланын жардамы менен болду. Аллах Субханаху ва Таала Өз душмандарын жеңип, пенделерин үстөм кылууну биз күтпөгөн жолдор менен ишке ашырат. Яхудийлер Аллах аларды аста-секин, бирок, толук ойрон кылышын түшүнбөй жатышат.

Бул абал исламий өлкөлөрдүн акимдерине да тиешелүү. Алар учурда өз тактыларында ырахат алып, дүйнө байлыктарына берилишкен. Алар яхудийлердин боордошторубузга каршы геноцид жана ойрондулуктарын эч нерсе кылбай тамаша кылып жатышат. Түпкүлүгүндө, муну менен алар Аллах Субханаху ва Тааланын алдында өздөрүн кыйратышууда. Себеби, алар Аллахка, Расулуна жана момундардын аманатына кыянат кылышууда. Алар яхудийлерден айырмасыз түрдө Аллах Таала аларды Өз азабы менен жок кылуудан мурун бир аз мөөнөт берип койгонун түшүнбөй жатышат. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا تَحْسَبَنَّ ٱللَّهَ غَٰفِلًا عَمَّا يَعْمَلُ ٱلظَّٰلِمُونَۚ إِنَّمَا يُؤَخِّرُهُمْ لِيَوْمٍ تَشْخَصُ فِيهِ ٱلْأَبْصَٰرُ﴾

***«Сен – Аллах залим кимселердин кылып жаткан иштеринен кабарсыз, деп ойлобо! Аллах аларды***(н жазаларын) ***көздөр*** (коркунучтан) ***катып кала турган*** (коркунучтуу кыямат) ***күнүнө гана калтырууда»*** [14:42]

**Эй, мусулмандар!**

Билип койгула, Газадагы кыргындар биз тигил саткын акимдердин ордуна бир халифанын келишине канчалык муктаж экендигибизди көрсөттү. Хизб-ут-Тахрир 70 жылдан бери күнү-түнү тыным жана чарчоо билбестен аракет кылууда. Анын аракети ушул мамлекетте же сыртта Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыкты тикелөө аркылуу исламий жашоону кайрадан баштоого багытталган. Халифалык тикелениши менен Газаны жана бүткүл мубарек Фалестин жерин, дүйнө жүзүнүн чыгыш жана батышындагы басып алынган бардык исламий жерлерди азат кылуу үчүн кечиктирбей жана экиленбей армияларды аракетке келтирет.

**Эй, Газа калкы!**

Бир аз сабыр кылгыла, Аллах Субханаху ва Таалага болгон катъий ыйманыңарда жана ишенимиңерде бекем болгула, Аллах солих амалдарды кылып жаткан момун пенделерин эч качан таштап койбойт. Күндөн-күнгө Аллахтын нусраты жакындашууда, түн артынан күн келгендей, жакында Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык кайтат.

Мусулман армиялары халифанын командачылыгы астында Газа жана бүткүл Фалестин жерин азат кылууга киришип, яхудийлерди Аллах убада кылган азап менен азаптайт. Мубарек Фалестин жери кайра өз улуулугуна кайтат, ошол эле учурда бул кылымда яхудийлер үчүн эң чоң көрүстөн болот, инша Аллах.

﴿فَإِذَا جَآءَ وَعۡدُ ٱلۡأٓخِرَةِ لِيَسُـٔۥُواْ وُجُوهَكُمۡ وَلِيَدۡخُلُواْ ٱلۡمَسۡجِدَ كَمَا دَخَلُوهُ أَوَّلَ مَرَّةٖ وَلِيُتَبِّرُواْ مَا عَلَوۡاْ تَتۡبِيرًا﴾

***«Качан кийинки*** *(бузукулуктун)* ***убакыт сааты келгенде,*** *(алар дагы)* ***жүздөрүңөрдү кара кылуулары, абалкы ирет киргендери сыяктуу Масжидул*** *(Акса)****га кирип,*** *(аны тебелеп-тепсөөлөрү)* ***үчүн о.э. ээлеп алган*** *(бардык)* ***жерлерди ойрон кылуулары үчүн*** *(дагы душмандарыңарды силердин үстүңөргө жиберебиз)****»*** [17:7]

Ошентип, яхудийлер жана Умматтын саткын акимдери Газаны ойрон кылуу менен түпкүлүгүндө өздөрүн ойрон кылып жатышат. Жакында алар муну түшүнүп жете турган

күн келет, бирок, анда кудум деңизге чөгүп кеткен Фиръавн сыяктуу, тообо кылуу үчүн кечигишкен болот. Аллах Субханаху ва Таала аларды эбак эскерткен, бирок алар бүтүндөй этибар бербей жатышат. ❑

# ИРАН РЕЖИМИНИН ИСЛАМ УММАТЫНА ДУШМАНДЫГЫ

**Аиша Мухаммад**
**Мубарек Фалестин жери**

Иран – исламий өлкө. Мусулмандар аны Фарс өлкөлөрүн фатх кылуу учурунда рошид халифа Умар ибн Хаттаб доорунда фатх кылышты. Бул Кадисия жана Нахаванд сыяктуу чечүүчү ири согуштар аркылуу болду. Фарс тилинде Иран сөзү "арийлар өлкөсү" деген маанини түшүндүрөт, бул ошол аймакта орношуп калган арий калктарга карата айтылган. Бул өлкө жаңы тарыхта Иран жана Фарс деп таанылды, ал тургай байыркы тарыхта Фарс өлкөсү Ирандан башка жерлерди өз ичине алган болсо да. Бул өлкө расмий жана саясий жактан Иран жана Фарс аталышы менен аталып келип, 1935-жылы Иран шахы Риза Пахлавийдин талабы менен өлкөгө расмий Иран деген наам берилди.

Иран өз тарыхында исламий фатхтан мурунку доордон тартып азыркы күнгө чейин маанилүү саясий доорлорду басып өттү.

Ирандын ушул жаңы тарыхий саясий доорлорунун эң маанилүүлөрү:

1 – **1502-жылы Сафавийлер мамлекетинин түптөлүшү.** Исмаил Мирза Сафавийлер мамлекетин түптөп, исна ашарий шиа мазхабын мамлекеттин расмий мазхабы деп жарыялады. Бул мазхаб Иран калкына зомбулук менен орнотулду. Иранды исламий фатхтан баштап карманып келген сунний мазхабынан шиа мазхабына өзгөрткөндөр ушул Сафавийлер болуп эсептелет. Сафавийлер менен Усманий мамлекет ортосунда узак жыл бир катар согуштар болду. Өз доорунда бул согуштар Орто Азия, Синд жана Индиядагы исламий өлкөлөрдүн Усманий мамлекетине кошулушуна тоскоолдук кылды… 1722-жылы Сафавийлердин өкүмдарлыгына афган бир уруусунун шейхи (Махмуд Хан) чекит койду.

2 – **1795-жылы Кажарлар мамлекети түптөлдү.** Кажарлардын өкүмдарлыгы доорунда мамлекеттин иштерине орустар жана англистер аралашты жана Иран Англия менен Россиянын таасири астындагы регионго айланды. Акыбетте Кажарлар Кавказды орустарга тапшырышты, Британиянын басымы астында Афганистанга эгемендик беришти, чет элдик концессиялар мыйзамын иштеп чыгышып, өлкөнүн нефть жана

кен байлыктарынан пайдаланып жаткан англистерге темир жолун жана транспорт жолдорун курууга урухсат беришти. Кажарлар мамлекети Риза Шах Пахлавийдин Ахмад Мирзага каршы төңкөрүш жасашы менен кулатылды.

3 – **1925-жылы Пахлавийлер мамлекетинин түптөлүшү.** Риза Шах Пахлавий ушул мамлекеттик төңкөрүштү ишке ашырып, өзүн Иран шахы деп жарыялады. Анын өкүмдарлыгы доорунда Иран колонизаторлордун ортосундагы таасир талашып күрөшүү региону болду. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Америка Россияга Ирандын түндүгүнөн чыгып кетүүгө басым кылды. Америка менен Британиянын ортосундагы таасир талашуу күрөшү 1979-жылы Хумайний ыңкылабына чейин уланды.

4 – **Иран Ислам Республикасы. Исламий ыңкылаптан же «1979-жылдагы Хамейний ыңкылабынан» кийин түптөлгөн Иран мамлекети** монархиялык башкаруудан диний республикалык т.а. теократия башкарууга өттү. Исна ашарий шиа мазхабына негизделген Иран Ислам республикасы жарыяланды жана бүгүнкү күнгө чейин Иран ушул бийликке моюн сунуп келүүдө. Ушул орунда Хамейний ыңкылабы Иранда Англия-Америка күрөшүнүн тарыхында маанилүү доор болгонун өзгөчө баса белгилөө зарыл.

Иран жана анын режиминин бүгүнкү абалына келгенге чейин басып өткөн саясий доорлордун кыскача тизмеси мына ушундай.

Иран режими исламий өлкөлөрдөгү бакша малай режимдер сыяктуу Ислам Умматына душман. Ал Умматтын ойгонушуна тоскоолдук кылып, касташкан душман режимдердин бири болуп турат. Анын душмандыгы регион калктарынан тартып бир нече айыгышкан фронтторго чейин кеңейди. Иран режими мусулмандарды өлтүрүп, өлкөлөрүн ойрон кылууда о.э. региондо ага тапшырылган ролдун негизинде региондогу бир нече согуштарга катышуу менен колу мусулмандардын канына бөлөнүүдө. Бул региондо Америка ага жүктөгөн үлкөн регионалдык роль аны Умматка душман режимдердин сап башына алып чыкты.

Иран режиминин Умматка душмандыгы өз тарыхынын көп доорунда колонизаторго көз карандылык кылганы жана анын орбитасынан чыкпастан кызмат кылганы себептүү болду. Ал башка куфр режимдеринен айырмаланбайт, алардын бардыгы өздөрүнүн негизги, ал тургай жалгыз вазыйпаларын

колонизатор кафирдин өлкөлөрүбүздөгү режимдерине кызмат кылууга каратышууда. Ошондуктан, бул режимдер өз калкына душмандык кылышат, Батыштын кызыкчылыктары үчүн элге бузгунчулук, жакырчылык, сабатсыздык жана кыргын кылып зыян жеткиришет. Алардын арасында бир аз дурусу колонизатордун кызыкчылыгын ишке ашырууда өз өлкөсү үчүн да айрым кызыкчылыктарды жүзөгө чыгарышат, Иран жана Түркия сыяктуу. Алардын бул кызыкчылыктары көбүнчө бузгунчу болуп, Исламга жана анын сакафатына тескери т.а. алар ар кандай абалда Аллахка жана динине душмандык кылышат.

Иран режими ондогон жылдардан бери Американын орбитасынан чыкпай аракет кылат. Америка бул режимге өтө маанилүү саясий факторлордун бирин т.а. мусулмандардын биригишин алдын алуу жана АКШнын региондогу таасирин сактап туруу милдетин жүктөгөн. Ал муну бир нече маанилүү жолдор аркылуу ишке ашырууда:

1 – Америка региондо мазхабпарастык (сунний-шиа) күрөшүн чыгарып, Иран режимин шиа тараптын жетекчиси кылуу жана ушул күрөштү азыктандыруу үстүндө иштеди, акыры региондо саясий, аскерий жана мазхабпарастык чыр-чатагын козгоду. Мисалы, Америка Иракты басып алууда пайдаланган куралдардын арасында эң маанилүү фактор мазхабпарастык болду жана Америка Иракка белгилүү бир даражада өкүмдар болду.

2 – Америка Иран режиминен мокочо жасап, исламий региондун, негизинен Фарс булуңунун коопсуздугуна коркунуч катары пайдаланды. Ал эми АКШ өзүн региондун коргоочусу кылып көрсөттү, муну аскерий базаларда көөдөлөнгөн аскерий катышуусу аркылуу жасады. Мындан максат – нефть кендерине ээ болуу жана региондогу таасирин сактап туруу.

3 – Американын Иранга тапшырган бул регионалдык борбордук ролуна ылайык, региондо көптөгөн саясий жана аскерий иштерди жүктөгөнү о.э. саясий абалдын өнүгүшүнө карап, ага ушундай ачык байкалган вазыйпаларды тапшырганы Иран режиминин чыныгы жүзүн ачыктады. Муну Ирандын региондогу ар бир маселеде, Ирак, Афганистан, Яман, Сирия, Ливан жана башка өлкөлөрүбүздө Америка менен биргеликте кадам таштап жатканынан көрүү мүмкүн. Негизи, Батыштын кызыкчылыктарын ишке ашыруу ролун бул режим өзү да моюнга алган, мисалы, көптөгөн ирандык жетекчилер

Американын Афганистан менен Иракты басып алышына негизинен Иран мүмкүнчүлүк жаратып бергени тууралуу билдирүү беришкен.

Иранга Америка тарабынан тапшырылган айрым ролдорду карап чыксак, ал Умматтын душманы экенине күбө болобуз. Мисал үчүн:

**Америка Иракты басып алуу учурунда** Ирак калкынан таптакыр күтпөгөн үлкөн каршылыкка туш келди. Ошондо ал Иранды аралаштырды. Иран ал жердеги өз мазхабынын тарапкерлерине таасир өткөрүп, баскынчылыкка каршы күрөштү токтотуу, каршылык кыймылына каршы туруп, баскынчы Америкага жана ал орноткон режимге мыйзамдуулук түсүн берүү менен Америкага жардам берди.

**Ливанда** Иран режими өз мазхабынын тарапкерлеринен хизб түздү жана аны куралдантып, өзүнүн атайын армиясына айлантты. Ирандын Ливандагы бул хизби Сирия режимин колдоп-кубаттады.

**Сирияга келсек,** Ирандын ал жердеги режим менен мамилелерин өткөн кылымдын сексенинчи жылдарындагы козголоңдон баштап, кийин Шам козголоңуна аралашканда, андан кийин Ислам менен жашоону жана рошид Халифалык тикелөөнү каалаган исламий чөйрөгө Америка малайы болгон илманий Асад режими менен бергилекте сокку бергенде көрүү мүмкүн.

**Афганистанда да** Иран режими баскынчы АКШны жана Карзай бийлигин колдоп-кубаттады. Мурунку Иран президенти Рафсанжаний өз билдирүүсүндө: «Эгер биздин күчтөр Талибанга каршы жардам бербегенде, Америка афган баткагына батмак», - деген. Мурунку Иран президенти Хатамийдин вице-президенти Мухаммад Али Абтахий да мындай деген: «Эгер Иран Америка менен кызматташпаганда, Кабул менен Багдад жеңилбейт эле, бирок, мунун акысына бизди карасанатайлык огуна кошуп коюшту». Ахмадий Нажад өз билдирүүсүндө: «Күчтөрүбүз Афганистан жана Иракта Америкага жардам колун сунду», деген.

**Яманда** Ирандын Хусийлер менен мамилеси ачык-айкын жана белгилүү. Америка Хусийлерге курал-жарак жана техниканы Иран аркылуу жеткирип берген.

Ушул таризде Ирандын региондогу ролу Америка саясатынан турат. Бул роль Америка саясатынын талаптарына карап кээде кеңейип, кээде кыскарып турат. 1979-жылдан

баштап Америка Иранды регион мамлекеттерине каршы «ислам маскасы астындагы ыңкылап» коркунучу катары сактап келди. Андан кийин Америкада неоконсерваторлор бийликке келиши менен бул коркунуч кеңейип, мазхабпарастык коркунучу даражасына көтөрүлдү. Андан соң «араб жазы» окуяларынан баштап бул роль регионалдык салмактуу ролго айланды.

Иран режими 1979-жылы ыңкылабдан кийин тикеленгенден бери өзүн Америка жана яхудий вужудун душман санаган исламий режим кылып көрсөтүп келет. Иран адамдарды адаштыруу жана алдоо максатында «чоң шайтан», «(израилге) өлүм» деген ураандарды көтөрүп чыгат. Бул режим өзүн шиа мазхабын карманып жаткан мусулман режими катары көрсөттү жана аялдардын хижабын кийүүсүн көзөмөлдөгөн маъруфка буйруп, мункардан кайтарган полицияси менен мактанды. Иран ушинтип өз калкын да, башка умматты да адаштырды! Негизи, бул режим Американын колундагы колонизатордук куралы болуп эсептелет. Анын колу менен мусулмандардын каны төгүлүүдө, анын катышуусунда мусулмандардын намыстары тебеленүүдө, байлыктары талап-тонолууда, өлкөлөрү ойрон кылынууда.

Мусулмандар бүгүнкү режимдердин жана Иран режиминин кимдигин, алар Батыштын региондогу кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу үчүн үлкөн роль ойноп жатканын аң-сезимдүү баамдашы жана аларга таптакыр үмүттөнбөшү керек. Тескерисинче, Иран режимин кулатуу зарыл, себеби, ал исламий өлкөлөрдөгү башка режимдер сыяктуу чыныгы душман. О.э. мусулмандар Халифалык тикелөө, жер жүзүндө Аллахтын динин үстөм кылуу жана жашоодо Ислам түзүмүн колдонууга аракет кылышы кажет. ❑

## ЭЛ АРАЛЫК МЫЙЗАМДЫН КУЛАШЫ ЖАНА АГА ТАЯНГАН ДҮЙНӨНҮН ҮМҮТСҮЗДҮККӨ ТҮШҮШҮ «ЭРЕЖЕЛЕРГЕ НЕГИЗДЕЛГЕН ЭЛ АРАЛЫК ТАРТИБ» АМЕРИКАНЫН АЙЛА-АМАЛЫ БОЛУП ЭСЕПТЕЛЕТ

**Д. Ахмад Хасуна**

Президент Жо Байден 2021-жылы январда Кошмо Штаттарда бийликке келгенден бери ар кандай абалдарда, айрыкча Кытай жана Россияга же АКШ терроризмдин демөөрчүсү деп белгилеген мамлекеттерге байланыштуу окуяларда «эрежелерге негизделген эл аралык тартип» жөнүндө сүйлөө мүмкүнчүлүгүн дээрлик колдон чыгарбады. Ал жана анын администрациясы бул мамлекеттердин бардыгын эрежелерге негизделген тартибди бузууга аракет кылууда деп айыптады. Ага ылайык, Кошмо Штаттар, анын союздаштары жана шериктештери бул тартипти коргоо о.э. эл аралык коомчулуктун туруктуулугуна коркунуч салып, «эрежелерге негизделген тартипти» бузууга аракет кылып жаткан күчтөргө кескин каршы туруу үчүн биргеликте аракет кылышат.

АКШнын мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен бардык регионалдык же эл аралык иш-чараларда жана жолугушууларда президент Байдендин сөздөрүн жана позициясын айтып, «эрежелерге негизделген тартипти» бузууга олуттуу аракет кылып жаткан авторитардык режимдер тарабынан демократиялык мамлекеттер туш болуп жаткан проблемалар жөнүндө сүйлөдү. Эрежелерге негизделген бул эл аралык тартип эмне?

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин түзүлгөн эл аралык орган жана уюмдардын уставдарында, келишимдеринде жана конвенцияларында «эрежелерге негизделген эл аралык тартип» деген нерсе жок. Бирок Блинкендин: «Эрежелерге негизделген эл аралык тартип 75 жылда дүйнөлүк туруктуулукка жана өнүгүүгө алып келди», деген сөздөрү «эрежелерге негизделген эл аралык тартиптин» аталышын экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Кошмо Штаттар башчылыгында түзүлгөн тартипке байлоо

аракети болуп эсептелет. Ошол убакта «Либерал эл аралык тартип» аталышы менен таанылган бул тартиптин эрежелери саясий жана экономикалык либерализмге о.э. либералдык интернационализмге негизделген. Анын эл аралык мамилелери Бириккен Улуттар Уюму, Дүйнөлүк Банк, Эл аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк Соода Уюму башчылыгындагы бир катар көп тараптуу эл аралык институттар тарабынан о.э. БУУнун уставы, эл аралык мыйзам жана адам укуктары боюнча эл аралык келишим сыяктуу бир катар устав жана келишимдер аркылуу тартипке салынган. О.э. ал демократия, теңдик, эркиндик, мыйзам үстөмдүгү, адам укуктары, коопсуздук тармагындагы кызматташтык жана финансы тармагындагы кызматташтык сыяктуу бир катар талаптар негизинде башкарылат.

Нидерландиядагы Лейден университетинин эл аралык укук профессору Жон Дугард мындай дейт: «Эрежелерге негизделген тартип эл аралык мыйзамдан башка нерсе. Ал эл аралык мыйзамдын алкагынан сырттагы альтернативдүү тартип болуп, эл аралык мыйзамга каршы чыгат жана ага коркунуч туудурат». Гарвард университетинин эл аралык мамилелердин профессору Стивен Мартин Уолттун сөздөрүнө ылайык, Кошмо Штаттар «качан гана эрежелер ыңгайсыз боло баштаса, аларды этибарга албоого, четтеп өтүүгө же кайра жазууга» ар дайым даяр. Россиянын стратегиялык пландоо жана анализ институтунун директору Александр Гусев айтат: «Кошмо Штаттар «эрежелерге негизделген эл аралык тартип» аталышынын түшүндүрмөсүн атайылап ачыктабайт. Себеби, бул эрежелер канчалык белгисиз болсо АКШ аларды каалаган убакта манипуляция кылуу мүмкүнчүлүгү көбөйөт». Лейден университетинин профессору Дугард айтат: «БУУнун уставына жана Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн бери өнүгүп келген эл аралык мыйзамга негизделген эл аралык тартип Кошмо Штаттар чакырып жаткан аморфтук (белгисиз, формасы жок) жана басмырлоо эрежелерине негизделген тартипке караганда тынчтык үчүн туура жол».

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин бир эл аралык тартип т.а. эл аралык мыйзамга негизделген эл аралык тартип жана бир эрежелер топтому моюнга алынган. Бул эрежелер БУУнун уставынын максат жана принциптерине негизделген эл аралык мамилелерди тартипке салган негизги нормалар. Ушул келишимдерде жана тарыхий документтерде «эрежелерге негизделген тартип» жөнүндө эч кандай сөз жок.

Бул аталыш XX кылымдын 80-жылдарында тексттерде пайда болуп, XXI кылымдын биринчи он жылдыгынын башынан тартып ортолоруна чейин колдонула баштады. Ошол доордо анын колдонушу салыштырмалуу 2003-жылдагы Ирак баскынчылыгын – айрыкча, согуш БУУнун мандаты жок болгондуктан – жооп катары болду. Ирак согушу мындай аталыштын Кошмо Штаттар тарабынан ойлоп табылганынын себеби белгисиздик киргизген классикалык мисал. Кошмо Штаттар бул аркылуу эл аралык коомчулукту чалгытууга жана эл аралык мыйзамдын чектөөлөрүнөн арылууга урунду. АКШ бийлиги өз ички мыйзамчылыгын эл аралык мыйзамдан үстөм коюу жана эл аралык эрежелерди өзү каалагандай тандап колдонуу адатына ээ.

«The Nation» журналы билдиришинче, (израиль) Газага каршы Кошмо Штаттардын катышуусу жана жардамында баштаган согуш эл аралык мыйзам жана «эрежелерге негизделген эл аралык тартиптин» айырмасын көрсөттү.

Яхудий вужудуна Байден берген жашыл чырак «эрежелерге негизделген эл аралык тартиптин» мыйзамдуулугуна күмөн жаратат жана бул тартиптин маңызын ачыктайт. Бир караганда «эрежелерге негизделген эл аралык тартип» «эл аралык мыйзамга” окшоп көрүнөт. Бирок, түпкүлүгүндө ал Америка гегемондугунун артыкчылыгы менен биргеликте «эл аралык мыйзамга» альтернатива. Ал Россияны финансылык жактан колдоп-кубаттаган аракеттери үчүн жазалаганда эки жүздүү эмес. Бирок, мындай аракеттер яхудий вужуду тарабынан ишке ашырылса, ал эксклюзивдикти колдонот.

Дагы да анык болушу үчүн: көпчүлүк учурларда АКШ бийлиги ичинде жана сыртында көпчүлүк адамдар «эрежелерге негизделген эл аралык тартипке» эл аралык укуктун синоними катары карашат. «Эрежелерге негизделген эл аралык тартиптин» тарапкерлери, эгер эл аралык мыйзам Кошмо Штаттарга кызмат кылса, андан пайдаланууну же аны алкыштоону айып эсептешпейт. Мисалы, Эл аралык кылмыш соту Владимир Путинди Украинада согуш кылмыштарын жасаганы үчүн камакка алууга аракет кылганда ушундай болду. Бирок, Кошмо Штаттар эч качан өзүн Эл аралык кылмыш сотунун ыктыярына тапшырбайт. Президент Жорж Буш доорунда Кошмо Штаттар сотту түзүүгө негиз болгон Рим статусунан чыгып кеткен. Президент Дональд Трамп доорунда АКШнын Афганистан согушундагы аскерий кылмыштары үстүнөн тергөө баштаган Эл аралык кылмыш сотунун прокурорлорунун үй-бүлөлөрүнө санкция колдонгон. Эрежелерге негизделген эл аралык тартип ушундай иштейт. Ал эл аралык мыйзамдын механизмдерин алмаштырбайт, тескерисинче, алардын жанына түшүндүрүү белгилерин коёт. Эрежелер АКШнын душмандары үчүн мажбурий болушу мүмкүн. Бирок, АКШ жана анын малайлары андан чыга алат.

Акыркы ушуга окшогон окуяда Эл аралык кылмыш сотунун прокурору Бенямин Нетаняхуну жана Йоав Галантты согуш кылмыштары жана адамзатка каршы кылмыштарды жасады деп айыптап, камакка алуу үчүн ордер берүүнү сураган. Лондондогу «SOAS» университетинин адам укуктары боюнча профессору Лутс Оетте 2024-жылы 24-майда «The Guardian» гезитине берген интервьюсунда: “Эл аралык кылмыш соту тарабынан берилген камакка алуу ордери колонизаторлукка каршы кадам катары саналат”, - деди. Профессордун айтымында, Кошмо Штаттар өз реакциясында «империялык ыкмага» кайткан: Кошмо Штаттар Эл аралык кылмыш сотунун Владимир Путинди эл аралык кылмыштарды жасагандыкта айыптап камакка алуу тууралуу 2023-жылы март айында чыгарган

токтомун алкыштаган, эми болсо Эл аралык кылмыш сотунун талабын «кыжырдантчу» деп атап жатат. Себеби, Эл аралык кылмыш сотунун аракеттери Кошмо Штатардын кызыкчылыктарына ылайык келбегенде, анын реакциясы адаттагы душмандык мүнөздө болду. Профессор тыянактап айтат: «Эл аралык эрежелерде, мамилелерде жана мыйзамдарда дүйнө гегемондукту актоо, бекемдөө жана коргоо үчүн зомбулукту актап келди. Мындай империялык жана колонизаторлук жандашууну токтотуунун убагы келди».

Учурда бүткүл дүйнө яхудий вужудуун Газаны Американын дипломатиялык жардамы жана куралдары менен жок кылып жатканын көрүп турат. Муну менен Байден жана Нетаняху «эрежелерге негизделген эл аралык тартиптин» маңызын т.а. мыйзам астындагы эркин дүйнө коомдук көрүстөндөн башка нерсе эместигин ачык көрсөтүп турат.

**«Эрежелерге негизделген эл аралык тартип» түшүнүгү кантип пайда болгон?**

«Эрежелерге негизделген эл аралык тартип» түшүнүгү Советтер Союзу кулагандан кийин пайда болду. Кошмо Штаттар бир уюлдуу дүйнө түбөлүк калат жана ал башка мамлекеттердин кызыкчылыктарын жана фикирлерин этибарсыз калтырышы мүмкүн деп ойлоду. Бир топ америкалык изилдөөчү жана расмийлер 2006-жылы Принстон университетинде «мыйзам астындагы эркин дүйнө» деген изилдөөнү ачыкташты. Алар эл аралык институттар «эркин дүйнө» абзел көргөн натыйжаларды ишке ашыра албашы мүмкүндүгүн шылтоолоп, муну эл аралык мыйзамдын алсыз тараптарына реакция катары билдиришти. Себеби, «жамааттык аракетти ишке ашыруу үчүн либералдык демократияларга альтернатива клуб» бар болуп, иш жүзүндө бул клуб көбүнчө Ак үй эле.

**2011-жылдагы Ливия кризисинде** Кошмо Штаттар жана анын союздаштары Муаммар Каззафийди кулатуу үчүн учууларга тыюу салынган аймакты жарыялоодо Коопсуздук Кеңешинен пайдаланышты. О.э. АКШ күчтөрү Сириянын чыгышында – эл аралык укукта алардын

катышуусн актаган эч бир себеп болбосо да – сегиз жылдан ашуун иш-аракет алып барып келүүдө.

Кошмо Штаттар жана анын союздаштары жоопкерчиликтен качуу үчүн пайдаланып жаткан «эрежелерге негизделген тартип» эл аралык мыйзам түшүнүгүн түп-тамырынан бузат. АКШдагы саясий токтом кабыл алуучулар Кошмо Штаттар дүйнөлүк күч катары ээ болгон артыкчылыктарды бекемдөө үчүн бул назариядан пайдаланышат. Эл аралык мыйзамдын укук жана эрежелери алар орноткон эрежелерге ылайык келсе, Вашингтон аларды синоним деп эсептейт. Россия 2022-жылы февралда Украинага каршы согуш баштагандан кийин мамлекет катчысы Блинкен «БУУ уставынын негиздерине жана дүйнөдө туруктуулукту камсыздаган «эрежелерге негизделген эл аралык тартип» коркунуч астында калышынан эскертти. Бирок, Кошмо Штаттардын укуктары эл аралык мыйзамдан четке чыкса, «эрежелерге негизделген тартип» түшүнүгү күчкө кирет.

Газага каршы согуш «эрежелерге негизделген тартип» түшүнүгүн анык көрсөттү: «2024-жылы 25-мартта БУУнун Коопсуздук Кеңеши Газадагы согушту тезинен токтотууну талап кылган резолюция кабыл алды. Документти 14 мамлекет колдоп, АКШ бейтарап калган. Резолюция мыйзамдуу күчкө кирген документке айланды. Добуш берүүдөн көп өтпөстөн Байден администрациясынын өкүлү 2728-резолюциянын эл аралык мыйзам макамын четке кагууга урунуп, аны «мажбурий эмес» деп атады. Эл аралык мыйзам яхудий вужуду Газада кылып жаткан ишерине каршы чыгат. 2728-мыйзам долбоору кабыл алынгандан кийин БУУнун басып алынган Фалестин аймагы боюнча атайын сүйлөөчүсү Франческа Альбанезе мүчө мамлекеттерге яхудий вужуду Эл аралык сот буйруган мажбурий чараларга баш ийбегени үчүн ага «тезинен» курал эмбаргосун колдонууну сунуштады. Жогоруда айтылган резолюция кабыл алынгандан кийин Ак үйдүн Улуттук коопсуздук боюнча басма сөз катчысы Жон Кирби Американын яхудий вужудуна курал жеткиришине жана сатышына эч неррсе таасир кылбашын

айтты. Мамлекеттик департамент «(израилдиктер) эл аралык гуманитардык укукту бузган окуялар болбогонун» билдирди жана Ак үй муну ырастады.

Ушуга байланыштуу «Нью-Йорк Таймс» гезити ушул жылдын 10-апрелинде «Натыйжасыз кабыл алынган 2728-резолюция «эрежелерге негизделген эл аралык тартиптин» т.а. Кошмо Штаттар куруугa жана сактоого умтулуп жаткан дүйнө тартибинин кыйроого учураган доору катары эсте калышы мүмкүн» деген тыянакка келди. Газа эл аралык мыйзамдан сыртта болгон дүйнөдө эң күчсүздөр эң көп зыян көрүп жатканын көрсөткөн үрөй учурган эскертүү. Окуялардын мындай түс алышын Кытайдын БУУдагы туруктуу өкүлү ачкытады. Ал Американын билдирүүлөрүн жана аракеттерин «БУУнун Коопсуздук Кеңешинин туруктуу мүчөсү макамына туура келбейт» деп түшүндүрүп, Вашингтон Коопсуздук Кеңешинин таасирине зыян жеткирип жатканын айтты.

**Америка алга сүрүп жаткан «эрежелер» тартиби дүйнөгө өкүмдарлык кылуу каражаты**

Ыктымал, түштүк африкалык эл аралык мыйзам жана адам укуктары боюнча адис Жон Дугарддын Кембридж университети жарыялаган изилдөөсү эл аралык мыйзам жана «эрежелерге негизделген эл аралык тартипти» ачыктап берер.

2022-жылы 2-июнда «Нью-Йорк Таймс» гезитинде президент Байдендин «Америка Украинага кантип жардам берүүнү каалайт» деген макала жарыяланды. Макалада Байден Россиянын Украинадагы аракеттери «эрежелерге негизделген эл аралык тартиптин бүткөнүн көрсөтүшүн жана дүйнөгө кырсыктуу акыбеттерди алып келүү менен бирге башка жайларда агрессияга жол ачышы мүмкүндүгүн» билдирди жана эл аралык мыйзам жөнүндө эч нерсе айткан жок.

2022-жылы июнда Мадридде өткөн НАТО саммитинде өткөрүлгөн басма сөз конференциясында Байден Россия менен Кытайды дүйнөдөгү демократиялык мамлекеттер «эрежелерге негизделген тартипти коргошун» айтып эскертти. Мында да эл аралык мыйзамды оозго албады.

2022-жылы 12-октябрда АКШ президенти Улуттук коопсуздук стратегиясын жарыялады. Бул стратегия «эрежелерге негизделген эл аралык тартиптин» «дүйнөлүк тынчтык жана бейпилдик» негизи экенине кайра-кайра ишара кылат.

Профессор Жон Дугард ушул суроону берет: «Суук согуш бүткөндөн бери Американын саясий жетекчилери «эл аралык мыйзамдын» ордуна алга сүрүп жаткан «эрежелерге негизделген эл аралык тартип» деген нерсе эмне өзү? Бул Европа жетекчилери ойлогондой «эл аралык мыйзамга» синонимби? Же ал башка нерсеби?»

Дугард Кембридж университети жарыялаган макаласында Кошмо Штаттардын «эл аралык мыйзамдан» көрө «эрежелерге негизделген эл аралык тартипти» карманышынын себептерин төмөнкүдөй белгилейт:

**Биринчи: Америка Кошмо Штаттары эл аралык мыйзамдын негизги касиети болгон бир катар маанилүү көп тараптуу келишимдердин катышуучусу эмес.** Ал деңиз укугу боюнча конвенцияга мүчө эмес. Ошондуктан, ал Кытайды Түштүк Кытай деңизинде эл аралык мыйзамга эмес, «эрежелерге негизделген эл аралык тартипке» коркунуч туудурганы үчүн сындоого мажбур. Америка эл аралык гуманитардык укукту тартипке салган негизги келишимдер, алардын катарында согуш эрежелери тууrasындагы Женева конвенциясы, 1977-жылдын протоколдору, Эл аралык кылмыш сотунун Рум статусу, кассеталуу ок-дарылар конвенциясы, жөө аскерлерге каршы миналарга тыюу салуу конвенциясы (Оттава келишими) сыяктуу бир катар конвенцияларга мүчө эмес. О.э. ал балдардын укуктары же майыптардын укуктары тууrasындагы конвенциянын мүчөсү эмес. Кошмо Штаттар бул эрежелерди адаттагы эл аралык мыйзамдын бир бөлүгү деп эсептебейт.

**Экинчи: Кошмо Штаттар күч колдонуу жана эл аралык гуманитардык укукту бузууну актаган талдоолорду иштеп чыкты.** Анын террорчуларга алдын ала сокку берүү жана күч колдонуу мүмкүнчүлүгүн берген өзүн-өзү коргоо укугу жөнүндөгү талдоосу кеңири

чөйрөдө талаштуу болгон маселе. 1999-жылы НАТО демөөрчүлүгү астында Белграддын бомбаланышында болгондой гуманитардык аралашуунун бир формасы катары күч колдонуу кайрылуу да талаштуу маселе. 2003-жылы Иракта жана 2011-жылы Ливияда күч колдонууга уруксат берген Коопсуздук Кеңешинин резолюциялары боюнча Кошмо Штаттар менен Британия тарабынан иштелип чыккан интерпретациялар режимди өзгөртүүгө каратылган мыйзамсыз шылтоо катары көп сындалды. 2002-жылы АКШ Афганистанга бастырып киргенден кийин Гуантанама камагында кармалган Талибан аскерлерине аскерий туткундар жөнүндөгү укуктардын четке кагылышы аскерий туткундарга карата мамиле туурасында конвенциянын 4-беренесин бузгандыктан суроолорду жаратты. Афганистан, Ирак жана Яманда душман согушкерлер “террорчуларды” өлтүрүү үчүн учкучсуз учактардан пайдаланууну АКШ өзүн-өзү коргоо деп актаганы эл аралык гуманитардык жана адам укуктары мыйзамдарынын бузулушу катары сындалды.

**Үчүнчү: Кошмо Штаттар яхудий вужуду сыяктуу айрым союздаш мамлекеттерди эл аралык мыйзамды бузганы үчүн жоопко тартууну каалабайт.** Бул кызыкчылыктарды жоопкерчиликсиз ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берген эксклюзивдүү абал деп каралат. Кошмо Штаттар бул эксклюзивдикти президент Байден 2022-жылы июлда яхудий вужудуна сапар жасаганда яхудий вужуду менен берген биргелешкен билдирүүдө айтты. Бул мажбурият эмне үчүн Кошмо Штаттар яхудий вужудун кайра-кайра гуманитардык укукту бузганы үчүн жоопко тартуудан, анын ишин Эл аралык кылмыш сотунда карап чыгуудан жана Газа секторуна чабуул кылганы үчүн аны каралоодон ар дайым баш тартып келе жатканын түшүндүрөт.

**Төртүнчү: Россия, Кытай менен Батыштын ортосундагы «эрежелерге негизделген эл аралык тартип» боюнча укуктук талаш: Батыш Россияга, акыркы кездерде Кытайга өкүмүн өткөрүүдө ушул «эрежелерге негизделген тартиптен» пайдаланды.**

Россия Батышты эл аралык мыйзамды урматтоодон баш тартып, «эрежелерге негизделген эл аралык тартипке» каршы турууда деп айыптайт. Кошмо Штаттар болсо Россиянын аракеттерин ушул тартиптин негизинде баалайт. Башка тараптан, Кытай тышкы иштер министри Ван И 2021-жылы май айында Коопсуздук Кеңешинде мындай деди: «Эл аралык эрежелер эл аралык мыйзамга негизделиши жана баары тараптан жазылышы керек. Ал патенттелген же саналуу мамлекеттердин артыкчылыгы эмес. О.э. ал бардык мамлекеттерге тиешелүү болушу керек».

**Бешинчи: «Эрежелерге негизделген эл аралык тартип» негизделген эрежелер.**

«Эрежелерге негиздеген эл аралык тартип» эл аралык мыйзамдан башка нерсе. Ал эл аралык мыйзамдын алкагынан тышкары альтернатива тартип болуп, эл аралык мыйзамга каршы чыгышы жана ага коркунуч туудурушу анык. «Эрежелерге негизделген эл аралык тартипти» түзгөн эрежелер анык белгиленбеген. Ал кээ бир Батыш мамлекеттери, өзгөчө Кошмо Штаттар колдогон атаандаш тартип деп каралышы да мүмкүн. Себеби, Кошмо Штаттар эл аралык мыйзамдын Батыш, өзгөчө Америка кызыкчылыктарына туура келген интерпретациясын колдонууга умтулууда.

**Бул абалдардан, саясатчылар жана укуктаануучулардын эл аралык мыйзам деп аталган жана эл аралык эрежелерге негизделген тартиптин наамы астында болгон окуялар жана укукбузуулар жөнүндө талкууларынан төмөнкүлөр анык болот:**

– Эл аралык мыйзам да, «эрежелерге негизделген эл аралык тартип» да, анын эл аралык жана дүйнөлүк тармактары да жалган максат жана жалган көрүнүштөрдөн башка нерсе эмес. Алар атаандаш мамлекеттерге өкүмдарлык кылып, аларды көзөмөлдөө, өнүгүп келе жаткан жана начар мамлекеттерди, колонизатор кафир Батыш мамлекеттерине моюн сунган – өзгөчө мусулман өлкөлөрүндөгү – малай мамлекеттерди талап-тоноо ыкмалары болуп эсептелет.

– Дүйнөлүк тартиб Германиянын 1945-жылы жеңилүүсүнөн кийин пайда болгон деп айтылат. Ал өлүк төрөлгөн наристеге окшойт. Союздаштар өздөрүнүн аскерий кылмышкерлерин, алардын катарында Европа жана Япония шаарларын бомбалагандарды о.э. катардагы калкты массалык түрдө кыргын кылгандарды куткарып калышты. Согуштан кийин союздаштар 12 миллиондон ашуун немис калкын үйлөрүнөн кууп чыгарып, аларды мажбурий көчүрүшкөндө жарым миллион киши каза болду жана эч ким жазаланбады.

– Бириккен Улуттар Уюму Британия жана Францияын Жакынкы Чыгышты колония кылышына уруксат берген Улуттар Лигасынын улантуучусу. Ал тургай, Лиганын аскерий принциби калктардын өз тагдырын өзү белгилеши керек болгондо да мусулман өлкөлөр талкаланып азап тартты жана бүгүнкү күнгө чейин азап тартып келүүдө.

– Бүгүнкү күндө эрежелер деп аталган нерсе ар дайым кызмат кылып келген максатка т.а. кубаттуу мамлекеттердин колонизаторлугун жана гегемондугун актоого кызмат кылууну улантууда. Эрежелерге негизделген эл аралык тартип Америка жана анын союздаштарынын күч жана гегемондук саясатын билдирүүдөн башка нерсе эмес. Америка өзү бул эрежелерге амал кылбайт. Күчтүүлөрдүн эрежелердин ордун ээлей турган каалоолору өз-өзүнөн эреженин бир түрүнө айланды. Бул каалоолор гуманитардык терминдер менен берилген.

– Бардык жерде адамдар жетекчилер тарабынан басмырланып алданат. Бул жетекчилер эл аралык эреже жана мыйзамдар натыйжалуу өкүмдар күч жана өлтүрүүчү куралга ээ болгондор үчүн ар дайым ыктыярдуу экендигин моюнга алуунун ордуна, аларды бузууда атаандашат.

– Эл аралык абалга биринчи мамлекет өкүмдарлык кылып жатканда жана атаандашкан көп уюлдуу күчтөр баш көтөрүп жатканда азыркы эл аралык мыйзамдар – алардын негизи кандай болушуна карабастан – пайдага негизделген капиталисттик түзүмдүн дүйнөдөгү өкүмдарлыгы астында

адилетсиздик, атаандаш мамлекеттер ортосундагы согуштар жана начар мамлекеттердин укуктары бузулушу күчөйт.

– Шексиз, АКШ администрациясы «эрежелерге негизделген эл аралык тартип» жөнүндө кайра-кайра айтып, бир катар максаттарга жетүүгө умтулат. Алардын эң маанилүүлөрү: союздаш жана шериктештерин өз байрагы астында Россия жана Кытайга каршы этият чарасы катары күрөшкө сапарбар кылуу үчүн чоң эл аралык шылтоону жаратуу. Себеби, анын фикиринде, Россия менен Кытай негизинен кемчиликтүү болгон эл аралык тартипти бузууга жана дүйнөлүк атаандаштыкты кыйратууга аракет кылууда. Келечекте карама-каршылыктар анык болсо, эл аралык коалицияга кирген мамлекеттердин моюн сунушун баса белгилөө жана азыркы бир уюлдуу эл аралык тартипти кайра тикелөө. Себеби, бул тартип Американын гегемондугун, азыркы Батыштын принцип жана баалуулуктарынын толук жетекчилигин камсыздайт.

Эл аралык мыйзам түшүнүгү жана эрежелери о.э. Бириккен Улуттар Уюму жана анын тармактары тарабынан бул мыйзам дүйнөгө колдонулгандан бери ал келтирип чыгарган натыйжалар терең үйрөнүлсө, ал өз-өзүнөн кемчиликтүү, жараксыз жана адилетсиз экендиги белгилүү болот. Мыйзам өлчөөчү өкүмдөр болуп, аларды аким аткарат. Ушул кыялдагы жана фаразий эл аралык аким кана?! Эгер биз аны эл аралык масштабдагы күч жана таасир ээси деп эсептегенибизде да, ал мыйзамды өз кызыкчылыктарына ылайык аткарат. Мунун артынан анын мыйзамчылык сыфаты жана анын аткарылышын камсыздаган механизм жоголот. Эл аралык масштабда бул мүмкүн эмес. Себеби, БУУнун Коопсуздук Кеңешиндеги ири мамлекеттер, эгер укук жана мыйзам алардын жана алар менен союздаш болгон мамлекеттердин кызыкчылыктарына карама-каршы келсе же алардын кызыкчылыктарына коркунуч туудурса, бул мыйзамды коргобойт. Кошмо Штаттар зарыл болгондо эл аралык мыйзамдан башка нерсеге амал кылышы жана аны «эрежелерге негизделген эл аралык таптип» деп аташынын себептеринин бири да ушул.

Дыкат үйрөнүп чыгуу аркылуу биз ушундай тыянакка келдик, дүйнөгө эл аралык коомчулук жана эл аралык

мыйзам иллюзиясы өкүмдарлык кылгандан бери, дүйнө машакаттуу жашоодо жашап жатат. Мамлекеттердин өз ара мамилеси колонизатор Батыш мамлекеттери өз кызыкчылыгына жетишүү үчүн пайдаланган мыйзам менен эмес, мамлекеттер ортосундагы келишимдер менен тартипке салынат. Бүгүнкү күндө адамдар адам табиятына ылайык адилет жана ырайымды берген жаңы дүйнөлүк тартибге өтө муктаж. Бул жаңы дүйнөлүк тартиб адамзатты Жаратуучусу жана шарият менен рухий байланышын тикелейт. Шарият мыйзамдары адамдарды капитализм караңгылыгынан жана тогут мыйзамдардын зулумнан Ислам нуруна жана рахматына алып чыгат.

Исламда эл аралык мыйзам деген нерсе жок. Халифалык мамлекети эл аралык эрежелер деп аталган нерсенин негизинде түзүлгөн бул эл аралык уюмдардын эч бирине мүчө же катышуучу болбойт. Мажбурийлик сыфатына жана өз өкүмүн ишке ашыруу үчүн күчкө ээ болбогон мыйзам кандай болушу мүмкүн? Ислам акыйдасына жана анын өкүмдөрүнө бүтүндөй тескери болгон эл аралык мыйзам кандай болушу мүмкүн? Ислам мамлекетинин милдеттеринин бири – Ислам рисалатын жаюу. Ислам рисалаты мыйзамчылыкты адамдын колуна тапшырган демократиянын коргоосунда динди турмуштан бөлүү түшүнүктөрүнө жана шарият өкүмдөрүнө баш ийүүгө тескери болгон эркиндик түшүнүктөрүнө карама-каршы келет. Эл аралык мыйзам Исламий даъват кызыкчылыгына жан анын жайылышына, арийне жер шарынын калктарынын кызыкчылыктарына тескери. Эл аралык мыйзам Ислам акыйдасына жана ушул акыйдадан келип чыккан Ислам түзүмүнө негизделген пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык мамлекетинин тикеленишине жол бербөө үчүн түзүлгөн.

Ушуга ылайык Бириккен Улуттар Уюмунан, эл аралык мыйзамдан жана башка эл аралык мыйзамдардан өкүм суроо тогуттан өкүм суроо болуп эсептелет. Себеби, Аллахтын шариятынан башка ар кандай шарият тогут саналат. Кала берсе, алардан өкүм суроо мусулмандардын эч бир максат жана кызыкчылыгын жүзөгө чыгарбайт. Ошондуктан малай акимдер өз маселелерин чечүүнү сурап эл аралык мыйзамга

– мисалы, Фалестин маселесинде "эки мамлекет" чечими же Газадагы согуш жана массалык кыргынды токтотуу үчүн «эл аралык мыйзамга» негизделген уюмдарга кайрылуу сыяктуу – кайрылуусу колонизатор Батышка моюн сунуу жана чыныгы чечимден баш тартуудан башка нерсе эмес. Чыныгы чечим болсо мусулман өлкөлөрүн, алардын башында Фалестинди иш жүзүндө азат кыла турган аскерий кубатты ишке салуу.

Мусулмандар Газага каршы согушту чектелген таризде токтотуу жөнүндө Эл аралык сот тарабынан чыгарылган, аларды жазуу үчүн кеткен сыяга да ылайык болбогон токтомдорго алданбашы жана кубанбашы керек. Эл аралык кылмыш сотунун прокурору яхудий жетекчилерин камакка алуу жөнүндө ордер бергенине да алданбашы зарыл. Кошмо Штаттар бул ордердин артынан аны четке кагып, анын мажбурий эместигин айтып чыкты. Ошондуктан, эл аралык мыйзамды аңкоо, баёо же өз динине жана умматына саткын коркок гана ээрчийт. Ислам фатхтары жана адамдарды караңгылыктан нурга алып чыгуу эл аралык мыйзамдар менен ишке ашпаган. Ал Исламий мамлекет Ислам өкүмдөрүн колдонуу үчүн алып барган жихад жана даъват менен ишке ашкан. Бул Исламий мамлекетте мусулмандардын душмандары мусулман жерлеринин бир сөөм жери үстүндө да соодалаша алышпайт жана бул мамлекетте жетекчилик шариятка жана Аллах Тааланын буйруктарына таандык болот.

﴿أَلَمْ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ يَزْعُمُونَ أَنَّهُمْ ءَامَنُوا۟ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيْكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبْلِكَ يُرِيدُونَ أَن يَتَحَاكَمُوٓا۟ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدْ أُمِرُوٓا۟ أَن يَكْفُرُوا۟ بِهِۦ وَيُرِيدُ ٱلشَّيْطَٰنُ أَن يُضِلَّهُمْ ضَلَٰلًۢا بَعِيدًا﴾

***«****(Эй Мухаммад)****, өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге жана сенден мурда түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген деп эсептеген*** *(айрым)* ***кимселер тогутка өкүм сурап барууну каалап жатышканын көрбөдүңбү, акыйкатта болсо аларга ага ишенбөө буйрулган эле.*** *(Себеби)* ***тогут аларды бүтүндөй жолдон азгырууну каалайт»*** [4:60] ❑

# ИСЛАМ УММАТЫ ИСЛАМИЙ ШАРИЯТКА АМАЛ КЫЛУУ МЕНЕН ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА ФЕМИНИСТИК УЮМДАРДЫ ЭЭРЧҮҮ ОРТОСУНДА

**Рана Мустафа**
**Хизб-ут-Тахрирдин Борбордук маалымат бөлүмүнүн аялдар жаатынын мүчөсү**

Илманий Батыш коомдорунда адатташ тыш идеяларды кабыл алган феминисттик жана маскулисттик (эркектик) кыймылдар пайда болду. Алар кабыл алган бул идеялар өз ээлеринин жеке эркиндиктерден пайдаланууга болгон табигый укугуна негизделет имиш. Бул идеяларга ылайык, бул табигый укук диний жана ахлакий баалуулуктардан үстөм турат. Себеби, бул баалуулуктар эркиндиктерди чектеп, адамды анын эркиндигине тоскон чектөөлөр менен байлап коёт.

Бириккен Улуттар Уюмунун аялдар жана үй-бүлө комитети бул салттуу эмес  идеяларды кабыл алды. Бул идеялар жөнүндө сүйлөө жана аларга ачык үгүттөө айрыкча акыркы он жыл ичинде кадыресе көрүнүшкө айланды.

Бириккен Улуттар Уюмунун мурунку башкы катчысы Пан Ги Мун 2013-жылы 17-майда Эл аралык гомофобияга каршы күрөшүү күнүнө байланыштуу Голландиянын Гаага шаарында өткөн эл аралык форумда сүйлөгөн сөзүндө: «Гомосексуализмди жек көрүүгө каршы күрөшүү бардык адамдардын укуктарын бекемдөөгө каратылган күрөшүбүздүн бир бөлүгү», - деген.

Батыш өзүнүн эл аралык уюмдары аркылуу бүткүл аракеттерин жумшап, өзүнүн салттуу эмес идеяларын жана сакафатын экспорттоого урунууда. Ал кеңири көлөмдүү жана максаттуу программалары менен коомдорубузду бутага алып, келечек муундун тарбиячысы жана алардын жоопкерчилигин көтөрүүгө даярдаган аялдын Исламий түшүнүктөрүн өзгөртүү аркылуу мусулман үй-бүлөнү жок кылуу үстүндө иштеп жатат. Аялдын кучагында Батыштын стандарттарына жана шарттарына ылайык муунду чыгаруу үчүн «бул мепктепти» бузууга жана анын идеяларын булгоого туруктуу аракеттер болууда. Ушул максатта 1979-жылдагы «CEDAW конвенциясы» жана 2011-жылдагы «Аялдарга карата зомбулукка каршы Стамбул конвенциясы» сыяктуу конвенциялар даярдалды. О.э. 1993-жылдагы «БУУнун

аялдарга каршы зомбулукту алдын алуу жөнүндөгү декларациясы» сыяктуу гомосексуализмди мыйзамдаштырган эл аралык декларациялар сунуш кылынды.

Мындай конвенцияларды бекемдөө, аткаруу жана ишке ашыруу үстүндө иштөө үчүн аялдарга арналган бир катар конференциялар өткөрүлдү. «Эл аралык аялдар жылы» деп жарыяланган 1975-жылдагы Мехико шаарында өткөн конференция андай конференциялардын биринчиси болду. Коференцияда теңдикке, өнүгүүгө жана тынчтыка чакырылды. Андан кийин 1980-жылы аялдарга арналган «Копенгаген конференциясы», 1985-жылы «Найроби конференциясы» жана 1994-жылы Каирде «Калк жана өнүгүү конференциясы» болуп өттү. Каир конференциясынын отчётунда жыныстык жана репродуктивдик саламаттык кызматтары камсыздалышына, төрөттү көзөмөлдөөгө чакырылды. 1995-жылдагы Пекин конференциясында жана 1999-жылдагы Голландия конференциясында эркек менен аял өспүрүмдөргө гомосексуализм, коопсуз аборт жана зынага уруксат берилди.

Ушул эл аралык конференциялардан регионалдык конференциялар келип чыкты. Алардын ар биринде «аялдар жана маалымат каражаттары», «аялдар жана таалим», «аялдар жана үй-бүлө», «аялдар жана өнүгүү», «аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү» сыяктуу үй-бүлө бүтүндүгүн бир бөлүгү, ал тургай пайдубалы болгон аялды адаштырууга каратылган маселелер талкууланды. Биз «гендер» түшүнүгүнө этибарды каратган ЮНИСЕФ, ЮНЕСКО жана ЮНИФЕМ сыяктуу түрдүү уюмдарды да унутпайбыз. Акыйкатта болсо, «гендер» түшүнүгү гомосексуализмге, эркек менен аялды бүтүндөй теңдөөгө, алардын ортосундагы туура, ал тургай биологиялык айырмачылыктарды жок кылууга чакырык болуп эсептелет. О.э. бул Аллах Тааланын:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنَّا خَلَقۡنَٰكُم مِّن ذَكَرٖ وَأُنثَىٰ﴾

***«Эй инсандар! Силерди бир эркек жана бир аялдан жараттык»*** [4:1]

деген сөзүн инкар кылуу саналат.

Бул уюмдар, ассоциациялар жана конференциялардын бардыгы Эл аралык Валюта Фонду, Эл аралык Банк жана Эл аралык Амнистия уюму тарабынан берешендик менен каражыланат.

﴿مَّا يَوَدُّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنْ أَهْلِ ٱلْكِتَـٰبِ وَلَا ٱلْمُشْرِكِينَ أَن يُنَزَّلَ عَلَيْكُم مِّنْ خَيْرٍ مِّن رَّبِّكُمْ﴾

***«Ахли китептерден болгон кафирлер да, мушриктер да Роббиңер тарабынан силер бир жакшылык түшүшүн каалашпайт»*** [2:105]

Бул эл аралык уюмдардын абалын, сөздөрүн жана иштерин күзөткөн киши ушуну анык түшүнүп жетет – алар дүйнөдөгү эл аралык абалды көзөмөлдөп турган Америка башчылыгындагы ири мамлекеттерден көз карандысыз эмес. Алар колонизатор капиталисттик мамлекеттер тарабынан финансылык жана саясий жактан колдоп-кубатталат. Бул мамлекеттер мусулман өлкөлөрүндөгү калктарды илманийештирүү, аларды done динден жана дин өкүмдөрүнөн алыстатып, адаштыруу үчүн ушул уюмдардан пайдаланган о.э. бул уюмдардын токтомдору алардын эл аралык кызыкчылыктарына кызмат кылышы үчүн аларды көзөмөлдөгөн мамлекеттер.

Мына, Америка бардык баалуулуктарга, принциптерге, ахлак жана адам табиятына тескери, бардык мыйзамдар жана илахий диндерге каршы кадамды таштап, Ак үйдүн тарыхындагы эң чоң майрамда президент Жо Байдендин тили менен ал «гей улуту» экендигин жарыялады. О.э. бул майрамда Ак үйдө ЛГБТ байрагы көтөрүлдү.

Американын мындай позициясы жаңылык эмес. АКШнын мурунку президенти Билл Клинтон 1999-жылы ар жылдын июнь айын гей-прайд деп жарыялап, бир айды «ЛГБТ коомчулугу» деп аталган майрамдарга арнаган. Президент Обама да гейлерди көбүрөөк колдоп-кубаттоону улантып, гейлер күнүн «жеңиш күнү» жана «сүйүү күнү» деп атады. АКШнын учурдагы Жо Байден Америкада бир жыныстуу никелерге урухсат берген мыйзамга кол койду.

Америка эл аралык абалга өкүмдарлык кылып, гомосексуализм маданиятын мыйзамдуу жана конституциялык жол менен кабыл алып, мыйзамдаштырышы ал эл аралык уюмдар аркылуу аны колдонуу боюнча системалу план негизинде иш жүргүзүп жатканын көрсөттү. Аны активдүү жана даярдаган нерсе келишимдердин пункттары эмес, бул жөнүндө расмийлердин ачык жана бетпак сүйлөгөнү болду. Мамлекет жетекчилери жана БУУнун башкы катчыларынан тартып, мусулман өлкөлөрүндө иш жүргүзүп жаткан феминисттик уюмдар бул жөнүндө айтты. Айрыкча, Америка

мусулмандардын жашоосунан шаръий өкүмдөрдү, өзгөчө нукура диндин кээ бир өкүмдөрүн белгилүү бир даражада сактап калган ижтимаий (социалдык) түзүмгө байланыштуу өкүмдөрдү түп-тамыры менен жок кылуу үчүн жүргүзүп жаткан күрөшүндө бул жөнүндө көп сүйлөдү.

«CEDAW» конвенциясынын 2-беренесинде: «Динге негизделген мыйзам жана үрп-адаттарды баарын бекер кылуу жана аларды эл аралык мыйзамдарга алмаштыруу» деп жазылган. О.э. 1993-жылы кабыл алынган «Аялдарга карата зомбулукту алдын алуу» туурасындагы Бүткүл дүйнөлүк декларациянын 4-беренесинде мындай делет: «Мамлекеттер аялдарга карата зомбулукту каралашы жана аны алдын алуу жоопкерчилигинен кутулуу үчүн эч кандай үрп-адат, салт же диний көз караштарды шылтоо кылбашы керек».

Феминисттик кыймылдар, бейөкмөт жана коммерциялык эмес уюмдар сексенинчи жылдардан баштап бүгүнкү күнгө чейин өстү. Ал өзүнүн сөз сүйлөө өнөрүн адам укуктары, айрыкча аял жана баланын укуктарына үгүттөгөн эл аралык сүйлөө өнөрү менен шайкеш кылды. Бул укуктар Батыштын көз карашы жана капиталисттик коомдорго байланыштуу болгон о.э. аялдарды тартуу, аларды эл аралык келишимдердин пункттарынан келип чыккан сунуш жана назариялар айланасында бириктирүү үчүн гендер жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү сыяктуу эл аралык стандарттарды жана жандашууларды кабыл алган укуктар.

Бул уюмдардын аракеттери Шамдан тартып Ирак, Марокко жана Араб булуңундагы өлкөлөрүбүздө Батыштын маданиятын т.а. «гомосексуализм жана бузукулук» маданиятын жаюу үчүн бир долбоор жана план негизинде бирикти.

Өкүмдар режимдер ушул эл аралык риториканы кабыл алышы жана аялдын эркек менен бүтүндөй теңдигине о.э. алардын көз карашына ылайык дүйнөлүк экономикалык ыкчамдык өсүшүнө таасири чоң болгон экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө чакырышы ушул бузгунчу долбоордун тез жайылышына жардам берет.

Ислам сакафатын, ахлагын жана жогорку баалуулуктарын түп-тамыры менен жок кылып, алардын ордуна «CEDAW» жана ага окшогон конвенциялардын маданиятын алып келүү үчүн өкүмдар режимдер бардык визуал, аудио жана жазма маалымат каражаттарын сапарбар кылышты. Таалим-тарбия министрликтери аркылуу таалим программалары колдонулду

жана иш-чаралар өткөрүлдү. Феминисттик талаптар аткарылышы үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилди. Мындан тышкары «гендер» долбоорун колдоп-кубаттаган бардык укуктук феминисттик уюмдарга материалдык жана логистикалык жардам көрсөтүлдү.

Ушул негизден келип чыгып, Батыш уюмдарынын көрсөтмөлөрү режимдердин иш-аракети менен бириктирилди. Көпчүлүк адамдар бузгунчулукту жаюу үчүн түзүлгөн феминисттик кыймыл жана бирикмелердин кулуна айланды. Натыйжада, башында аялды азат кылууга жана анын эркек менен теңдигине, кийин жынысты өзгөртүүгө о.э. үй-бүлөнүн көптөгөн түрлөрүнө жана формаларына чакырган программа жана долбоорлор пайда болду.

Феминисттик уюмдар эл аралык келишимдердин токтомдорун интеллигенттер жана Батыш сакафатына суугарылгандар ортосунда алгылыктуу болгон ураандар менен, айрыкча, аялды коргоо жана аны менен эркекти бөлүүгө чекит коюу урааны менен курчап, аларды бизге экспорт кылышты. Ошондуктан, «гендер теңдиги», «гендер адилети» жана «гендер түрү» сыяктуу гендерге негизделген аталыштар о.э. «бир жыныстуулар никеси», «жыныстык өзгөрүү», эркек менен аялдын ролдорун алмаштыруу, полиандрия (көп эрдүүлүк) деп аталган түшүнүктөрдү бекемдеген аталыштар пайда болду. Мындан тышкары, илахий шарияттар алып келген диний баалуулуктарга, адам табиятына жана Аллах адамдарды жараткан табигый табиятка тескери болгон нерселер пайда болду.

Феминисттик адам укуктары уюмдары көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндө бардык эл аралык токтомдордун тездик менен ишке ашырылышын камсыздоо үчүн астейдил жана активдүү иштөөнү улантууда. Бирок, бул бузук жана бузгунчу фикирлерди коом кабыл алышына байланыштуу бир аз айырма бар. Мисалы, бул уюмдардын бардык маданияттар үчүн ачык болгон Ливандагы аракети Ирак, Иордания же Мисирдеги аракетинен айырмаланат. Бирок, бул айырмачылык Умматты гомосексуализм жана бузгунчулук маданиятына оодуруга каратылган максаттарга таптакыр таасир кылбайт.

Өкүнүчтүүсү, бул максат жана пландардын чоң бөлүгү ишке ашты. Ислам дүйнөсүндөгү ижтимаий турмушту күзөткөн кишиге сыр эмес, каерде мындай уюмдар көп жана аракети күчтүү болсо, ал жерде өтө кооптуу жаман шарт өкүм сүрүүдө

жана ал жерди дээрлик ар тараптан тынчсызданууу жана ташбиш курчап алган.

Ливанды колдоп-кубаттоо борбору (эл аралык масштабда каржыланган жана жарандык коомду үйрөнүүгө адистешкен борборлордун бири) жарыялаган «Гендер тармагындагы активдүү тараптар жана алардын Ливанга аралашуусу» деген отчётко ылайык, Ливанда аял укугу, гендер, эки жыныс ортосундагы теңдик, аялга карата зомбулук жана опекундук укугу маселелерине этибарын караткан кеминде 40 бейөкмөт уюм бар.

Сурамжылоонун натыйжаларынан белгилүү болгондой, 36 феминисттик уюмдун 27си аял укугу маселесинде, 13ү болсо эки жыныс ортосундагы теңдик маселесинде, 5и эрте нике маселесинде, 4ү гейлер, лесбиянкалар жана трансгендерлер маселесинде иш алып барат.

БУУ уюмдары арасында Ливандагы ижтимаий маселелер боюнча иш жүргүзгөн донорлор ушуларга бөлүнөт: Батыш Азия экономикалык жана ижтимаий комиссиясы (ESCWA); Азык-түлүк жана айыл-чарба уюму (FAO); БУУнун өнүгүү программасы, БУУнун аялдар үчүн өнүгүү кору (UNIFEM). Батыштын жарандык коом уюмдарынын кээ бирлери Германиянын «Фридрих Науман кору» жана «Фридрих Эберт кору» сыяктуу саясий партиялар тарабынан каржыланат.

Чет мамлекеттерге келсек, алардын Ливандагы бейөкмөт уюмдарга көрсөткөн жардамы чоң. Мындай мамлекеттердин эң көзгө көрүнгөнү Кошмо Штаттар болуп, ал Ливанда иш жүргүзүп жаткан агенттиктери аркылуу жардам көрсөтөт. Бул агенттиктердин эң маанилүүлөрү: USAID жана Демократия үчүн улуттук кору. Мындан тышкары, Европа Союзу мамлекеттери, Британия жана Австралия элчиликтери тарабынан каржыланат.

Ушул орунда мындай суроо пайда болот: «Каржылоо» тенденциялары ишке ашырылып жаткан долбоорлор жана кампаниялардын амалий касиеттерин аныктоодо кандай жардам берет?

Түрдүү маданияттарды өзүнө тарткан ачык өлкө болгон Ливанда мындай феминисттик уюмдардын көп болушу табигый абал деп айтылбашы үчүн биз баскынчылык астында калган, дагы эле дин өкүмдөрүн, айрыкча, ижтимаий түзүмгө тиешелүү өкүмдөрдү сактап келе жаткан Фалестин өлкөсүн дагы бир мисал катары келтиребиз. Ал жерде Фалестин аялдары жалпы

союзу башчылыгында аялдарга тиешелүү эл аралык келишимдер жана «CEDAW» конвенциясын даярдоо жана көзөмөлдөө үчүн атайын феминисттик жарандык коалиция түзүлгөн.

Коалиция Фалестин Азаттык Уюмунун ричагдарынын бири болуп, ал 57 укуктук жана феминисттик институттар, профсоюздар жана феминисттик бирикмелерден турат. Алар Батыш Жээкте, Куддуста жана 23 уюмду өз ичине алган Газа секторунда аялдарды колдоо жана коргоо о.э. ижтимаий, экономикалык, саясий, саламакттыкты сактоо, таалим жана укуктук тармакта, жергиликтүү жана эл аралык масштабда мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү үчүн иш алып барат.

Мындан тышкары Фалестин жарандык уюмдары тармагы да бар. Анын сайтында айтылгандай, ал эгемен демократиялык жарандык топ болуп эсептелет. Бул топ демократиялык принциптер, ижтимаий адилет, туруктуу өнүгүү жана адам укуктарын урматтоо алкагында Фалестин коомун колдоп-кубаттоо жана бекемдөөнү максат кылат. Фалестин жарандык уюмдары 1993-жылы сентябрь айында «Осло келишими» түзүлгөндөн кийин түзүлгөн. Ага түрдүү гуманитардык, ижтимаий жана өнүгүү тармактарында иш жүргүзгөн 145 Фалестин жарандык уюмдары мүчө. (Бул сан алардын түзүлүшүнүн башындагы сан. Бирок, бүгүнкү күндө Батыш Жээкте жарандык коом уюмдары тармагында тизмеге алынган 516 уюм бар: Газада 189, Борбордук округда 73, Хан Юнуста 55, Рафахта 43, Рамаллах жана Бийрада 36).

Газада аялдар жана балдар геноцид болуп жатканда бул феминисттик уюмдар кайда калды?! Же саясий кызыкчылыктар эмнени талап кылышына карап, адам укуктары кээде айтылып, кээде айтылбайбы?!

Аялдар жана балдардын укугун коргоону айткан, биздин коомдордо тамырдагы кан сыяктуу агып жаткан ушул феминисттик жана эл аралык уюмдар Троя аты сыяктуу. Алар аялды кыялдагы ураандар менен тойдуруп, ага кубанычтуу турмушту убада кылат. Алардын максаттары арасында жашыруун кара ниет максаттар бар, алар аркылуу Умматка жамандыкты каалайт жана аны бузгунчулук баткагына батырууга аракет кылат. Бул уюмдар үй-бүлөлөрүбүзгө жетип, келечек муунубузду жок кылуу үчүн аялды адаштыруу о.э. бул аркылуу дин жана пакиза шарият өкүмдөрүн жок кылуу каражатынан башка нерсе эмес. Бирок, бул уюмдар

ийгиликсиздикке учурады жана алардын аракеттери кыйрады. Себеби, ааламдар Роббиси Исламды кыямат күнүнө чейин сактап калат жана акыйкат калкы үстөм болот. Эгер батыл күчөп жайылса, ал тургай бир канча убакыт өткөндөн кийин болсо да, албетте кыйрайт. Залим жана фасык адамдар болсо жакында кандай акыбетке бара жатышканын билип алышат. Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ يُنفِقُونَ أَمۡوَٰلَهُمۡ لِيَصُدُّواْ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِۚ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيۡهِمۡ حَسۡرَةٗ ثُمَّ يُغۡلَبُونَۗ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ إِلَىٰ جَهَنَّمَ يُحۡشَرُونَ﴾

***«Албетте, кафир болгон кимселер байлыктарын Аллахтын жолунан тосуу үчүн иштетишет. Анан, аны сарпташат го, кийин ошол** (байлыктары) **өздөрүнө өкүнүч болот, кийин жеңилишет. Кафир болгон кишилер жаханнамга топтолушат»*** [8:36]

Батыштын Ислам Умматына кандай зыян жеткирүүнү пландап жатканы бизге анык болду. Бул болсо бизден ушул бузгунчу уюмдар үгүттөп жаткан бул жалган чакырыктардан этият болууну, алданып, кескелдириктин уюгуна кирбешибиз үчүн аларды шарият таразасы менен өлчөшүбүздү талап кылат.

Биз чоң-кичине нерселерге Исламий акыйда көз карашынан гана карашыбыз керек. Ошондо биз Ислам бизди эмнеге буйруганын, эмнеден кайтарганын жана кандай өкүмдөрдү баян кылганын көрүп, аларды ээрчийбиз жана амал кылабыз. Биз кылышыбыз керек болгон эң баштапкы нерселердин бири – бул кара ниет уюмдарга каршы туруу. Биз аялдар жана кыздардын бул уюмдарга баруусуна, бузгунчу иш-чараларына катышуусуна жол бербөө аркылуу алардын пландарын кыйратышыбыз зарыл. Муну менен бирге, динин кадырлаган, турмушундагы бардык иштерде шариятты өкүмдар кылган алдыңкы муунду өстүрүү үчүн аялды Ислам сакафаты жана түшүнүктөрү менен, айрыкча, аялга, анын укугу жана вазыйпаларына о.э. Исламий турмуштагы негизги ролуна тиешелүү өкүмдөр менен коргондоп бекемдешибиз керек. Аллах Таала бизди ушуга буйруп айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ قُوٓاْ أَنفُسَكُمۡ وَأَهۡلِيكُمۡ نَارٗا وَقُودُهَا ٱلنَّاسُ وَٱلۡحِجَارَةُ عَلَيۡهَا مَلَٰٓئِكَةٌ غِلَاظٞ شِدَادٞ لَّا يَعۡصُونَ ٱللَّهَ مَآ أَمَرَهُمۡ وَيَفۡعَلُونَ مَا يُؤۡمَرُونَ﴾

***«Эй, момундар, силер өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар менен таштар болгон тозоктон сактагыла, ал** (тозок)*

***үстүндө катуу дил жана катуу кол, Аллах аларга буюрган нерсеге итаатсыздык кылбаган, өздөрүнө буюрулган нерсени гана кылган периштелер турат»*** [66:6]

Ислам өз өкүмдөрү жана мыйзамдары менен эркек жана аялдын бейпил турмушунун чыныгы кепили. Ислам аялга эне, эже-карындаш, аял, кыз жана сакталышы керек болгон намыс деп карайт. Аны коргоону, ага камкордук көрсөтүүнү, анын нафакасын камсыздоону жана ага мээримдүү болууну Ислам эркектин мойнуна жүктөйт. Ислам акыйдасы мусулман үй-бүлөнүн Ислам өкүмдөрүнө ылайык жашашындагы чыныгы күч болуп, ал анын кадыржамдыкка жана жыргалчылыкка жетишүүсүн камсыздайт о.э. аны бардык балээ жана жамандыктардан коргойт.

Ислам мабдасында көрсөтүлгөндөй башкарган жана анын өкүмдөрүн коомдун саясий, экономикалык, ижтимаий жана таалим түзүмдөрүндө колдонгон Ислам мамлекети өткөн кылымдарда болгондой бүткүл адамзаттын укуктарын коргойт.

Мусулмандардын иштерин камкордук менен башкарган жана анын көлөкөсүндө жашап жаткандардын бардыгына кам көргөн Халифалык кулатылып, анын өкүмдөрү адамдар тарабынан кабыл алынган жана Аллах алар жөнүндө эч бир хужжат түшүрбөгөн мыйзамдарга алмаштырылгандан бери адамдар караңгылык жана адилетсиздикте жашап жатышат. Аллахтын урухсаты менен алдыдагы күндөр капитализмдин кулашына о.э. нур жана ырайым жаюу үчүн Исламдын өнүгүшүнө күбө болот.

Аллахтын урухсаты менен тикелене турган Халифалык мамлекетинин конституциясында келген кээ бир пункттарды айтып өтөбүз. Бирок, бул салыштыруу үчүн эмес. Себеби Ислам өкүмдөрү аял үчүн жүзөгө чыгарган бийиктик менен Батыш хазараты алып келген төмөндүк жана бактысыздыктар ортосунда чоң айырма бар. Аллах Тааланын өкүмдөрү менен адамдардын өкүмдөрүн салыштырууга орун жок. Себеби, адамдар кабыл алган өкүмдөр аялдын эле эмес, бүткүл адамзаттын деңгээлин төмөндөштүрдү.

**112-берене:** аял – эне жана үй кожойкеси. Ал – корголушу важиб болгон намыс.

**113-берене:** эркектер жана аялдар коомдо бири-биринен бөлүнгөн абалда жашашы керек. Алар шарият урухсат берген ажылык жана соода сыяктуу жерге жыйылууга себеп болгон

муктаждыктар жүзөсүнөн гана бир жерде чогуу болушу мүмкүн.

**114-берене:** эркекке берилген укуктар аялга да берилет. Эркекке фарз кылынган милдеттер аялга да фарз. Бирок, Ислам шаръий далилдер аркылуу кээ бир өкүмдөрдү эркекке жана кээ бир өкүмдөрдү аялга чектеген. Аял да соода, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенүүгө, келишим жана мамилелерди түзүүгө, мүлкчүлүктүн бардык түрлөрүнө ээ болууга, мүлктү өзү же башка адам аркылуу өстүрүүгө жана турмуштагы бардык иштерди түздөн-түз өзү аткарууга акылуу.

**115-берене:** аял кишинин мамлекеттик кызмат орундарына дайындалуусу, мазалим казылыгынан башка казылык кызматтарында иштеши, Уммат межлиси мүчөлөрүн шайлашы жана ага мүчө болушу о.э. халифаны шайлоого жана ага байъат берүүгө катышуусу жайиз.

**119-берене:** эркектин да, аялдын да адеп-ахлак үчүн кооптуу болгон же коомдо бузукулукту жайылта турган ар кандай ишке барышына тыюу салынат.

**120-берене:** эрди-катындык турмуш көңүл тынчтандырган турмуш болуп эсептелет. Эрди-катындын турмушу достук турмушу болот. Эри аялга өкүмдар болуп эмес, камкор болуп башчылык кылат. Аялдын эрине итааттуу болушу, эрдин болсо аялга – адатта ушундай аялга кандай нафака кылуу керек болсо – ошондой нафака бериши фарз.

Эркек менен аялдын жамдалышын, бул жамдалуудан келип чыга турган мамилелерди тартипке салган ушул жана башка беренелер Исламдан башка түзүм аялды урматтабашын көрсөтөт. Себеби, Ислам аялды нафакасын жана үй-жайын жолдошуна жүктөгөн. Эри аялына бере турган нерсени садаканын эң абзели кылып белгиледи. Расулуллах ﷺ айтат:

«مَنْ تَرَكَ كَلًّا فَإِلَيَّ وَعَلَيَّ»

**«Ким бала-чака калтырса, мен аларга демөөрчүлүк кыламын жана ким карыз калтырса, аны төлөө менин мойнумда».**

«رِفْقًا بِالْقَوَارِيرِ»

**«Шише идишти этиятта** (аялыңа жакшы мамиледе болгун)**».** Аял – эне, үй кожойкеси жана корголушу керек болгон намыс. Ислам аялга иштөөнү милдет кылбады, тескерисинче ага жана балдарына нафака белгиледи. Аялды аны коргоо үчүн кошуундар аракетке келген корголгон баалуу

берметке айлантты. Расулуллах ﷺ, сахабалар жана аларды ээрчиген Муътасим сыяктуу аскербашчылар ушундай кылышты. Муътасим кол салууга учураган аялдын намысын тикелөө үчүн үлкөн кошуунду аракетке келтирди, ал тургай ал (т.а. аял) ошол убактагы эң кубаттуу падышалыктын багындырылышына себепчи болду.

Тикелениши күтүлүп жаткан Халифалык мамлекетинин феминисттик уюмдарга кандай мамиледе болушу жөнүндө Халифалык мамлекетинин конституция долбоорунда мындай делет:

**182-берене:** эч бир адам, партия, топ же жамаат бирер чет мамлекет менен мамиле кылышы таптакыр жаиз эмес. Башка мамлекеттер менен орнотула турган ар кандай мамилелер мамлекетке тиешелүү. Анткени, малекет гана Умматтын иштерин иш жүзүндө башкаруу укугуна ээ. Уммат жана саясий топтордун милдети – ушул тышкы мамилелер жаатында мамлекетти мухасаба кылуу.

**191-берене:** Ислам мамлекети Ислам негизине курулбаган же Ислам өкүмдөрү колдонулбаган уюмдарга катышуусу жаиз эмес. Мындай уюмдардын катарына Бириккен Улуттар Уюму, Эл аралык сот, Эл аралык Валюта Фонду, Дүйнөлүк Банк сыяктуу эл аралык уюмдар жана «Араб мамлекеттери лигасы» сыяктуу регионалдык уюмдар кирет.

Эл аралык жана жергиликтүү уюмдар негизделген масаелени шарият харам кылган. Себеби, алар куфр түзүмү болгон капиталисттик түзүмгө негизделген. Мындан тышкары алар ири мамлекеттер колундагы курал болуп эсептелет. Айрыкча, Америка өз өкүмдарлыгын кичи мамлекеттерге, алардын катарында Ислам дүйнөсү мамлекеттерге жаюу үчүн бул уюмдардан пайдаланат. Ошондуктан, адамдардын, уюмдардын жана Исламий мамлекеттин мындай уюмдарга кошулуусу харам.

Хизб-ут-Тахрир даярдаган Халифалык мамлекетинин конституция долбоорунун бул беренелери жана башка көптөгөн беренелери бизге ушуну баян кылып көрсөтөт – Ислам адамдын кичине же чоң иштеринин эч бирин мыйзам, эреже жана түзүмдөр аркылуу тартипке салбай калтырбайт. Пенделеринин иштерин, алардын жашоосун эмне оңдоп, проблемаларын эмне чечишинен Кабардар жана Мээримдүү Заттан билимдүү ким бар?!

Бул капиталисттик уюмдардын зулумунан азат болуу үчүн Ислам адилетине негизделген мамлекетти тикелөөдөн башка чара жок. Аялдардын абалын өзгөртүү жана аларга адилетти камсыздоо үчүн Исламий жашоону кайра тикелөөдөн башка жол жок. Анткени, бул мамлекет бардык жакшылык, ийгилик жана адилетти өз ичине алган, Аллахтын шариятына таянган мыйзамдарды кабыл алат. Биз кафирлерге малай болгон режимдер жана кафир Батыштын күн тартибине көз каранды болгон карамүртөз феминисттик уюмдар бизди тартып жаткан мындай кыйратуучу кулоого мажбур эмеспиз. Бизде чыныгы альтернатива, Аллахтын Китебинен жана Расулуллах ﷺдын Сүннөтүнөн истинбат кылынган конституция бар. ❑

## Жакынкы Чыгышта канча Америка күчтөрү жайгаштырылган?

Америка коргоо министрлиги Пентагон баса белгилешинче: «Учурда Жакынкы Чыгышта 40 миң америкалык аскер бар, нормалдуу шартта бул көрсөткүч 34 миңге барабар». Бул жөнүндө Reuters агенттиги хабар берди. Өз кезегинде Пентагон маалымат катчысы Сабрина Сингх журналисттерге мындай деди: «Департамент Жакынкы Чыгыштагы кырдаалды дыкат күзөтүүнү улантууда». Ал айтышынча, АКШ (Израиль) менен Америка кошуундарын коргоо үчүн Жакын Чыгышта өзүнүн аскерий күчүн жана мүмкүнчүлүктөрүн бекемдеген. Пентагон 2024-жылы 12-августта хабар беришинче: «АКШ коргоо министри Ллойд Остин АКШнын баллистикалык ракета менен жабдылган USS Georgia суу астында сүзгөн кемесин CENTCOM жоопкерчилиги астындагы аймакка жөнөтүүгө буйрук берген. О.э. F-35C учактары менен «USS Abraham Lincoln» авианосецин АКШ борбордук командачылыгынын (CENTCOM) жоопкерчилигиндеги аймакка барышын тездетүүнү буйруган жана бул «USS Theodor Roosevelt» авианосецинин мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүшүн айткан. Пентагон маалымат катчысы генерал майор Патрик Райдер берген билдирүүгө ылайык, Остин (Израиль) коргоо министри Йоав Галант менен телефон сүйлөшүүдө Вашингтон (Израилди) коргоо үчүн «ар кандай кадамга» барышы мүмкүндүгүн айткан.

**Ал-Ваъй:** региондо Америка күчтөрүнүн күчөтүлүшүнөн жарыя кылынган максад – яхудий вужудун коргоо. Жарыя кылынбаган нерсеге келсек, Америка Фалестин маселесин өз ичине алган регион маселесинин чечими үчүн жана яхудий вужуду менен Ливан, Сирия жана Иордания ортосундагы алакалардын келечеги үчүн өз планын тыгыштырмакчы. Ошондуктан булардын баары көбөйтүлүшү мүмкүн болгон аскерий катышууну, аскерий аралашууну, согуштарга катышууну жана яхудийлерди анын планына хызмат кылган куралдар менен камсыздоону талаб кылат.

## Раввин Фалестиндик туткунга жыныстык тийиштик кылган аскерлерди урматтоого чакырууда

(Израиль) саясатында чоң таасирге ээ, теги тунистик, Харедим (радикал яхудийлер) арасында эң таасирдүү

раввиндердин бири, чечим кабыл алуучулар арасында чоң салмакка ээ, жогору мартабадагы министрлер, анын катарында Нетаняху жана Ликуд партиясынан болгон Кнессет мүчөлөрү аны менен кеңешүү үчүн алдына барган Меир Мазуз фалестиндик туткунга жыныстык тийиштик кылууда айыпталган (израилдик) аскерди колдорун айтты жана андай кишилерди токтотуунун ордуна «урматтоо» зарылдыгын билдирди. Иброний радио уктуруу корпорациясы баса белгилешинче, бул раввин жакында Негеф чөлүндөгү белгилүү Сде Тейман камагында хызмат кылган жана ал жерде Газадан алынып келинген туткунга жыныстык тийиштик кылууда айыпталган аскерлер менен жолугушкан. Раввин шектелген аскерлердин бирине дуа кылып жатканы көрсөтүлгөн. Корпорация чыгарган жана социалдык тармактарда жайылган видеодо раввин Мазуз айыпталган аскерге: «Жакында сиз бүтүндөй акталасыз», «Сиздин кылган ишиңиз душманга сокку болду, баары жакшы болот, башка ар кандай мамлекетте сиз сыяктууларга сыйлык беришет», - деген. Телерадио корпорациянын маалыматына ылайык, жологушууда фалестиндик туткунга жыныстык зомбулук жасагандыкта айыпталган айрым аскерлерди коргогон адвокат катышкан. Адвокат раввинге: «Мендеги маалыматка ылайык, дарыгерлердин биринин фикиринде бузгунчу (зомбулукка учураган фалестиндик) жалган сүйлөгөн», - деген. Раввин ага: «А түгүл бул ырас болсо да, биздин мындай ишке акыбыз жокпу?», - деп жооп берген.

**Ал-Ваъй:** яхудий дини эң текчил дин болуп, анын таалиматы боюнча яхудий болбогондор наадан жана жахилдер болуп, яхудийлер аларга каалаган ишин кылышы мүмкүн. Алардын бул фикирлери Куръанда да айтылган. Ошондуктан яхудийлердин дуня калктары менен болгон тарыхы алардын текеберлигине жана фитнасына толо. Алардын бул сыфатына жооп катары алар Европа мамлекеттеринен куулуп, түрдүү кыргындарга дуушар болушкан. Андыктан алар Исламга гана эмес, бүткүл дуняга душман.

## Марион жашыруун камагы – мусулмандар үчүн кичине Гуантанамо

«The Nation» журналы Америкадагы жашыруун камактардын көлөмү 15 жыл ичинде 80%га көбөйгөнү жөнүндө отчёт

жарыялады. Терроризмге алакадар делген адамдарды жайгаштыруу үчүн ачылган бул бөлүмдөр бийликтин саясатына каршы болгондорду жазалоо үчүн да колдонулат. Федералдык бийлик 2006 жана 2008-жылдары эки жашыруун камак ачкан, ал жердеги туткундардын 70%ы мусулмандар, алар федералдык камактын туткундарынын 6%ын түзүшөт. Иллинойс штатынын Марион шаарындагы «Кичине Гуантанамо» деп белгилүү болгон камакта алака башкаруу бөлүмү бар экени аныкталган. Ал оболу терроризмге алакадарлыкта шектелгендерди жайгаштыруу үчүн курулган жана ал жерде камакка алынгандар изоляция жана катуу көзөмөл астында болушат. Жаңы иликтөөлөр ушуну көрсөттү – бийлик Мериленд штатында жаңы бөлүм курууну пландап бул бөлүмдөрдөн файдаланууну кеңейтүүдө. Ал жердеги мусулмандардын саны азайганына карабастан, 2023-жылы алардын саны туткундардын 35%ын түзгөн. Башкы инспектордун 2020-жылдагы отчётунда «террорчу туткундарды» көзөмөл кылуу үчүн алты бөлүм түзүү планы көрсөтүлгөн. Журнал Колорадо университетинин укук таануу профессору Вадиъ Саидге таянып, мусулмандар үчүн өзгөчө кеңири көлөмдүү саясатка таянуу программа башталгандан бери анын негизи болгонун айтты.

**Ал-Ваъй:** Америка тышкы дуня менен күрөштө ойлоп тапкан кылмыштуу идеялар, кыйноо ыкмалары жана каражаттары менен дуня үчүн эң чоң кооп-коркунучка айланды... Бул хабар жада калса Американын ичинде өзү үчүн да, азаттыгы үчүн да дунядагы эң террорчу деп саналган өз мамлекетинен канчалык коопсуз эместиги жөнүндөгү элести берет.

## Эр-Риязда «Дуня куткаруучусу» картинасы кайра пайда болобу?

Леонардо да Винчиге таандык «Сальватор Мунди» же «Дунянын куткаруучусу» деп аталган картина 2017-жылы канзада Мухаммад ибн Салманга рекорддук даражада 360 миллион фунт стерлингге сатылган. Белгилүү Лувр музейинин Саудия филиалындагы Ан-Нажма көргөзмөсүндө ал кайра пайда болушу тастыкталууда. Сауд Арабия Королдугу жөнүндөгү BBCнин даректүү фильминде айтылышынча, «Сальватор Мунди» картинасы адам укуктары жаатындагы

жаман аброюн тикелөө үчүн атайын курулган ири жаңы музейдин борбордук экспонаты катары Булуң акимдеринин бири тарабынан көрсөтүлүү алдында турат. BBCнин хабарында айтылышынча, 2017-жылы сатылары менен белгилүү болгону, андан кийин анын бат жоголушу жана Леонардонун улуу “Мона Лиза” сүрөтү менен алакадарлыгы себебтүү Сауд Арабиядагы жаңы Лувр музейинин маданий картага киргизилишине негиз болушу мүмкүн. Ойгонуу доорунун эксперти жана Art Newspaper басылмасынын башкы редактору Алисон Коул мындай дейт: «Сальватор Мунди Эр-Рияздагы абдан чоң жаңы музейдин борбордук экспонаты катары көрсөтүлүшү пландалган. Анткени ал Мона Лиза сыяктуу өзгөчө өзүнө тартуу күчүнө ээ жана бул таң калычтуу болбойт деген үмүттөмүн». Тарыхий сүрөтчү Леонардо да Винчи боюнча адис Мартин Кемп аны «Эркек Мона Лиза» деп атаган. 2017-жылы сүрөт «Кристис» музейинде аукционго коюлганда, музей бул аталышты кабыл алган. «Королдук: Дунядагы эң күчтүү канзада» фильминин 19-августтагы бөлүгүндө Сауд Арабиянын мураскер канзадасы Мухаммад бин Салман менен талкуу кылынган Саудиянын 2030-жылга карата Vision долбоорунун алкагында ири музей куруу планы жөнүндө Принстон университетинин профессору сүйлөдү. Принстон университетинен академик Бернард Хейкел Сауд Арабиянын Маданият министри канзада Бадр ибн Абдуллах ибн Мухаммад ибн Фархан Аль Сауд картина сатып алынгандан бери ошол жерде турганын тастыктады. Ал кошумчалап: «Ал музейдин курулушунун бүтүшүн күтүүдө жана кийин ошол жерге коюлат», - деген.

**Ал-Ваъй:** бул мусулмандардын акчаларын сапырып жаткан, эң оор күндөрдө Умматына жана динине тескери жүргөн канзаданын ташбиши… Бул канзада Аль Сауддун шектүү акимдери жөнүндөгү чындыкты ашкере кылды… Бул чындык көпчүлүк адамдарга жашыруун эле… Бул акыр заман көрүнүштөрүнөн болуп, ал абдан тездешүүдө. ❑

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

﴿إِنَّ أَوۡلَى ٱلنَّاسِ بِإِبۡرَٰهِيمَ لَلَّذِينَ ٱتَّبَعُوهُ وَهَٰذَا ٱلنَّبِيُّ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْۗ وَٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ﴾

***«Адамдардын Ибрахимге эң жакыны – аны ээрчигендер, бул набий** (Мухаммад алайхиссалам) **жана ыйман келтиргендер. Аллах – муминдердин валийи»***

Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَهۡلَ ٱلۡكِتَٰبِ لِمَ تُحَآجُّونَ فِيٓ إِبۡرَٰهِيمَ وَمَآ أُنزِلَتِ ٱلتَّوۡرَىٰةُ وَٱلۡإِنجِيلُ إِلَّا مِنۢ بَعۡدِهِۦٓۚ أَفَلَا تَعۡقِلُونَ ۞ هَٰٓأَنتُمۡ هَٰٓؤُلَآءِ حَٰجَجۡتُمۡ فِيمَا لَكُم بِهِۦ عِلۡمٞ فَلِمَ تُحَآجُّونَ فِيمَا لَيۡسَ لَكُم بِهِۦ عِلۡمٞۚ وَٱللَّهُ يَعۡلَمُ وَأَنتُمۡ لَا تَعۡلَمُونَ ۞ مَا كَانَ إِبۡرَٰهِيمُ يَهُودِيّٗا وَلَا نَصۡرَانِيّٗا وَلَٰكِن كَانَ حَنِيفٗا مُّسۡلِمٗا وَمَا كَانَ مِنَ ٱلۡمُشۡرِكِينَ ۞ إِنَّ أَوۡلَى ٱلنَّاسِ بِإِبۡرَٰهِيمَ لَلَّذِينَ ٱتَّبَعُوهُ وَهَٰذَا ٱلنَّبِيُّ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْۗ وَٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ﴾

***«Эй, ахли китеб, эмне үчүн Ибрахим жөнүндө*** *(ал биздин динибизде болгон деп)* ***талашасыңар! Акыры Таурот да, Инжил да андан кийин түшкөнү анык го! Акыл иштетпейсиңерби?! Эй,*** *(яхудий жана насронийлер)* ***силер билген нерсеңер*** *(Муса жана Ийса пайгамбарлар)* ***жөнүндө го талаштыңар. Эми эмне үчүн билбеген нерсеңер*** *(Ибрахимдин кайсы динде болгондугу)* ***тууралсында талашасыңар? Аллах*** *(гана баарын)* ***билет, силер билбейсиңер. Ибрахим яхудий дагы, насроний дагы болбогон. Лекин ал ханиф мусулман болгон жана мушриктерден да болбогон. Адамдардын Ибрахимге эң жакыны – аны ээрчигендер жана бул набий*** *(Мухаммад алайхис-салам)* ***жана ыйман келтиргендер. Аллах – муминдердин валийи»*** [Аль Имран: 65-68]

Шайх Мухаммад Мутаваллий Шаъровийдин (рохимахуллах) ушул аяттардын тафсиринде минтип келет:

﴿يَٰٓأَهۡلَ ٱلۡكِتَٰبِ لِمَ تُحَآجُّونَ فِيٓ إِبۡرَٰهِيمَ وَمَآ أُنزِلَتِ ٱلتَّوۡرَىٰةُ وَٱلۡإِنجِيلُ إِلَّا مِنۢ بَعۡدِهِۦٓۚ أَفَلَا تَعۡقِلُونَ﴾

***«Эй, ахли китеб, эмне үчүн Ибрахим жөнүндө*** *(ал биздин динибизде болгон деп)* ***талашасыңар! Акыры Таурот да, Инжил***

***да андан кийин түшкөнү анык го! Акыл штетпейсиңерби?!»*** [Аль Имран: 65]

Албетте Хак Таала алардан: Эмне үчүн Аллахтын досу Ибрахим жөнүндө талашасыңар? Яхудийлер өздөрүн Мусага таандык деп билишсе, насронийлер өздөрүн Ийсага таандык кылышат. Ибрахим ﵇ яхудийлер айткандай яхудий болбогон. Анткени яхудийлик Ибрахим ﵇дан кийин келген. Насронийлер да Ибрахим ﵇ды насроний болгон деп айтышы мүмкүн эмес, анткени насронийлик Ибрахим ﵇дан кийин келген. Ко-ош, эмнеге анда талашууда? Таурот да, Инжил да Ибрахимден кийин келген болсо, кантип ал Таурот жана Инжилди ээрчисин?

Андан кийин Аллах Таала айтат:

﴿هَٰٓأَنتُمۡ هَٰٓؤُلَآءِ حَٰجَجۡتُمۡ فِيمَا لَكُم بِهِۦ عِلۡمٞ فَلِمَ تُحَآجُّونَ فِيمَا لَيۡسَ لَكُم بِهِۦ عِلۡمٞۚ وَٱللَّهُ يَعۡلَمُ وَأَنتُمۡ لَا تَعۡلَمُونَ﴾

***«Эй,*** *(яхудий жана насронийлер)* ***силер билген нерсеңер*** *(Муса жана Ийса пайгамбарлар)* ***жөнүндө го талаштыңар. Эми эмне үчүн билбеген нерсеңер*** *(Ибрахимдин кайсы динде болгондугу)* ***туурасында талашасыңар? Аллах*** *(гана баарын)* ***билет, силер билбейсиңер»*** [Аль Имран: 66]

Т.а. Тауроттогу нерселер жөнүндө талаштыңар. Силер талкууну ачык эшик катары кабыл алууну, бардык нерсе жөнүндө талашууну каалайсыңар. Лекин силер ырайымдуу Жаратуучу жана гайбды билген Зат билген нерсени билбейсиңер.

Хак Таала бул маселени мындай түшүндүрөт:

﴿مَا كَانَ إِبۡرَٰهِيمُ يَهُودِيّٗا وَلَا نَصۡرَانِيّٗا وَلَٰكِن كَانَ حَنِيفٗا مُّسۡلِمٗا وَمَا كَانَ مِنَ ٱلۡمُشۡرِكِينَ﴾

***«Ибрахим яхудий дагы, насроний дагы болбогон. Лекин ал ханиф мусулман болгон жана мушриктерден да болбогон»*** [Аль Имран: 67]

Аллах Таала ушул сөзү менен Ибрахим ﵇ яхудий болбогонун, анткени яхудийлик андан кийин келгенин, ал насроний да болбогонун, себеби насронийлик андан кийин келгенин, лекин ал Рахмандын досу болгонун баса белгилөөдө.

﴿كَانَ حَنِيفٗا مُّسۡلِمٗا وَمَا كَانَ مِنَ ٱلۡمُشۡرِكِينَ﴾

***«ал ханиф мусулман болгон жана ал мушриктерден да болбогон»*** [Аль Имрон: 67]

Биз “حنيفا” (ханиф) сөзү Аллахтан келген таза дин деген маанини түшүндүрөрүн билебиз. Бул сөз махассаттан (сезим аркылуу баамдалган нерселерден) алынган. “حنف” буттун төмөнкү бөлүгүндөгү ийри жери айтылат, кийинчерээк ал ар кандай ийри нерсеге колдонулуп калды.

Бу жерде суроо туулат, Ибрахим ﵇ ийри жолдо болгонбу же туура жолдо болгонбу? “حنف” сөзүнүн мааниси ийри болсо, Ибрахим ﵇ ийри жолдо болгон болобу? Биз айтабыз, Ибрахим ﵇ туура жолдо болгон, лекин ал бутпарастык жана адашуудагы ийрилик үстүнө келген, дуня ийри болгон. Ибрахим дуняны ушул ийриликтен чыгаруу үчүн келген. Ал ийриликтен чыкса, туура болот. Эмне үчүн? Анткени элчилер акидавий бузгунчулук жана адашкан мыйзамчылык үстүнө келишет. Хак Таала Өз манхажын жөнөткөндө ар бир нафста ыйманий учкунду пайда кылат. Ыйманий учкун бир сапар ойгонуп, аны бекем кармаса, дагы бир сапар ийриликке жол алат. Ийриликтен кийин кайра ойгонот жана бул сергектик болот. Ошентип, жемелөөчү нафс пайда болот жана ал инсан ката кылып жатканда ага: Аллах буга буйрубаган деп шыбырайт. Ошондо инсан тауба кылып жана истигфар айтып, Аллахтын манхажына кайтат. Эгер жемелөөчү нафс болбосо, нафс жамандыкка буйруучуга айланат жана ал ар дайым инсанды ийриликке багыттайт. Бир нафс тегерегинде бир канча нафстар болуп, алар ийриликке каршы туруп, аны оңдоого аракет кылышат. Бул нафстар айлана жана коомдон болот. Айрым учурда катадан кийин туура жолго кайтуу инсандын өзү, т.а. жемелөөчү нафс тарабынан болсо, кээде жемелөөчү нафс болбой, жамандыкка буйруучу нафс болот. Лекин бул инсандын айланасындагы коомдо жакшылык учкуну болуп, аны туура жолго баштайт. Бирок коомдогу ар кандай учкун жамандыкка буйруучу болуп калса, инсанды ким туура жолго баштайт? Ошондой учурда Аллах Таала жаңы элчилерди жөнөтүшү лазым болот. Анткени инсан өзүнүн ыйманий учкуну менен өз нафсин токтото албайт. Анын үстүнө коомдо да мындай таза учкун болбогону үчүн ал да инсанды токтото албайт. Натыйжада коомду караңгылык каптайт. Ошондо Аллах Таала жүрөктөргө ыйманды кайтаруу үчүн элчи жөнөтөт. Аллах Таала Мухаммад Умматына Расулуллах ﷺдан кийин пайгамбар болбостугун кепилдеген, ошондуктан анда жакшылык бар болушу жана туруктуу калышы зарыл. Эгер андан болбосо, дагы пайгамбар келиши керек болот.

Ошондуктан жакшылык мусулман адамда туруктуу болот жана эгер ал адашса, жемелөөчү нафс аны оңдойт. Эгер жамандыкка буйруучу нафс болсо, анын айланасында кадыржам адамдар болуп, аны туура жолго жолдоп турат.

Ошентип Мухаммаддын Умматы эч бир заман жакшылыксыз калбайт. Ал эми башка умматтардын абалы ар түрдүү. Аллах Таала алардын жүрөктөрүндө жакшылык чырагы өчүп, бузгунчулук каптаганда аларга элчи жөнөтөт жана алардын ишине асман аралашат. Пенделердин ишине асман аралашканда, аларга: асман ийриликти оңдоо үчүн келди, делет.

Демек Ибрахим عليه السلام ханиф болуп келди, т.а. ал ийриликтен ийри болуп келди. Ал ийриликтен ийри экен, демек ал туура. Демек чыныгы ханифийлик – бул тууралык. Аллах Тааланын:

﴿مَا كَانَ إِبْرَٰهِيمُ يَهُودِيًّا وَلَا نَصْرَانِيًّا وَلَٰكِن كَانَ حَنِيفًا مُّسْلِمًا وَمَا كَانَ مِنَ ٱلْمُشْرِكِينَ﴾

***“Ибрахим яхудий дагы, насроний дагы болбогон. Лекин ал ханиф мусулман болгон жана ал мушриктерден да болбогон”*** аятын мына ушундай түшүнөбүз.

Албетте Ибрахим пайгамбарлардын атасы. Эгер яхудийлик жана насронийлик бузулбаганда жана өзгөртүлбөгөндө яхудий жана насронийлер Ибрахим улутунда деп айтууга болот эле. Анткени диндер өз негиздеринде бир-биринен айырмаланбайт, түрдүү замандарга ылайык келген айрым мыйзамдарында айырмаланышы мүмкүн. Ошондуктан саййидибиз Ибрахим عليه السلام яхудийлерден болгон өзгөртүүнү этибарга алганда яхудий болбогон, башкача айтканда алардын акидасына каршы болгон. О.э. ал ушул себебге ылайык насроний болушу да мүмкүн эмес.

﴿كَانَ حَنِيفًا مُّسْلِمًا وَمَا كَانَ مِنَ ٱلْمُشْرِكِينَ﴾

***“ал ханиф мусулман болгон жана ал мушриктерден да болбогон”.*** Анткени ал ийриликтен тууралыкка чыккан.

Айрымдар минтип айтышы мүмкүн: эмне үчүн Аллах Таала «إن إبراهيم كان مستقيما Ибрахим туура жолдо болгон» дебеди? Эмне үчүн ийриликти түшүндүргөн “حَنِيفًا” калимасы колдонулду? Биз айтабыз: эгер “مستقيما” дегенде, айрымдар өз заманынын элинин жолунда болгон деп ойлошу мүмкүн. Акыйкатта болсо алар ийрилик жана адашуу жолунда эле. Ошондуктан Хак Таала Ибрахимди:

﴿كَانَ حَنِيفًا مُّسْلِمًا﴾

***“ал ханиф мусулман болгон жана ал мушриктерден да болбогон”*** деп сыфаттады. ”مُّسْلِمًا“ (итаат кылуучу) сөзү итаат кылынуучу Заттын болушун талап кылат, бул Зат болсо – Аллах. Т.а. ал өзүн башкарууну Аллахка тапшырды, ага таслим болду дегени, бул болсо манхажга болгон ыйман.

Ибрахим өз башкаруусун Аллахка тапшырганда Аллахтын бардык буйрук жана кайтарууларына таслим болду. Эгер бул сөздү пайгамбарларга салсак, Адам ﵇ мусулман болгонун, Нух ﵇ мусулман болгонун жана Расулуллах ﷺдан мурунку бардык пайгамбарлар мусулман болгонун билебиз.

Ар бир пайгамбар жана ар бир элчи ар бир нерседе өз башкаруусун Аллахка тапшырган жана Аллах жиберген манхажды колдонгон. Ошондуктан Ислам бардык пайгамбарлардын жана мурунку китебдерге ыйман келтиргендердин сыфаты болгон. Бул нерсе Расулуллах ﷺга (буйрук жана кайтаруулардан турган) асман рисалаты аны менен бүткөн толук манхаж назил болгонго чейин уланды. Эми келе турган жаңы буйрук жок. Эч бир киши Расулуллах ﷺга назил болгон Исламдан башкасын Аллах үчүн шарият кыла албайт.

Исламдан көздөлгөн максад жүзөгө чыкты жана Аллахтан манхаж толук назил болду. Ислам таза акида катары келип, ал мусулман Умматынын, Мухаммад ﷺ Умматынын белгисине айланды. Бул Умматка башка калктар кууп жете албайт, анткени ал Мухаммад ﷺга назил болгон ар бир нерседе Аллахка таслим болгон Уммат. Ошондуктан Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّ أَوْلَى ٱلنَّاسِ بِإِبْرَٰهِيمَ لَلَّذِينَ ٱتَّبَعُوهُ وَهَٰذَا ٱلنَّبِيُّ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْۗ وَٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلْمُؤْمِنِينَ﴾

***“Адамдардын Ибрахимге эң жакыны – аны ээрчигендер жана бул набий*** *(Мухаммад алайхис-салам)* ***жана ыйман келтиргендер. Аллах – муминдердин валийи”.***

Ушуну этибардан качырбоо лазым, саййидибиз Мухаммад ﷺдан мурунку ар кандай элчи белгилүү бир коомго келген. Маселен Муса ﵇ Бану Исраилге келген, Ийса ﵇ да ошондой. Аллах Таала айтат:

﴿وَرَسُولًا إِلَىٰ بَنِيٓ إِسۡرَٰٓءِيلَ﴾

***«Бани Исраилге расул кылат»*** [Аль Имран: 49]

т.а. өзү алып келген жана мурунку элчилерге назил болгон манхажды колдонуу алкагында итаат кылуучу пайгамбар кылат. Айрым шарияттар өзгөрүп, ыйманий манхажды тазалоо акыркы рисалат, т.а. бардык адамдар үчүн умумий болгон Мухаммад ﷺ рисалаты менен жүзөгө чыккан соң, бул калктардын айрымдары Мухаммад ﷺдын рисалатына ыйман келтиришти, саййидибиз Мухаммад ﷺ жиберилген кишилер ыйман келтиргендей. Ошентип ыйман кербени акыркы дин аркылуу бизге чейин жетип келди жана Мухаммад ﷺ Умматы исламий калктардын акыркысы болду. Анткени Расулуллах ﷺ пайгамбар жана элчилердин акыркысы.

Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«إِنَّ مَثَلِي وَمَثَلَ الْأَنْبِيَاءِ مِنْ قَبْلِي كَمَثَلِ رَجُلٍ بَنَى بَيْتًا فَأَحْسَنَهُ وَأَجْمَلَهُ إِلَّا مَوْضِعَ لَبِنَةٍ مِنْ زَاوِيَةٍ، فَجَعَلَ النَّاسُ يَطُوفُونَ بِهِ وَيَعْجَبُونَ لَهُ وَيَقُولُونَ: هَلَّا وُضِعَتْ هَذِهِ اللَّبِنَةُ؟ قَالَ: فَأَنَا اللَّبِنَةُ وَأَنَا خَاتِمُ النَّبِيِّينَ»**

**«Мен менен менден мурунку пайгамбарлардын мисалы бир үйдү жакшылап, коздоп куруп, бир бурчунан бир кыштын ордун калтырып койгон кишиге окшойт. Адамдар аны айланып карап, таң калышат жана ушул кыш да ордуна коюлганда кана, дешет. Мен ошол кышмын. Мен пайгамбарлардын акыркысымын».**

Яхудий жана насронийлер Ибрахим яхудий же насроний болгон дешкенде, алар муну Ибрахим ﷺ пайгамбарлардын атасы болгону үчүн айтышты. Алар Ибрахим ﷺдан тарашкандай ыймaний учкундун негизин да өздөрүнө таандык кылууга урунушту. Акыйкатта болсо ыйман маселеси жыныс, же мекен, же тууганчылык, же башка бирер өзгөчөлүк эмес, ал Аллахтын жалгыз жолуна таандык болуу. Ошондуктан адамдар арасынан Ибрахимге жакыны анын урпагынан болгондор эмес. Тескерисинче адамдардын Ибрахимге жакыны – аны ээрчигендер жана Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ. Ал киши Ибрахим ﷺды ээрчиди. Ошондуктан Ибрахим ﷺдын насилинен болгон, лекин манхажды өзгөртүп, ыйманды улантпаган кишилердин Ибрахимге тиешеси жок. Аллах Таала Ибрахим ﷺ менен алакадар бул маселени ушул аятта чечип койгон:

﴿وَإِذِ ٱبْتَلَىٰٓ إِبْرَٰهِـۧمَ رَبُّهُۥ بِكَلِمَـٰتٍ فَأَتَمَّهُنَّ ۖ قَالَ إِنِّى جَاعِلُكَ لِلنَّاسِ إِمَامًا ۖ قَالَ وَمِن ذُرِّيَّتِى ۖ قَالَ لَا يَنَالُ عَهْدِى ٱلظَّـٰلِمِينَ﴾

***«Эстегиле, Ибрахимди Роббиси калималар менен сынаганда, ал аларды толук аткарды. Ал айтты: "Албетте, Мен сени адамдарга имам кыламын!". "Урпактарымды дагыбы?" - деп сурады** (Ибрахим)**. Ал айтты: "Менин бул убадам залимдерге тийиштүү болбойт"»*** [Бакара: 124]

Аллах Таала Ибрахимди калималар, т.а. буйрук жана кайтаруулар менен сынады. Ибрахим عليه السلام бул ишти эң жогору даражада аткарды. Аларды формалдуу көрүнүштө эмес, формасын да, мазмунун да ишке ашырды. Маселен буйрук жана кайтарууларды формалдуу аткаруу дегенде бир киши Аллахтын беш убакыт намаз окуу фарзын формалдуу гана аткарат. Лекин башкасы аны формасын да, мазмунун да жетик көрүнүштө аткарат. Т.а. ал намазды Аллах андан ыраазы боло турган даражада аткарат.

Ибрахим عليه السلام Аллахтан таклифий калималар менен келген сыноолорду мукаммал таризде аткарды. Аллах Таала Ибрахим عليه السلامды Байттын (Каъба) дубалын көтөрүүнү буйруганда, ал Каъбанын дубалын колу жете турган жайга чейин курушу жетиштүү эле. Эгер ал ушул ишти кылганда буйрукту аткарган болмок. Лекин ал киши عليه السلام Каъбаны куруу буйругун мукаммал таризде ишке ашырды. Каъбаны колу жеткен жайга чейин курду жана жөндөмүн да ишке салды. Т.а. бир ташты алып келип, үстүнө чыгып, ошол таштын бийиктигинче дубалды дагы көтөрдү. Кудурети жеткенче күчүн жумшады жана жөндөмүн ишке салды. Анткени ошол заманда ушуга окшогон бийиктикте иштөө үчүн колднулган каражаттар болбогон.

Эгер Ибрахим عليه السلام имараттын пайдубалын колу жеткен жайга чейин курганда да Аллахтын буйругун аткарган болмок. Лекин ал өзүнүн жеке мүмкүнчүлүгүнөн файдаланып жөндөмүн ишке салды. Ушул себебден Каъбанын дубалын бийик көтөрүү үчүн өзү үстүнө чыгып дубал кура турган ташты алып келди. Биз аны (Макамы Ибрахимди) Байтул Харамдын түшө беришиндеги жайында көргөнбүз. Ибрахим عليه السلام Аллахтын буйруктарын мукаммал таризде аткарган соң, Аллах Таала:

﴿إِنِّى جَاعِلُكَ لِلنَّاسِ إِمَامًا ۖ﴾

***«Албетте, Мен сени адамдарга имам кыламын!»***[Бакара: 124]

деди. Т.а. Эй, Ибрахим, албетте сен адамдарга алардын材 дининде имам болуу ишенимине ылайыктуусуң. Анткени сен буйрук жана кайтарууларды толук жана ишенич менен аткардың. Эми Ибрахим ﷵдын Роббисинин манхажындагы аракетин карагыла. Ибрахим ﷵ бул манхажды өзүнүн турумушунда гана болушун каалабады, тескерисинче, бул манхаж жана имамдык анын урпактарында да уланышын Аллахтан сурады. Аллах Таала Ибрахимдин тилинде бул аманат анын урпактарында уланышын сурап:

﴿وَمِن ذُرِّيَّتِي﴾

***«Урпактарымды дагыбы?»*** [Бакара: 124]

деди. Албетте саййидибиз Ибрахим ﷵ бул манхажда кам-ташбиш болгону үчүн көз жумгандан кийин бул манхажга эмне болорунан коркту. Лекин Хак Таала Ибрахим аркылуу бардык пенделерине мындай деп билдирди:

﴿لَا يَنَالُ عَهْدِي ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

***«Менин бул убадам залимдерге тийиштүү болбойт»*** [Бакара: 124]

Т.а. маселе мурас эмес, анткени сенин урпагыңдан өзүнө зулум кыла турган жана бул манхажды өз нафсине ылайык өзгөртө турган кишилер чыгат, бул болсо алардын имамдыкка ылайык эместигин билдирет. Бул жерде Аллах Таала бизге пайгамбарлык мурасынын коидаларын үйрөтүүдө. Ушул коидага ылайык пайгамбарлык мурасты бул манхажды өзгөртүүсүз колдонууга кудуреттүү киши гана алат. Расулуллах ﷺдын Салман Фарсийге айткан ушул сөзү буга мисал: **«Салман бизден, аль байттан».**

Адамдардын саййиди Мухаммад ﷺ Салман Фарсийге “сен арабдардансың” дебеди, аны аль байтка таанлык кылды. Т.а. аны пайгамбарлык мураска нисбат берди. Бул мурас манхажды толук колдонууну талап кылат. Расулуллах ﷺ Аллах Таала Ибрахим ﷵга пайгамбарлык мурас жөнүндө эмнени үйрөткөнүн жана бул нерсе тууганчылык менен эмес, манхажды матнан жана рухан колдонуу менен болушун билген. Саййидибиз Мухаммад ﷺ Аллах Таала Нух ﷵга эмнени үйрөткөнү жана Нухка аны жана ахлин (үй-бүлөсүн) топон суудан куткарышы жөнүндө убада бергенин да билген.

Нух ﷺ уулунун чөгүп бара жатканын көрүп: «Аллах мага үй-бүлөңдү куткарамын деп убада берген эле го», - деп Роббисине мындай деди: «Нух Роббисине кайрылып, айтты:

﴿وَنَادَىٰ نُوحٌ رَّبَّهُۥ فَقَالَ رَبِّ إِنَّ ٱبۡنِي مِنۡ أَهۡلِي وَإِنَّ وَعۡدَكَ ٱلۡحَقُّ وَأَنتَ أَحۡكَمُ ٱلۡحَٰكِمِينَ﴾

***«Нух Роббисине кайрылып, айтты: «Роббим, албетте, уулум менин үй-бүлөмдөн жана албетте Сенин убадаң хак убада. Сен эң адилеттүү хукм кылуучусуң»»*** [Худ: 45]

Ошондо Аллах Таала Нухтун уулуна нажат бериши жөнүндөгү талабын четке какты:

﴿قَالَ يَٰنُوحُ إِنَّهُۥ لَيۡسَ مِنۡ أَهۡلِكَۖ إِنَّهُۥ عَمَلٌ غَيۡرُ صَٰلِحٖۖ فَلَا تَسۡـَٔلۡنِ مَا لَيۡسَ لَكَ بِهِۦ عِلۡمٌۖ إِنِّيٓ أَعِظُكَ أَن تَكُونَ مِنَ ٱلۡجَٰهِلِينَ﴾

***«****(Аллах)* ***айтты: "Эй, Нух, ал сенин ахлиңден эмес! Албетте ал салих амал эмес. Демек, өзүң жакшы билбеген нерсе жөнүндө эч качан Менден сурабагын! Албетте Мен сени жахилдерден болбоого чакырамын"»*** [Худ: 46]

Келгиле Нух ﷺ уулунун ахлликка татыктуу эместиги жөнүндөгү Куръандын түшүндүрмөсүн карап чыгалы.

﴿إِنَّهُۥ لَيۡسَ مِنۡ أَهۡلِكَۖ﴾

***«Ал сенин ахлиңден эмес!»*** [Худ: 46]

Эмне үчүн, анткени:

﴿إِنَّهُۥ عَمَلٌ غَيۡرُ صَٰلِحٖۖ﴾

***«Албетте ал салих амал эмес»*** [Худ: 46]

Хак Таала "ал жаман амал кылуучу" дебеди – шахсияты себеб болбогон – анткени Аллах Таала амалга карап эсеп-китеб кылат. Ыйман болсо насабга эмес, же бирер өлкөгө, же коомго таандык эмес. Балким ал – амал. Ким бирер элчинин шариятына амал кылса ошол элчинин ахлинен болот. Пайгамбарларга нисбат берүү пайгамбар насабынан болгон адамга эмес, ошол адам кылып жаткан амалга карап болот.

Башка бир орунда Аллах Таала бизге саййидибиз Ибрахим ﷺ аркылуу бир позицияны үйрөттү, бул позиция Жаратуучунун Ага ыйман келтирген жана кафир болгон пенделерине карата рахматын сүрөттөп берет. Ибрахим ﷺ Меккеде жашаган үй-бүлөсү үчүн мол ырызкы сурады. Бул Куръанда минтип келет:

﴿وَإِذۡ قَالَ إِبۡرَٰهِـۧمُ رَبِّ ٱجۡعَلۡ هَٰذَا بَلَدًا ءَامِنٗا وَٱرۡزُقۡ أَهۡلَهُۥ مِنَ ٱلثَّمَرَٰتِ مَنۡ ءَامَنَ مِنۡهُم بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِۚ﴾

***«Эстегиле, Ибрахимди Роббиси калималар менен сынаганда, ал аларды толук аткарды. Ал айтты: "Албетте, Мен сени адамдарга имам кыламын!". "Урпактарымды дагыбы?" - деп сурады*** *(Ибрахим)****. Ал айтты: "Менин бул убадам залимдерге тийиштүү болбойт"»*** [Бакара: 124]

Ко-ош, Аллах Таала Ибрахимдин Мекке ахлинен ыйман келтиргендерди ырызкылантышы туурасындагы дуасын ижабат кылдыбы? Жок, тескерисинче, муминди да, кафирди да ырызкылантты. Аллах Таала:

﴿قَالَ وَمَن كَفَرَ فَأُمَتِّعُهُۥ قَلِيلٗا ثُمَّ أَضۡطَرُّهُۥٓ إِلَىٰ عَذَابِ ٱلنَّارِۖ وَبِئۡسَ ٱلۡمَصِيرُ﴾

***«Ал*** *(Аллах Таала)* ***айтты: "Ал эми кафирлерине бир аз пайдаланышына жол берем, андан соң аларды От азабына дуушар кыламын. Ал кандай гана жаман жай!"»*** [Бакара: 126] деп Ибрахимге жогорудагы нерсени үйрөттү.

Албетте маддий (материалдык) ырызкы жана маддий азыктануу пенделердин баары: мумин жана кафирине Аллах тарабынан кепилденген. Анткени ал муминди да, кафирди да бул дуняга келтирген Зат. Ал эми манхаж жаатындагы ырызкы мындан башкача. Анткени манхажды ээрчүү назил болгон нерсеге өзгөртпөстөн таслим болууну талаб кылат. Бул манхажды Ибрахим ﷺдан кийин келген кишилердин абдан азчылыгы ээрчиди. Муса ﷺдын рисалатына өзгөртүүсүз ыйман келтиргендер да абдан азчылыкты түзөт.

Андан соң Ийса ﷺ Бану Исраилди маддийликтен буруп, гайбга болгон ыйманга чакырган рисалат менен келди. Бирок ал кишинин рисалаты да өзгөртүлдү. Ушуга ылайык Ибрахим ﷺга эң жакын болгон адамдар – мурунку бардык рисалаттарды тазалоочу, акыркы жана туура манхажды ээрчигендер. Дал ошолор Мухаммад ﷺдын рисалатына ыйман келтиришкен. Аллах Таала – Рахмандын досу болгон Ибрахимдин рисалатына жана Мухаммад ﷺдын рисалатына туура жана мукаммал таризде ыйман келтирген муминдердин досу. ❑

## «ТҮНҮ АДАМДАР УКТАП ЖАТКАНДА НАМАЗ ОКУГУЛА, ОШОНДО ЖАННАТКА КАДЫРЖАМ КИРЕСИҢЕР»

Расулуллах ﷺ өз Умматын киямул-лайлга шыктандырды. Анткени анда көптөгөн фазилет, жакшылык, берекет, рахмат бар. Анда дуалар ижабат болот, мухтаждыктар кандырылат, оору кетет жана урмат эшиктери ачылат...

– Мугийра ибн Шуъба айтат: Расулуллах ﷺ буттары шишип кеткенче (түндө намаз окуган абалда) турду. Ошондо ал кишиге: “Акыры сиздин мурун жана кийинки күнөөлөрүңүздү Аллах кечирген го?!”, - дешкенде, ал киши ﷺ:

«أَفَلَا أَكُونُ عَبْدًا شَكُورًا!»

**«Мен шүкүр кылуучу пенде болбоюнбу?»**, - деп жооб берди. Бухарий, Муслим жана Насаий риваяты.

– Абу Хурайра رضي الله عنه риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«أَفْضَلُ الصِّيامِ بَعْدَ رَمَضانَ شَهْرُ اللهِ الْمُحَرَّمُ، وأَفْضَلُ الصّلاةِ بَعْدَ الفَرِيضَةِ صَلاةُ اللَّيْلِ»

**«Рамазан орозосунан кийинки эң афзел орозо – Аллахтын Мухаррам айындагы орозо. Фарз намаздарынан кийинки эң афзел намаз – түнкү намаз».** Муслим, Абу Давуд, Тирмизий жана Насаий риваят кылган, Ибн Хузайма да сахихинде келтирген.

– Абдуллах ибн Салам رضي الله عنه айтат: Расулуллах ﷺ Мадинага биринчи келгенде адамдар анын алдына агылып барышты. Мен да алардын арасында бар элем. Мен ал кишинин жүзүнө караганымда, ал кишинин жүзү жалганчынын жүзү эместигин билдим. Мен ал кишиден уккан биринчи сөз ушул болду:

**«يَا أَيُّهَا النّاسُ، أَفْشُوا السّلَامَ، وَأَطْعِمُوا الطّعَامَ، وَصِلُوا الْأَرْحَامَ، وَصَلُّوا بِاللّيْلِ وَالنّاسُ نِيَامٌ، تَدْخُلُوا الْجَنّةَ بِسَلَامٍ»**

**«Эй, адамдар, саламдашууну жайгыла,** (жакырларды) **тамактандыргыла, тууганчылык байланыштарын байлагыла жана түндө адамдар уктап жатканда намаз окугула, ошондо жаннатка кадыржам киресиңер».** Тирмизий риваяты. Саид ибн Мусайяб айтат: Ким түндө туруп намаз окуса, Аллах анын жүзүндө бир нурду пайда кылат жана аны бардык мусулмандар жакшы көрүп калат. Аны эч качан көрбөгөн адам көрүп: Мен бул кишини жакшы көрөмүн, дейт. Хасан Басрийден: Эмне үчүн түнү намаз окугандар адамдар ичинде эң сулуу жүздүү болушат? - деп сурашканда, ал киши: Анткени алар Рахман менен жалгыз калышканда, аларды Өз нуру менен коздойт, деп жооб берген.

– Муаз ибн Жабал ﷠ риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

**«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يَبِيتُ طَاهِرًا، فَيَتَعَارُّ مِنْ اللّيْلِ، فَيَسْأَلُ اللّهَ خَيْرًا مِنْ أَمْرِ الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ إِلَا أَعْطَاهُ اللهُ إِيّاهُ»**

**«Кайсы мусулман тахарат кылып уктаса жана түндө ойгонуп, Аллахтан дуня жана ахырет иштеринен жакшылыкты сураса, албетте Аллах аны берет».** Абу Давуд, Насаий жана Ибн Мажа риваяты.

– Жабир ﷠ риваят кылат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай деп жатканын уктум:

**«إِنّ فِي اللّيْلِ لَسَاعَةً لا يُوَافِقُهَا رَجُلٌ مُسْلِمٌ، يَسْأَلُ اللهَ خَيْرًا مِن أَمْرِ الدُّنْيَا وَالآخِرَةِ إِلَا أَعْطَاهُ إِيّاهُ، وَذلكَ كُلّ لَيْلَةٍ»**

**«Түндө бир саат бар, мусулман киши анда Аллахтан бул дуня жана ахырет ишинен жакшылыкты сураса, Аллах ага берет жана бул ар түнү болот».** Муслим риваяты.

– Укба ибн Амир ﷠ риваят кылат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уктум:

«الرَّجُلُ مِن أُمَّتِي يَقومُ مِنَ اللَّيلِ يُعَالِجُ نفْسَهُ إِلَى الطَّهورِ، وعليه عُقَدٌ، فإذا وَضَّأَ يديهِ انْحَلَّتْ عُقْدَةٌ، وإذا وَضَّأَ وَجْهَهُ انْحَلَّتْ عُقْدَةٌ، وَإِذَا مَسَحَ رَأْسَهُ انْحَلَّتْ عُقْدَةٌ، وَإِذَا وَضَّأَ رِجْلَيهِ انْحَلَّتْ عُقْدَةٌ، فَيَقُولُ اللهُ عَزَّ وَجَلَّ لِلَّذِينَ وَرَاءَ الْحِجَابِ: انْظُرُوا إِلَى عَبْدِي هَذَا يُعَالِجُ نَفْسَهُ، يَسْأَلُنِي، مَا سَأَلَنِي عَبْدِي هَذَا فَهُوَ لَهُ»

**«Умматымдан кимдир бирөө түйшүктөрү бар абалда түнү туруп, тахарат кылса, колун жууганда бир маселеси чечилет, жүзүн жууса дагы бири, башына масх тартса дагы бири, бутун жууса дагы бири чечилет. Ошондо Аллах Таала парда артындагыларга: Пендеме карагыла, тазаланып, мендун сурап жатат. Пендем Менден эмнени сураса, сураганы берилет дейт».** Ахмад риваяты, Ибн Хиббан да сахихинде риваят кылган жана лафз аныкы.

– Абу Умама Бахилий ﵁ риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«عَلَيْكُمْ بِقِيَامِ اللَّيْلِ؛ فَإِنَّهُ دَأْبُ الصَّالِحِينَ قَبْلَكُمْ، وَقُرْبَةٌ إِلَى رَبِّكُمْ، وَمَكْفَرَةٌ لِلسَّيِّئَاتِ، وَمَنْهَاةٌ عَنِ الْإِثْمِ»

**«Түндө намаз окугула, анткени бул силердин мурунку салихтердин адаты болуп, ал силерди Аллахка жакындаштырат жана күнөөңөрдү өчүрүп, маъсияттан сактайт».** Тирмизий риваяты.

– Абдуллах ибн Амр ибн Аас ﵁ риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«أَحَبُّ الصَّلَاةِ إِلَى اللَّهِ صَلَاةُ دَاوُدَ، وأَحَبُّ الصِّيَامِ إلى اللَّهِ صِيَامُ دَاوُدَ؛ كَانَ يَنَامُ نِصْفَ اللَّيْلِ، ويقومُ ثُلُثَهُ، وَيَنَامُ سُدُسَهُ، وَيَصُومُ يَوْمًا، وَيُفْطِرُ يَوْمًا»

**«Намаздардын арасында Аллах эң жакшы көргөнү – Давуддун намазы, орозолордун эң жакшысы – Давуддун орозосу. Давуд түндүн жарымына чейин уктап, үчтөн биринде намаз окуган жана алтыдан биринде уктаган. Бир күн орозо тутса, бир күн тутпаган».** Бухарий, Муслим, Абу Давуд, Насаий жана Ибн Мажа риваяты.

– Абу Хурайра жана Абу Саид ﵄ риваят кылышат: Расулуллах ﷺ айтты:

«إِذَا أَيْقَظَ الرَّجُلُ أَهْلَهُ مِنَ اللَّيْلِ فَصَلَّيَا أَوْ صَلَّى رَكْعَتَيْنِ جَمِيعًا كُتِبَا فِي الذَّاكِرِينَ وَالذَّاكِرَاتِ»

**«Эгер киши түндө аялын ойготуп, экөөсү намаз окушса, же жамаат болуп эки рекет окушса, Аллахты көп жатка алган эркек жана аялдар сабына кошулуп жазылат».** Абу Давуд риваяты.

– Сахл ибн Саъд ﵁ риваят кылат: Жабраил ﵇ Пайгамбарыбыз ﷺга келип мындай деди:

«يَا مُحَمَّدُ ! عِشْ مَا شِئْتَ فَإِنَّكَ مَيِّتٌ، وَاعْمَلْ مَا شِئْتَ فَإِنَّكَ مَجزِيٌّ بِهِ، وَأَحْبِبْ مَنْ شِئْتَ فَإِنَّكَ مُفَارِقُهُ، وَاعْلَمْ أَنَّ شَرَفَ الْمُؤْمِنِ قِيَامُهُ بِاللَّيْلِ، وَعِزَّهُ اسْتِغْنَاؤُهُ عَنْ النَّاسِ»

**«Эй, Мухаммад, каалаганыңдай жаша, баары бир өлөсүң, каалаганыңдай амал кыл, сен ал үчүн жаза-сыйлык аласың, каалаган кишини жакшы көр, баары бир андан ажырайсың. Билип кой, муминдин кадыры киямуллайлда жана азиздиги адамдардан бейкажет болгонунда».** Табароний Авсатта риваят кылган.

– Ибн Аббас ﵄ риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«أَشْرَافُ أُمَّتِي حَمَلَةُ الْقُرْآنِ وَأَصْحَابُ اللَّيْلِ»

**«Умматымдын арасында эң жакшылары – Куръанды көтөргөндөр жана түн ээлери** (түндө намаз окугандар)**».** Ибн Абу Дуня жана Байхакий риваяты.

– Абу Дарда ﵁ риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтат:

«ثَلَاثَةٌ يُحِبُّهُمْ اللَّهُ وَيَضْحَكُ إِلَيْهِمْ، وَيَسْتَبْشِرُ بِهِمْ: اَلَّذِي إِذَا انْكَشَفَتْ فِئَةٌ قَاتَلَ وَرَاءَهَا بِنَفْسِهِ لِلَّهِ عَزَّ وَجَلَّ فَإِمَّا أَنْ يُقتَلَ وَإِمَّا أَنْ يَنْصُرَهُ اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ وَيَكْفِيَهُ، وَيَقُولُ: انْظُرُوا إِلَى عَبْدِي هَذَا، كَيْفَ صَبَرَ لِي بِنَفْسِهِ؟ وَالَّذِي لَهُ امْرَأَةٌ حَسَنَةٌ، وَفِرَاشٌ لَيِّنٌ حَسَنٌ، فَيَقُومُ مِنْ اللَّيْلِ، فَيَقُولُ يَذَرُ شَهْوَتَهُ وَيَذْكُرُنِي وَلَوْ شَاءَ رَقَدَ، وَالَّذِي إِذَا كَانَ فِي سَفَرٍ، وَكَانَ مَعَهُ رَكْبٌ، فَسَهِرُوا، ثُمَّ هَجَعُوا فَقَامَ مِنْ السَّحَرِ فِي ضَرَّاءَ وَسَرَّاءَ»

**«Үч киши бар, Аллах аларды жакшы көрөт, аларга жылмайып күлөт жана аларды курсант кылат: Бир**

**киши бир топтун артында туруп Аллах үчүн согушса жана өлтүрүлсө же Аллах ага нусрат берсе. Аллах айтат: Бул пендемди карагыла, Мен үчүн сабыр кылды. Экинчиси, сулуу аялы жана жумшак төшөгү туруп, түндө туруп намаз окуса. Аллах айтат: Шахватынан баш тартып, Мени эстеп жатат, эгер каалса уктайт эле. Үчүнчүсү, бир кербен менен сапар кылса жана алар түнү менен уктабай, кийин уйкуга кетишсе, ал болсо кыйынчылыкта да, кубанычта да саар туруп намаз окуса».** Табароний Кабирде хасан иснад менен риваят кылган.

– Ибн Масъуд ﵁ риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

**«عَجِبَ رَبُّنَا تَعَالَى مِنْ رَجُلَيْنِ: رَجُلٍ ثَارَ عَنْ وِطَائِهِ وَلِحَافِهِ مِنْ بَيْنِ أَهْلِهِ وَحِبِّهِ إِلَى صَلَاتِهِ، فَيَقُولُ اللهُ لِمَلَائِكَتِهِ: اُنْظُرُوا إِلَى عَبْدِي ثَارَ عَنْ فِرَاشِهِ وَوِطَائِهِ مِنْ بَيْنِ حِبِّهِ وَأَهْلِهِ إِلَى صَلَاتِهِ رَغْبَةً فِيمَا عِنْدِي، وَشَفَقًا مِمَّا عِنْدِي، وَرَجُلٍ غَزَا فِي سَبِيلِ اللهِ، فَانْهَزَمَ مَعَ أَصْحَابِهِ، فَعَلِمَ مَا عَلَيْهِ فِي الْاِنْهِزَامِ، وَمَا لَهُ فِي الرُّجُوعِ، فَرَجَعَ حَتَّى يُهْرِيقَ دَمُهُ، فَيَقُولُ اللهُ لِمَلَائِكَتِهِ: اُنْظُرُوا إِلَى عَبْدِي رَجَعَ رَغْبَةً فِيمَا عِنْدِي، وَشَفَقًا مِمَّا عِنْدِي حَتَّى يُهْرِيقَ دَمُهُ»**

**«Роббибиз эки кишиден сүйүнөт: бир киши түндө үй-бүлөсү жана жакшы көргөн аялы арасында жаткан төшөгүн таштап, намаз окуса. Ошондо Аллах Таала айтат: Пендеме кара, жакшы көргөн аялы жана үй-бүлөсү арасындагы төшөгүнөн намазга туруп, Менин алдымдагы нерсени жана шафкатымды каалап жатат. Экинчиси Аллах жолунда жихад кылган жана анын шериктери жеңилген киши, ал жеңилгенде ага эмне зыян болушун жана салгылашка кайтууда эмне файдалуу болушун билип, андан соң салгылашка кайтып жаны үзүлгөн киши. Аллах ал жөнүндө: Пендеме кара, Менин алдымдагы нерсени жана шафкатымды үмүт кылып, кайтты жана ушул жолдо жаны үзүлдү, дейт».** Ахмад риваяты.

– Абдуллах ибн Абу Кайс ﵁ риваят кылат: Аиша ﵂ айтты:

«لَا تَدَعْ قِيَامَ اللَّيْلِ؛ فَإِنَّ رَسُولَ اللَّهِ صلى الله عليه وسلم كَانَ لاَ يَدَعُهُ وَكَانَ إِذَا مَرِضَ أَوْ كَسِلَ، صَلَّى قَاعِدًا»

**«Киямуллайлды таштабагыла, анткени Расулуллах ﷺ аны эч качан таштабаган. Ал киши ооруп жатканда аны отуруп окуган».** Абу Давуд риваяты, Ибн Хузайма сахихинде риваят кылган.

– Аиша رضي الله عنها риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«مَا مِنْ امْرِئٍ تَكُونُ لَهُ صَلاَةٌ بِلَيْلٍ يَغْلِبُهُ عَلَيْهَا نَوْمٌ إِلاَّ كُتِبَ لَهُ أَجْرُ صَلاَتِهِ وَكَانَ نَوْمُهُ عَلَيْهِ صَدَقَةً»

**«Түндө ар дайым намаз окуган киши уйку басып, уктап калса, Аллах Таала ага намазынын көлөмүнчө сооб жазат, уйкусу өзүнө садака болот».** Имам Малик, Абу Давуд жана Насаий риваяты. ❑

## БАСКЫНЧЫ (ИЗРАИЛЬ) ЖАШ БАЛДАРДЫ УУРДАП, АЛАРДЫН ҮСТҮНӨН ТАЖРЫЙБА ӨТКӨРГӨН

Азыркы согушта 40 миңден ашуун фалестиндик шахид болду, 100 миңге жакыны жараланды жана миңдеген балдар дарексиз жоголду. Дайынсыз жоголгон айрым балдарды яхудий аскерлери уурдап кетишкен. Бул кийинчерээк Хан Юнуста өлтүрүлгөн (израилдик) аскердин моюнга алуусунан кийин маалым болду. Ал досуна Газа секторунда фалестиндик бөбөктү уурдаганын айткан. «Балдарды куткаргыла» уюму «Газада дайынсыз жоголгон балдар» деген аталышта чыгарган отчётко ылайык, (Израиль) агрессиясы, уурдоо жана мажбурдуу түрдө колго алуу абалдары натыйжасында Газада болжол менен 21 миң бала дайынсыз жоголгону тастыкталган. Баскынчы (Израиль) балдарды уурдоо, өлтүрүү, эксплуатация кылуу, жада калса алар сыяктуу яхудий болсо да, алардын үстүндө медициналык тажрыйба өткөрүүнүн узун тарыхына ээ. 2016-жылы декабрдын акырында баскынчы бийликке коомчулук жана маалымат каражаттары тарабынан басым болгондон кийин (Израиль) архивдери (Израилде) ямандык (яхудий) балдардын жоголгону тууралуу 210 миң документти өз ичине алган 3500 документтер топтомун жарыялады. Басып алынган аймактарга алардын келгенине жарым кылымдан ашуун убакыт өткөн болсо да, алигече үй-бүлөлөрү алар жөнүндө эч нерсе билишпейт. Бул документтерде бир катар мамлекеттик кызматкерлер бири бирин айыптаганы жана жообгердиктен качканы белгиленген. О.э. перзент көрбөгөн яхудийлердин пайдасына Ямандан келген балдар тынымсыз уурдалганы ачып берилген. Ynet веб-сайтына ылайык, дарыгерлердин жана социалдык хызматтын адамдарынын көзөмөлү астында ямандык балдар дабалануууга мухтаж деген шылтоо менен энелеринен ажыратылып, андан кийин яхудий жана америкалык үй-бүлөлөргө асырап алууга берилген. «Israel Hayom» гезитине ылайык, бул балдардын айрымдары – ямандык (яхудий) балдар Ашкенази (Батыш жана Европа яхудийлери) балдарына караганда «кадыры жок» деген этибарда – баңгизат тажрыйбалары үчүн үлгү катары колдонулган. Текшерүүлөрдүн натыйжасында адам уурдоодо яхудий дин башчысынын аралашкандыгы аныкталган. Оорулуу жаран балдардын «жоголушун» актоо үчүн, айрым учурларда ямандык балдардын ысымдарынын татаалдыгына, медицина хызматкерлери аларды окуу же түшүнүүнүн кыйындыгына байланыштырган. Алар алардан башка эч бири түшүнө албаган алты ысымдан пайдаланышкан. Айрымдардын айтымында, ямандык балдардын дарылануусу аларды алып кетүү үчүн келген үй-бүлөлөрү өз балдарын тааный албастыгына алып келген. Дагы айрымдар маалымдашынча, «ак түстүү Ашкиназилер ямандык балдардын өлгөнүн айтышкан, бирок алар өздөрүнүн балдары жок болгондуктан аларды уурдап кетишкен». Документтер ушуну көрсөттү: «Эйтаним» рухий оорулар ооруканасы бөбөктөрдү кабыл алып, алардын рухий ооруга чалдыгышканын айтышкан. Алар бир нече жыл дабалануу баскычында калтырылып, аларга тажрыйбалар өткөрүлгөн. Бул элүүнчү жылдары, т.а. жаңы келген яхудийлер лагерлеринен ямандык жана балкандык (яхудий) балдар капыстан жоголгон доордо жүз берген.

**Ал-Ваъй:** бул ошол балээ болгон (Израиль). Яхудийлер жалганчы жана Аллахтын каарына учураган коом. Аларда ушундай сыфаттар бар болгону үчүн Аллах Таала аларга Кыямат күнүнө чейин жаман азаб менен азабтай тургандарды жиберишин билдирди… Алар – инсаниятын душманы. Ошондуктан алар бардык калктар тарабынан азаб-укубатка жана куугунтукка учурашкан. Алардын кыйрашы жана инсаниятын алардан кутулушу мусулмандардын колу менен болот. Бул Аллахтын хак убадасы. ❑

## АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЁТ БАСКЫНЧЫНЫН КАМАКТАРЫНДАГЫ ЫРАЙЫМСЫЗ КЫЙНООЛОРДУ АЧЫКТАДЫ

Газа секторунда (Израиль) улантып жаткан геноцид согуш фалестиндиктерди тынымсыз кыйноого салуу кылмышы болгонун дагы эске салды. Бул кыйноолор кылмышкерлердин эркиндигин кепилдеген мыйзамдын коргоосу астында жасалган. Басып алынган аймактардын түштүгүндөгү белгилүү «Сде-Тейман» аскерий базасында болгон кылмыштар ачыкка чыккандан кийин бул кыйноолор жөнүндөгү кеп-сөздөр дагы күчөдү. Баскынчылар согуш башталары менен Газа секторунан 30 км алыс Негев чөлүнүн Беэр-Шева шаары багытында жайгашкан ушул аскерий базаны камакка айлантып, ал жерге Газа секторунда колго алынгандардын көпчүлүгүн, жаш балдарды, өспүрүмдөрдү жана карыларды көчүрүшкөн. Баскынчы аскерлер бул камакта туткундардын укугун орой бузуп, аларды түрдүү кыйноолорго салышканын жана аларды тынымсыз кемсинтишкенин адам укуктары уюмдары жана маалымат каражаттары тастыкташкан. (Израиль) камактарындагы жана лагерлериндеги фалестиндик туткундардын саны 9 623кө жеткен. Алардын 4 781и мыйзамга каршы түрдө сотсуз, айыбы кабардар кылынбастан кармалып турат. Алар өздөрүн коргоо укугуна ээ эмес. Алардын камакка алынган же кармалып турган жайы жөнүндө тийиштүү тараптар жана үй-бүлөлөрү хабардар кылынбаган. (Израиль) адам укуктары уюму «Бецелем» жарыялаган отчётга ылайык, 55 фалестиндик туткун баскынчылардын камагынан азат кылынгандан кийин ал жерде кыйноого, жыныстык зомбулукка, кордоого жана ачка калтырууга учурашканын билдиришкен. «Тозокко кош келиңиздер: (Израиль) камактары кыйноо лагерлерине айланды» деп аталган 90 беттен турган бул отчёт иброний, англис жана араб тилдеринде жарыяланган. Отчётто фалестиндик туткундар 2023-жылдын 7-октябрынан бери кыйноо лагерине айланган камактарда жырткыч шарттарда кармалып турушканы жөнүндө айтылган. Анда айтылышынча, бул камакка кирген ар кандай киши оор жана тынымсыз азаб-кыйноолорго учурайт. Ал жерде ырайымсыздык, жыныстык зомбулук, кемсинтүү, акараттоо, ачка калтыруу, антисанитария, уктатпай кыйноо, ибадат кылууга тыюу салуу, ибадат кылгандарды жазалоо, жалпы жана жеке буюмдарды конфискация кылуу, медициналык хызмат көрсөтүлүшүнө тыюу салуу сыяктуу системалуу жана туруктуу кыйноолор өкүм сүрөт.

**Ал-Ваъй:** муминдердин эң ырайымсыз душманы болгон яхудийлердин мусулмандарга мамилеси мына ушундай. Ал эми мусулмандарга келсек, алардын дини туткундарга ырайым менен мамиле кылууну буйруйт. Биз буга тарыхта күбө болгонбуз жана азыр да күбө болуудабыз. Анткени, өзгөрүүгө дуушар болбогон Ислам Роббаний жана гумандуу дин болуп, анда текчилдикке орун жок. Яхудийлик дини болсо, өзгөртүлгөндөн кийин Аллахтын каарына учурагандардын динине айланды. Ага кирген ар кандай киши тынымсыз азаб-укубаттарга дуушар болот. ❑